Ш. Ж. Назаралиева



# АДЕП 7

Ш. Ж. Назаралиева

# АДЕП

## 7-класс

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

«Инсанат»
Бишкек – 2010

УДК 371.044.3
ББК 74.200.51
Н 55

Рецензенти: *Жоодонбеков Асылбек Асанович*, КББАнын гуманитардык жана социалдык илимдер кафедрасынын ага окутуучусу

**Назаралиева Ш.Ж.**
Н – 55 **Адеп:** Жалпы билим берүүчү мектептердин 7-кл. үчүн окуу китеби. – Б.: «Инсанат», 2010.– 128 б.

ISBN 5-85580-027-X

Бул китепте ар намыстуу эл баатырлары, улуттук өнөр, эл журттун ажырагыс биримдиги, табият менен таттуу мамиледе болуу маалыматтары киргизилди. Суроолор, табышмактар, тесттер берилди.

**Шарттуу белгилер:**

ББК74.200.51

? Суроо жана тапшырмалар

Топто иштөө

Изде, тап, оку

Тапшырма

Накыл нуска сөздөрдөн

ISBN 5-85580-027-X

© Назаралиева Ш.Ж., 2010
© КР Билим берүү жана илим министрлиги
© «Инсанат», 2010

# МАЗМУНУ

[illegible]


1. Намыс жана намыстуулук .... 7
2. Улутттук сыймык жана ар-намыс .... 9
3. Ар-намыстуу эл баатырлары жөнүндө .... 13
4. Намыскөй кыз-келиндер жөнүндө баян .... 21
5. Ата мекендик намыс .... 27
6. Кыргызды Манас сактаган, Манасты кыргыз даңктаган .... 30
7. Намыскөй бала .... 32
8. Кур намыс .... 35
9. Улуттук демократия, идеологиянын өзөгү – ар-намыс ... 37


[illegible]


1. Кыргыз оюмдары жана улуттук кийимдери .... 40
2. «Өнөрүң болсо өргө чап» .... 45
3. Айылда жашаган ат жабдыктарды жасоону үйрөн .... 48
4. Касапчылык – чоң өнөр .... 52
5. Мейман күтүү .... 54
6. Элдик өнөрдү кантип өздөштүрөбүз? .... 56
7. Үй, бээ саап, айран уютуп, кымыз жасаганды билүү .... 61


[illegible]


§ 1. Китеп – билим булагы .... 65
§ 2. Билимге умтулуу – бийиктик .... 70
§ 3. «Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу» .... 72
§ 4. Башка элдерден биз эмнени үйрөнүшүбүз керек? .... 77
§ 5. Өлкөнүн ички жана тышкы биримдиги .... 80
§ 6. Кыргыз элинин достугу .... 84
§ 7. «Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү» .... 86
§ 8. Индивидуалист жана коллективист. .... 89
§ 9. «Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк» .... 94


[illegible]


§ 1. Кыргызстандагы дарыя-суулар .... 99
§ 2. Айылыбыз таза суу менен камсыз болгонбу? .... 101
§ 3. Дары чөптөр – элибиздин баа жеткис байлыгы .... 106
§ 4. Практикалык сабак .... 109
§ 5. Жапайы жаныбарлар .... 111
§ 6. Аба, суу жана от жөнүндө . 117
§ 7. Жер .... 119
§ 8. Мен өз айылымды кантип көрктөндүрөм? .... 122
§ 9. «Табият менен таттуу мамиледе болуу» .... 124
Табышмактардын жооптору .... 128

## КЫМБАТТУУ ОКУУЧУЛАР!

## (автордон)

Бул китептен улуу инсандардын таберик болуп калган кээ бир нуска, насият-осуяттарын окуп үйрөнүү менен өзүбүздү ар-намыстуулукка, алдыбызга ар кандай максатты коё билүүгө, аны сөзсүз аткарууга, бар болгон кыйынчылык, тоскоолдуктарды жеңе билүүгө, кайраттуу болууга, өзүбүздүн эркибиздин күчтүүлүгүн калыптандырууга жетишели. «Эл, ата-энем мен үчүн эмне кылды дебестен, мен элим үчүн, ата-энем үчүн эмне кылдым, дагы эмне кылышым керек?» – деген ой-санаа алгаласын. «Билим алуу – ийне менен кудук казгандай», «Китеп – билим булагы, билим – өмүр чырагы» деп китеп менен дос болсоңор, Кыргыз Ала-Тоо жерибиздин чөптөрү дары, таштары алтын экенин түшүнө билип, аяр мамиле жасап, аларды коргого, өркүндөтүүгө үйрөнсөңөр, каалаган ойду ишке ашыруу силердин колуңарда.

«Эл эмгектен эскерет», – деп улуу инсандарга арналып коюлуп жаткан эстеликтер, жазылып жаткан чыгармалар, берилип жаткан ысымдардын негизги максаты:

1. Эл үчүн эмгеги сиңген ата-бабалардын, эне, эже, агаларыбыздын баатырдык эмгектерин эскерип таазим кылуу;
2. Азыркы адамдарыбыз, өзгөчө жаштарыбыз алардын өмүр жолун, тарыхын окуп үйрөнүп, алардан үлгү, тарбия-таалим алуу;
3. Бүгүнкү муундун адамдарынын келечектеги муундарга калтырган мурасы.

Келечек силердики, ак жол!

# КИРИШҮҮ

Биз 5-класста адеп сабагында «Эл мурасы эскирбейт» деген бөлүмдү окуп, анда үй-бүлөдөгү асыл-нарк «атанын сөзү – акылдын көзү, менин сүйүктүү ата-энем», тууган-урук, андагы ынтымактуулук менен бирдикте адамдагы оң-терс сапаттар, андан өзүбүздөгү кандай кемчиликтерден арылуу керектигин аныктап билип, «жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста» – элдик накылдын чындыгын далилдегенбиз.

Ал эми 6-класста жаран жана Ата-журт жөнүндө окуп, мекенибиз Кыргызстанды, андагы ата-бабалар аяр мамиле жасап, ыйык туткан Атабейит, Манастын күмбөзү, Бурана, Сулайман-Тоо, Өзгөн, Ташрабад, Таштар-Ата, жер, суу аттары, «туулган жердин топурагы алтын», «ата-журтум ыйык турагым» экенин; ата-тегибизди билүү менен кыска болсо да элибиздин басып өткөн тарыхын окуп үйрөндүк. Адамдагы бар болгон: иштемкорлук, мээнеткечтик, кичи пейилдик, сылыктык, сөз көтөрүмдүүлүк, жөнөкөйлүк сапаттар менен бирге жосунсуз: өзүмчүлдүк, жалкоолук, кекчилдик, кошоматчылык, чагымчылдык мүнөздөрдүн бар экени, андан арылуунун зарылдыгын түшүнүү менен өз жан дүйнөбүзгө асыл сапаттарды кабыл алып, аны үйрөнгөнгө аракеттендик. Дагы улуттук каада-салтыбызды «эне – үйдүн куту», ата мекенибизди чындоо, аны көздүн карегиндей сактоонун керектигин билдик.

Ал эми 7-класста ошол «Мурас» курсун улантуу менен АТУУЛ жана АР-НАМЫС бөлүмүн окуйбуз, ал үчүн 5–6-класстарда өтүлгөн материалдарды кайталап, эске түшүрүү менен адептик-ыймандык, руханий интеллектуалдык жетилүүбүздү өстүрүү, калыптандыруу менен мураскер катары ата-баба дөөлөттөрүн өркүндөтүп, сактоо парзыбыз экенин билели.

# АТУУЛ ЖАНА АР-НАМЫС

## (9 саат)

§ 1. Намыс жана намыстуулук жөнүндө.
§ 2. Улуттук сыймык жана ар-намыс.
§ 3. Ар-намыстуу эл баатырлары жөнүндө.
§ 4. Намыскөй кыз-келиндер.
§ 5. Намыс деген улуу журт.
§ 6. Кыргызды Манас сактаган.
§ 7. Намыскөй бала.
§ 8. Кур намыс (талкуу сабагы).
§ 9. Улуттук демократия, идеологиянын өзөгү – ар-намыс (мугалимдин ыктыярдуу сааты).

**Бул главаны окуп, сен биле аласың:**

- намыс, намыстын түрлөрү: жеке, үй-бүлөлүк, улуттук, ата мекендик намыс;
- улуттук идеология, демократиянын өзөгү – намыс, намыстуулук экенин;
- эл коргогон эл баатырларынын сапаттары, тарыхы жөнүндө;
- ар-намыстуу энелер, кыздардын эмгектери;
- сен өзүңдөгү кайсы сапаттарды ар-намыстуулукка кошо аласың?
- өзүңө эмнелерди кабыл ала алдың, жан дүйнөңө кандай оң сапаттарды калыптандырдың?

## § 1. Намыс жана намыстуулук

**Бул теманы сен окуп биле аласың:**

– намыстуулук, эр жүрөк кайраттуулук, чечкиндүүлүк;
– бирөөлөргө көз каранды болбоо;
– чыгаан адамдардын сапатынан үлгү алып, аны жан дүйнөдө калыптандыруу.

«Намыс деген – улуу журт».
«Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт».
«Ариет менен намысты алган жигит жакшы экен».

**Эстегилечи:**

– Намыс, уят, абийирдүүлүк жөнүндө эмнени билесиңер?
– Күнүмдүк турмуштагы адамдардын жүрүм-турумунан мисал келтир.
– Элдик акылмандыктын үлгүлөрүнөн, мурас насыяттардан билгендериңерден айтып бергиле.
– Эр жүрөк намыстуулуктун бирөөлөргө көз каранды болушун каалайсыңарбы?
– Үй-бүлөдөгү намыстуулук кандай?

**Билдирүү:**

Ар-намыс деген эмне? Намыс – адамдын жүрүш-турушун, турпатын баалай турган маанилүү касиет. Бул абийир, уят деген түшүнүктөргө жакын. Кимдин ар-намысы кандай экенин эл баалайт. Ар-намыстуу адам – эл барктаган, урматтап сыйлаган адам. Ал эми ар-намыс дегенибиз – ошол адамды урмат сыйга ээ кылган касиети, сапаты. Биздин күнүмдүк турмушубузда деле: «Бул ар-намыстуу бала, кыз экен», – деп да айтып калабыз. Ар бир жаран ар-намыстуу болууга тийиш. Керт баштын мүдөөсүнөн коомдук мүдөөнү жогору коё билүү ар-намыстуулуктун мыкты көрүнүшү. Ага ээ болуш үчүн ар бир адам абийирдүү, ыймандуу, уяттуу, жоопкерчиликтүү жана ошондой эле өз элинин бейпилдүүлүгүн коргоого даяр уул-кыздардан болуусу керек. Албетте өз мамлекетинин мыйзамдарын да так аткарууга тийиш.

**Намыстын кандай түрлөрүн билесиң?**

Жеке намыстуу окуучулар Айбек менен Айдай: «Мен эмне үчүн Асандай окуунун отличниги боло албайм? Спорттун түрлөрүнө катышып, чемпион спортсмен боло албайм? Дилбардай музыкалык аспаптарда ойноону үйрөнүп, ырчы-бийчи боло албайм? Сталбектей техникалык кружокторго катышып, келечекте радио, авиа, кеме куруучулардан болууга умтулбайм? Адабиятты көп окуп, акын, жазуучулардан үлгү алып, келечекте Алыкул Осмонов атабыздай акын болууга умтулбайбыз?» – деп жалпы окуучуларга чакырык менен кайрылышат. Аны аткарууга умтулушат.




**Үй-бүлөлүк намыс.**

«Аял – үйдүн куту, эркек – элдин туткасы» демекчи, үй-бүлөдөгү «Улууга урмат, кичүүгө ызат» мамилесин түзүү менен ички руханий байлыкты таза, терең калыптандыруу. «Көйнөктүн кири жууса кетет, көңүлдүн кири кантkенде кетет?» деген насаат нускаларды эске алуу менен аталар балдардын, тууган-туушкандар ортосунда данакер болуп, алгачкы тарбия очогу үй-бүлөдөн, энеден башталышын эсте тутуп, «Кеңешип кескен бармак оорубайт» деп, сарамжалдуулук менен «Эне – үйдүн куту» деген улуу сыймыкка татыктуу болуш ар бир үй-бүлө намысынын негизин түзүп, аны коргойт. Элибизде мындай үлгү болорлук үй-бүлөлөр жетишерлик.

**Менин сунушум.**

Оо, адамдар, энелерди сыйлайлы,
Энекем деп даңазалап ырдайлы.
Оорутпайлы энелердин жүрөгүн,
Энелерге кыянаттык кылбайлы.

Ата-апа мээнетиңди билемин,
Аны билип, көп ойлонуп жүрөмүн.

Канткенде мен кадырына жетем деп,
Таазим кылып сиздерге баш иемин.

? Суроо жана тапшырмалар:

1. Намыс жана намыстуулук деген эмне?
2. Намыскөй адамдын сапаттарын, касиеттерин чагылдырып дил баян жазгыла.
3. Намыскөй үй-бүлөдөн мисалдар келтирип, дилбаян жазып келгиле.

## § 2. Улуттук сыймык жана ар-намыс

**Бул теманы окуп сен биле аласың:**

– ар бир улуттун эне тили өзүнө ыйык, аны аздектеп бийик тутуу бардык атуулдардын милдети;

– эне тил – биздин руханий дөөлөттөрүбүздүн эң башкысы экендигин;

– сөздүн, эне тилдин кадыр-баркын, ордун биле аласың. Ата-журтсуз, эне тилсиз жашоо жок.

**Эстегилечи:**

– Эне тилди канчалык деңгээлде билебиз?
– Улуттук сөз өнөрүн кандай өнүктүрүү керек?
– Каада-салтты сактап, билип, пайдаланып жатабызбы?
– Улуттук сыймык, дөөлөттөрдүн кандай көрүнүштөрүнөн билесиңер?

**Билдирүү:**

Отко салсаң, чокко салсаң күйбөгөн,
Жоголгон жок, кеткени жок дүйнөдөн.
Эне тилим нечен кылым карыткан,
Ушул тилде бабам Манас сүйлөгөн.

*(Д. Юсупов)*

«Эне тилин билбеген эси жогун аныктайт»,
«Эне тилин сүйбөгөн элин сүйүп жарытпайт».

*(Б. Сарногоев)*

Ар бир улут өз эне тили менен сыймыктанат, эч качан өз эне тилибизди унутпашыбыз керек. Эгер мекенибизде жа-

шап туруп, өз эне тилибизде сүйлөбөсөк, анда мекенибизди сыйлабагандык, сүйбөгөндүк болуп эсептелет.

Улут өзгөчөлүктөрүн туура сактоо, өзүнүн улуттук каада-салттарын, тилин, өнөрүн, рух-маданиятын сыйлоо, кадырлоо идеялары үчүн күрөш. *«Эне тилим-эне сүтүм»* деген – улуттук ар-намыстын терең белгиси.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү мыйзамдын «Билим, илим жана маданият чөйрөсүндө мамлекеттик тилди пайдалануу» деп аталган 5-главасынын 8-статьясында: «Жалпы билим берүүчү мекемелерде (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда) мамлекеттик эне тил боюнча жазуу жүзүндө класстан класска көчүрүү, бүтүрүү, ал эми кесиптик башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларында кирүү жана бүтүрүү экзамендери милдеттүү түрүндө киргизилет», – деп жазылган.

## ЭНЕ ТИЛИБИЗДИ БИЛҮҮ – БААРЫБЫЗДЫН ПАРЗЫБЫЗ

Эне тилибизди так, таза, нукура билүү ар бир кыргыздын ыйык парзы. Анын эки ыйык сөздөн турганын эске алсак түшүнүктүү болот. Эне – адамдын ыйыгы, үй-бүлө куту, үйү, өлөң төшөгү, мекени деп айтылганы бекер эмес. Энени ааламды баккан жерге теңегени да жөн. Демек, дүйнөдө эч жандын энеге тендеши жогу ырас. Эне тилибиз ар түркүн таасирлер менен өөрчүп-өнүккөн байыркы бай тилдердин бири. Өзүнө таандык ыкмасы менен баалуу. Ансыз бүткүл ааламды дүңгүрөткөн «Манас» эпосу менен таанылмак эмеспиз. Кыргызстан эгемендүү өлкө болгонуна, эне тилибиз мамлекеттик тили кызматын аткарганына улут, жаран катары сыймыктанып жүрөбүз. Ар кандай деңгээлдеги иш-чаралар эне тилибизде өтүшү, кыргыз такай өз тилинде сүйлөшү мыйзамченемдүү.

**Аныктама:**

Улуттук ар-намыс көп тилдүүлүктү билүүдөн четте калуу дегендик эмес. Тескерисинче, өз эне тилинди терен өздөштүрүп, бир нече чет тилдерди билүү азыркы учурдун талабы. Канча көп тил билсең, ошончо утасын.

**Эне тил жөнүндөгү ырларды эстегиле:**

Кыргыз тили – эне тили кыргыздын,
Эне сүтү менен сиңген канына.
Өз тилиңди билсең гана кыргызсың
Кыргызбайым келсең боло намыстанып, арына.

*(Ы. Кадыров)*

Бирге жүрөм, эне тилим кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,
Эне тилим сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

*(А. Осмонов)*

Коргобосок унутулат күн өтпөй,
Тил дегениң кудум жандуу сүрөттөй.
Эне тилим – менин бакты-таалайым,
Эне тилим – кагып турган жүрөктөй.

*(Д. Юсупов)*

Илим менен билимге көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлотот, башын алат.

*(Ж. Баласагын)*

**Талдоо:**

Эне тилди сүйүү – ар бирибиздин адамдык парзыбыз. Эне тилибиз кан-жаныбыз менен кошо бүткөн, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштырылгыс ыйык дөөлөтүбүз, сыймыгыбыз. Кыргыз тили – өз алдынча экенибиздин эң орчундуу белгиси. Эне тилди сүйүү, урматтоо, ыйык тутуу – эгемендүү республикабыздын ар бир жаранынын адептик, ыймандык, жүрүм-турумунун башкы көрүнүштөрүнүн бири болууга тийиш.

**Аныктама**

Улуттук ар-намысын бийик кармаган патриот, жалпы адамзаттык адептик, ыймандык нарктарды өздөштүргөн, илим-билимге сугарылган толеранттуу, жүрүм-турум мами-

леде жашай билген адам Ала-Тоо журтубуздун татыктуу жана сыймыктуу инсаны боло алат.

**Накыл нуска сөздөрдөн:**

«Сылык тил – өмүр дарагы, кайсар тил – рухтун азабы».
«Тил – акыйкаттын ачкычы, тил – акыл таразасы».
«Тил чебери – чечендик».
«Тил муунсуз, ой түпсүз».

«Тилден уу да тамат, бал да тамат» деген макал биздин тилибиздин канчалык бай экендигин, сөздүн терең маанилүүлүгүн көрсөтүп турат.

## ЭНЕ ТИЛИМ – ЭНЕ СҮТҮМ

**21-февраль** – эл аралык «Эне тил күнү».
**23-сентябрь** – мамлекеттик «Эне тил күнү».

Дүйнө элдеринин тилдеринин азыркы абалына тынчсызданган эл аралык ЮНЕСКО уюму 21-февралды Эл аралык «Эне тил күнү» деп кабыл алды. Бүткүл дүйнө жүзүндө канча эл, канча тил жашайт? – деген суроого 50гө жакын тилде эркин сүйлөгөн лингвист-окумуштуу австралиялык венгер Стефено Ворму дүйнөлүк тил атласын түзүп, кайсы тилдер жакынкы убакта жоголуп кетүү коркунучунда деген суроого жооп издеген. Маалыматтарга караганда Европада 50гө жакын тил жок болуп кетүү коркунучунда. Батыш жана Түштүк Сибирдеги жергиликтүү тилдердин көпчүлүгү: финн-угор, түрк, самоед, тунгуз-манчжурия, ошондой эле Кавказда жергиликтүү тилдерден Дагестан жана Грузиядагы тилдер жок болуу коркунучунда. Ар бир эл өзүнүн тилин өзү сактап калуусун жактайт жана көп тилдүүлүктү колдойт. Коомдун биримдигин, байланышын чыңдоочу тилдердин жана маданияттын ар түрдүүлүгү дүйнөлүк байлык болуп саналат. ЮНЕСКОнун өзү эл аралык уюм болгондуктан, ар бир элдин тарыхы, каада-салты, адабият-маданияты эне тили аркылуу сакталып, өсүп-өнүгүп байыганын колдойт. Бир элдин эне тили аркылуу экинчи, үчүнчү ж.б. көп тилдүүлүк бүгүнкү күндүн башкы талаптарынын бири. Адистердин пикири боюнча бир элдин жаш жеткинчек балдарынын 30 пайыздан ашыгы эне тилинде сүйлөбөсө, мындай тил жок болуп кетүү коркунучунда,

1 млн кем эмес адам сүйлөп турган тил өлбөйт экен. Анда кыргыздын тили өлбөйт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамы менен Жогорку Кенештин сессиясында 1989-жылы 23-сентябрь «Эне тил күнү» деп кабыл алынган.

? Суроо жана тапшырмалар.

1. Улуттук сыймыктын жана ар-намыстын көрүнүштөрү кайсылар?
2. Улуттук тилди сактоодо, каада-салтты өнүктүрүүдө сенин кошкон салымың кандай?
3. Эне тилдин өсүп-өнүгүшүнө сенин оюң жана сунушуң.
4. Көп тилдүүлүк жөнүндө оюң кандай? Сунуш пикириңди көрсөтүп реферат жаз.

## § 3. Ар-намыстуу эл баатырлары жөнүндө

**Бул теманы окуп сен биле аласың:**

– эл коргогон баатыр аталарыбыз жөнүндөгү тарыхый кыска билдирүүлөрдү;

– өзгөчө баатыр аталарыбыздын ар-намыстуулугун, кайратман, күчтүү, эр жүрөк, чечкиндүүлүк, жоопкерчилик мүнөздөрүн;

– алардан үлгү алып, бар болгон асыл сапаттарды өзүңөргө калыптандырасыңар.

**Эстегилечи:**

– Тарыхта эл коргогон байыркы баатырлардан кимдерди, алардын кандай адамдык сапаттарын айта аласыңар?

– Ата мекендик согуштагы баатырлар жөнүндө.

– Баткен жана Ооган баатырлары жөнүндө.

– Бүгүн элин көтөргөн эр-азаматтарды, алардын эмгегин билесиңерби?

«Энем мени тогуз ай көтөрүп, элим үчүн төрөгөн»

*(Барс-Бек)*

**Ата мурас.** Кыргыз элинин салтында эзелтеден муундан-муунга уланып келе жаткан жоокерлик, мекенчилдик адат, тарыхта муундан-муунга, атадан-балага өтүп келе жатат. Байыркы Эне-Сайдагы кыргыз мамлекетинин түп-



(680–711)

төлүшү Барс-Бек кагандын ысымы менен түздөн-түз байланыштуу. Барс-Бектин ысымы байыркы рун жазмаларында да жазылып калган. Барс-Бек Умай эне өзү колдогон, өзү коргогон кыргыз укум-тукумунан, династиясынан чыккан.

Барс-Бек кичинекей кезинде атасынан айрылып, өзүнүн акылкөйлүгүнөн, сергектигинен, каармандыгынан эл оозуна алынып, Эне-Сайдагы кыргыз мамлекетинин биринчи каганы болгон. Барс-Бек каганды көрө албаган тектеш уруулардын колбашчылары аны чоң күч менен капысынан 711-жылы ордосу менен жок кылышкан. Калк кадырлап, Барс-Бектин бейит башына моло таш орнотуп, ага арналган эскерүү сөздөрүн жаздырышкан.

«Мен бул жерде өсүп чоңойдум,
Душмандар менен кармаштым.
Мен жеримди калтырып кетким келбейт
Оо, Барс, бизди таштап кетпечи,
Биз бирге душмандарды жеңебиз...» деген ыр жазылып калган.

ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮЛӨРДӨН:

Туура чечип иш кылган,
Тунугу экен акылдын.
Батынбас ишке баш урган,
Баатыры экен баатырдын.
Каары күчтүү Бердике,
Душмандын берген катыгын, – деп ырга салган атактуу **Бердике** баатыр 1721-жылы көргөндүн көз жоосун алган Бешташ жергесинде туулган. Элбизде – *«атадан үч уул туулат, биринчиси атага тең уул, экинчиси атадан кем уул, ал эми үчүнчүсү атадан аша туулган уул»* деген кеп бар эмеспи. Бердике бабабыздын атасы ар дайым «Атадан артык туулган уулум бар», – деп айтып жүргөнү биздин күндөргө чейин жетип олтурат.

«Эр достугу эгиз, эл достугу дениз» демекчи, Бердике менен Атаке жаш кезинен бири-бирине жакын өсүшөт. Экөө

ал кезде тиш кагып калган эр Солтонойдон согуш ыкмалары боюнча таалим-тарбия алышкан. «Тирүү болсок бир дөбөдө, өлүү болсок бир чункурда бололу»,– деп достошуп, эл алдында кыргыз жерин калмактардан бошотууга касам ичип, ант беришкен.



**Атаке баатыр.** Тынай бий уулу Атаке XVIII кылымдын 2-жарымында жашаган. Чүй өрөөнүндөгү Сарбагыш уруусунун өкүлү. Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыздарды башкарган. Орус тарыхый булактарында «Князь» деп аталган. Атаке баатырдын Россия бийлигине жазган (араб алфавитинде) эки катынын түп нускасы Омск облустук мамлекеттик архивинде сакталып турат. Каттардын арткы бетинде Атакенин жеке мөөрү басылган. Атакенин баласы – Карабек, Карабектен Жантай, Жантайдан Шабдан. Кийинчерээк кыргыздар Россиянын курамына бириктирилгенден кийин Атаке баатырдын укум-тукуму Атаке болуштугун түзүшкөн. Атаке баатыр болжолдуу 1738-жылы туулган, өлгөн жылы белгисиз.

**Шабдан баатыр.** Шабдан Жантай уулу өз мезгилинин кеменгер эл башчысы болгон, элдин ынтымагы деп жан үрөп кызмат кылган. Бей-бечараларга кайрымдуу, кең пейил, патриот адам эле. Байлык топтоого, атак-даңкка умтулбаган, жаңы медресе ачтырган Шабдан баатырды эл даңазалашкан. XIX–XX кылымда жашаган өз замандаштарынан даанышмандыгы менен айырмаланган. Шабдан баатыр кыргыз калкын биримдикте, ынтымакта жашоого, орус эли менен байланышты үзбөй, күчтүү мамлекет түзүүгө умтулган. 1876-жылы орус падышачылыгынын армиясы тарабынан туткунга алынган «Алай канышасы» Курманжан датканы бошотуп алууда анын эмгеги зор болгон.



**Талдап аныкта:**

Баатырлардын адамдык сапаттарын: акылынын тунуктугу, көрөгөч көсөмдүк, кайратман эрдиги, эл-журтту сүйүп, бириктирип, ынтымакташтырган, бей-бечараларга кайрымдуу, боорукерлиги ж.б. мүнөздөрүн өзгөчөлөп өзүңөргө калыптандыргыла.

**Эсиңе тут (тарых барактарынан)**

Кытайдын VII кылымдагы кабарына караганда кыргыздар согушта өтө чыдамдуу, эң артыкча чыдамдуу болгон. Кыргыздын адети эч убакта жабдыгынан ажырабаган: көөрчөлөнгөн, кайыштан куру болуп, ага бычагы менен бүлөөсүн тагына жүргөн. Кышында тебетей кийип, жайында төбөсү учтуу ак калпак кийген.

*(Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» аттуу китебинен)*

**«...Көсөмдүгүңүз башкача, акылмандыгыңыз ашыкча, ары баатыр, ары иш билги экенсиз...»**

*(Кытай императорунун кыргыз каганына жазган катынан, б.з. 843-ж.)*

**Ачылыш жаса:**

**Изде, аныкта, тап, жыйна.**

1. Сен жашаган жерде баатырлардан барбы? Алар жөнүндө эмне айта аласың? Изилдөө жүргүздүңбү?

2. Айылыңда, шаарыңда улуу инсандарга арналган эстеликтер, көчөлөр, мекемелер барбы? Сен кандай салым кошуудасың?

**Ата мекен согуш баатырларын эскерели:**

«Өлгөндөр данкталбай,
Тирүүлөр макталбайт».

«Курман болгондорго энкейген адам –
бардыгынан бийик».

*(Эл казынасынан)*

Кыргызстандын байыркы элдеринин эстеликтери, согушта курман болгон жоокерлерге тургузулган эстеликтер – элибиздин баа жеткис кенчи. Ал эстеликтер өзгөчө жаштарды тарбиялоонун кубаттуу булагы. Мисалы, Бишкекте-

ги Панфиловдун, Сокулуктагы Д. Шопоковдун, Россиянын Воронеж шаарындагы Ч. Түлөбердиевдин, Ата мекендик согуштун катышуучуларынын бюсттары коюлган баатырлар аллеясы – өткөн согуш солдаттары менен азыркы жоокерлердин ажырагыс байланышын символдоштуруп турат.

**Мага, сага өрнөк!**

«Силер Мекен алдындагы өз милдетиңерди ар-намыстуу аткардыңар! Силер биз үчүн дайыма эрдиктин, ар-намыстын, тайманбастыктын өрнөгү болуп каласыңар!»

**Өзүң ачылыш жаса:**

Биз мектеп окуучулары «маданий мурастар – биздин байлыгыбыз», «өз өлкөңдү сүйө жана үйрөнө бил» деген темада ар түрлүү иштерди жүргүзүү, эстеликтерди коргоо, көрктөндүрүү, тарыхый мурастарды жыйноо, улуу инсандарды эскерүү, аларга таазим кылып гүл коюу, митингдерди уюштуруп өткөрөбүз.

ТААЗИМ

Курман болуп эл үчүн,
Ак кепиндеп көмүлбөй,
Топуракты жазданып,
Сөөгү калган көмүлбөй
Бабаларын эскерип,
Эстелик коюп жерине,
Элинин алып батасын,

Урпакка мурас калтырган,
Азаматтар көбөйсүн.
Кылымдардан кылымга,
Эли үчүн кеткен эрлерге,
Тизе бүгүп ийилип,
Таазим кылат балдарын.

*(Жума кызы Шапы)*



**Эскерүү китеби:**

Курман болгон жоокерлерге эскерүү китебин түзүүнүн жана басмадан басып чыгаруунун башатында кыргыз элинин данктуу уулу, Кыргыз Республикасынын биринчи генералы, Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусу С. Самсалиев турган. Ал китепте 1941–1945-жылдары Кыргыз Республикасынын Фрунзе шаардык аскер комиссариаты тарабынан аскерге чакырылып, согушка катышкан жана Улуу Ата мекендик согуштун майданында курман болгондордун эрдиктери жөнүндө баяндалган.

С. Самсалиев биздин мекендештерибиздин эсинде жана баарыдан мурда республикабыздын жаш муундарынын жүрөгүндө өлбөс-өчпөс из калтырып кетти.

Кыргызстандык жигиттердин Ооганстанда интернационалдык милдетин аткаруудагы көрсөткөн теңдешсиз эрдиктери, Баткен баатырларынын элин коргогондугу, бүткүл адамзаттын эсинен эч качан чыкпайт. Ал нукура элдик тарбиянын негизи.

## ООГАНСТАНДАГЫ БААТЫРДЫК

Жумгалда Аблас атындагы мектеп бар. Кандуу Ооган согушунун аяктаганына 15 жылдан ашты. 10 жылга созулган бул согушта Советтер Союзунун аймагынан 14 453 адам курман болгон. Бул кан майданга Кыргызстандан 7 000ден ашуун жоокер катышкан. Анын 300гө жакыны туулган жерине кайтып келишпеди. Сулайманов Аблас ошол набыт болгондордун бири. Ал 56 жолу согуш операциясына катышып, 1982-жылдын 20-августунда кужурмөн тапшырма алып, экипажды душмандардын курчоосунан алып өтүп, өзү ошол күнү баатырларча курман болгон. Аблас Султан уулу ошондо 19 гана жашта эле.

Ок тешип көөдөндөгү сагынычын,
Кеткендир кимдергедир таарынычың.
«Кулунум аман барып, аман кел» – деп,
Энеңдин ала кеттиң жалынычын.
Жардамга деп жарак берсек болбойбу,
Ачкага деп тамак берсек болбойбу.

Адам бербей баа жетпеген куну жок,
Алтын акча санап берсек болбойбу?

*(Гүлмайрам Момунова)*

## БАТКЕНДЕГИ БААТЫРДЫК

Эл аралык терроризмге каршы күрөштө жоокерлерибиз, Баткен жергеси жана баткендиктер чыныгы эрдиктин үлгүсүн көрсөтүштү. «Эрдик» медалына ээ болгондордун арасында Баткен районунун Карабак айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары Тажидин Тайлаков, Каратейит айылын коргоодогу каармандыгы үчүн милициянын ага лейтенанты Шахабидин Молложанов, Сырт айылын коргоодогу эр жүрөктүүлүгү үчүн катардагы жоокерлер: Мелис Төрөбеков жана Расул Рахматуллаев бар. Канчалаган баткендиктер жоонун жүзүн тике карап, тайманбастыктын, мекенди сүйүүнүн үлгүсүн көрсөтүштү. Мындай биримдүү элди эч бир душман жеңе албасын Баткен окуясы дагы да далилдеди.

**Билип ал:**

«Жатып өлгөнчө атып өл».

«Баланы бак, жоону чап».

«Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт».

«Жакшы уул элине баш болот,
Жаман уул элине кас болот».

«Элден безген эр эмес,
Жоодон качкан шер эмес».

**Бул окуяларды талда, салыштыр, жыйынтык чыгар, үлгү ал.**

## ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ СӨЗ АЛАТ

**«Нарынгидроэнергокурулуш» АКсынын төмөнкү Нарын филиалынын комплекстүү бригадасынын бригадири Акбаралы Кабаев:**

– Мен отуз жылдан ашыгыраак мурда алгач ишке киргенимде, бригадир, ширетүүчүлөрдөн тартып тресттин, каскаддын адистерине, башкы директорлоруна чейин башка



улуттун өкүлдөрүнөн боло турган. Мен- де гана эмес, чогуу иштешкен башка кыргыз жаштарында да «Биздин бу- лардан эмнебиз кем? Алар жасаганды биз да аткарсак болбойбу?» – деген атаандашуу сезими, намыстануу пайда болчу. Союз таркап башка улуттун өкүлдөрү массалык түрдө кете башта- ганда гидроэлектрстанцияларды куруу гана эмес, аларды ондоп, ремонттоп иш- тетүү, техникалык жактан тейлөө да кыргыз адистеринин мойнуна түштү. Айрымдар анда «Мыкты адистер кетип калды, эми ГЭС- тердин эртенки тагдыры эмне болот?» – деп санааркашса, азыр кудайга шүгүр эгемендүүлүк жылдарынан бери ГЭС- терди кадимкидей тейлеп, иштетип, каражаттын жетишин- че жаңыларын да куруп жатабыз», – дейт.

Ошол эле бөлүмдүн бригадири **Курманбек Арыков:**

– Эгемендүү республикабыздын акыркы убакта экономи- калык-социалдык жактан өсүп-өнүгүшүн гидроэнерготар- максыз элестетүү кыйын. Кыйынчылыктарга карабастан Таш- Көмүр ГЭСин куруп бүткөрүп, Шамалды-Сай ГЭСин толук кубаттуулукка жеткирдик. Азыр болсо «Камбар-Ата-2» ГЭСинин курулушу улантылууда. Ошондой эле өткөн мез- гилде республикабыздын калкын электр энергиясы менен камсыз кылууда өзгөчө үзгүлтүк да болгон жок, – дейт.

**Кыргыз Республикасынын баатыры Тургунбай Сады- ков:**

– Менин Ата-журтум – Ала-Тоом, Кыргызстаным, ал эми Баткен, Лейлек жергеси менин кичи мекеним. Ошол Баткен аймагынан чыккан Исхак Раззаков, Төрөбай Кула- товго окшогон тарыхый инсандардын айкелдерин жасап бе- рейин деп жатам.

Улуттук маданиятыбыздын бир бутагы болгон Көркөм Сүрөт Академиясы «Манас» эпосунан башталган рухий бай- лыгыбыздын кылымдарды карытып келе жаткан жолунда кыргыздын талант-чолпондорун тарбиялап чыгара бермек- чибиз, – дейт.

**Аныктама:**

Эр Манастан келе жаткан улуу салт,
Жакшы адамдар эң биринчи эл багат.
Кандай гана кыйынчылык болсо да,
Калкы үчүн жанын сабап, жол табат.

*(Г. Абдимиталипова)*

**? Ой, пикир, сунуш, тапшырма:**

1. Баатыр ата, агалардын кандай касиеттеринен өзүңөргө кандай үлгү алууну чечтиңер? Ал үчүн силердин мектебиңерде «Кызыл изкубарлар», «Табылгалар» ж.б. бирикмелерди уюштуруп, салым кошууну каалагандар барбы?
2. Улуу инсандардын, баатырлардын тарыхын чагылдырган музейлерге, эрдик бөлмөлөрүнө кандай кошумча кошуп жатасыңар?
3. Жыйнаган материалдарыңарды, түзгөн реферат, дил баяныңарды даярдап тапшыргыла.

**Убада:**

*Ата-бабалардын үлгүсүндө ар-намыстуулукка, эрдикке тарбияланабыз.*

## § 4. Намыскөй кыз-келиндер жөнүндө баян

**Бул теманы окуп, силер биле аласыңар:**

– байыркы акылман энелерибиз, алардын эмгеги жөнүндө;
– энелердин эмгекчилдигин, мээнеткечтигин, мээримдүүлүгүн, кайратман намыстуулугун, абийирдүүлүгүн үйрөнөсүңөр;
– бүгүнкү ар-намыстуу кыздарыбыз жөнүндө.

**Эстегилечи:**

– Каныкей энеден баштап, Айчүрөк, Жаңыл Мырза, Курманжан Датка, Уркуя; эмгектин баатырлары Зууракан, Керимбүбү, Өлмөскан, Телегей энелердин намыскөйлүк үлгүсүн.

– Бүгүнкү үлгүлүү эне-эжелерибизден, кыздардан кимдерди билесиңер? Алардын аттарын атап, эмгектерин эскергиле.

**Түшүнгүлө, баалагыла:**

Эне – бул сени жараткан адам, эң баарынан кымбат, сени ар качан ойлойт. Эне, аял кайсыл жерде болбосун жогору бааланып, ошол эле учурда ага оор түйшүк, чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. Эне сулуулуктун, назиктиктин гана ээси эмес, ыймандык, инсандык, эң жогорку сапаттардын алып жүрүүчүсү. «Акылы дайра, колу уз» – Каныкей, аруу сезим, акылман – Айчүрөк, баатырлыгы эркектен кем эмес – Кыз Сайкал, Жаныл Мырза, кеменгер саясатчы Курманжан Датка апабыздын көчүн улаган – Уркуя Салиева, эмгектин баатырлары – Зууракан, Телегей энелерибиз.

Түбү түптүү, салттуу, нарктуу байыркы кыргыз элибиздин жашоо шартында аялдарга өзүнчө орун, өзгөчө урматсый тиешелүү. Башынан эле биздин эл: Умай-Эне, Мээрман апа, ыймандуу келин, жароокер кыз, «Кыздын кырк чачы улуу», деп өтө урматташкан.

Бир кезде буруксуган гүл эленер,
Бир кезде кулак сүйгөн күү эленер.
Аздектеп ай жамалдуу бала эмизип,
Энелер! Ак үйдүн күйүп турган шамысыңар, – деп

даңктайбыз.

**ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮЛӨР:**



(1811–1907)

**Курманжан Датка.**

Замандар өткөн далай кылымдарда,
Энелер элди бийлеп, элди ойлогон.
Көз жашты жутуп кан аралаш,
Курманжан Алайдын ханышасы,
Өз элинин жашоосуна тирек болгон.

Курманжан Датка 1811-жылы туулган. Курманжан бул тарых өзү таамай таап чыккан элдик ишмер, калктын акылман башкаруучусу, улуу эне. Курманжан кыргыз жана Орто Азия элдеринин, падышалык Россиянын тарыхында «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү. Курманжан «Датка» деген наамды кыр-

гыз аялдарынан гана эмес, жалпы чыгышта биринчи болуп алган. Көп жылдар бою Алымбек Датканын таасирдүү кеңешчиси, жардамчысы жана насаатчысы болгон. 1862-жылы Кокон хан сарайындагы козголончулар тарабынан Алымбек Датка өлтүрүлгөндөн кийин, Курманжан Датка Алайды толук башкарып турган. 1895-жылы Курманжан Датка элдин тынчтыгы үчүн кичүү уулу Камчыбекти жашоонун кансыз жолун ачуу үчүн өлүм жазасына буйрууга макул болгон.

Калкыңды калкалап канатыңа,
Турдуңуз, акыл чайкап, катаал кезде.
Максатың, эки элди кагыштырбай,
Жашоонун кансыз жолун ачуу эле.
Атагың ханыша эне кылымдарда,
Айтылып, дастаның жыйындарда...

Датка эненин айткандарынан: «Адамдын күзгүсү – адам, анткени өзүңдүн мыкты жана кемчил жактарыңды башка адамдар аркылуу гана көрөсүң, туясың». Алай ханышасы Курманжан датка 1907-жылы 1-февралда 97 жаш курагында көз жумган.

**Уркуя Салиева**. Уркуя Ноокат районундагы Меркит-Мүркүт айыл кеңешинин төрайымы – 1929-жылдарында өз районунда алгачкы болуп «Кызыл-Аскер» колхозун уюштурууда талыкпаган эмгек көрсөткөн. Ал доорлор жана кылымдар тереңинен келаткан аялдар теңсиздигине тартынбай каршылык көрсөткөн чечкиндүү улуттук лидерлерибиздин бири болгон. Уркуя 1934-жылдын 4-февралында тап душмандарынын колунан трагедиялуу ажалга 24 жашында кабылган. Уркуя Салиева жөнүндө Н. Байтемировдун «Тарых эстелиги» деген романы жазылып, Т. Океев тарабынан «Уркуя» көркөм фильми тартылган. Фильмде Уркуянын ролун белгилүү кыргыз кызы актриса Таттыбүбү Турсунбаева ойногон.



(1910–1934)

Мунар баскан тоолорду,
Көз жеткис бийик зоолорду.
Кериле басып жаш селки,
Кенебей өттү тоолорду – деп, түбөлүккө элинин эсинде.

**Зууракан Кайназарова.**

Дагы бар Зууракандай баатыр энем,
Эч ким анын эмгегине тең келбеген.
Эгерде айта берсең баштан аяк,
Дегеле учу-кыйры өтө терең.

Зууракан Кайназарова – 1902-жылы Сокулук району, Жыламыш кыштагында туулган. Кыргыз ССРинин колхоз өндүрүшүнүн көрүнүктүү ишмери, атактуу кызылчачы, «Дружба» колхозунун звено башчысы. Эки жолку Социалисттик Эмгектин Баатыры (1948–1957).

Үч Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар, ошондой эле Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнүн алтын медалы менен сыйланган.



(1915–2007)

**Сабира Күмүшалиева.** Кыргыз Эл артисткасы, Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Эл Баатыры Сабира апа жөнүндө көп жазылды, көп китептер чыкты. Ошого карабай театр жана кино чеберинин өмүр жолу көпчөлүктү кызыктыра берет, кызыктыра бермекчи...

Эл ичинде канча талант сакталат,
Аты өчпөй муундарга жатталат.
Анын бири сизсиз элдин сыймыгы,
Даңкыңызга кыргыз эли мактанат.

*(С. Абдыкадырова)*

САБИРА АПАНЫН БАТАСЫ

Айкырып кирген жоодон сактасын,
Алоологон оттон сактасын,
Агыны катуу суудан сактасын,
Кудай кыргыз элиме күч кубат, ден соолук берсин.
Аман болгула айланайындар, менин жашыма жеткиле.

**Талдап аныкта:**

– Энелердин мээримдүүлүгүн, мээримдүү асыл сапаттарын, мээнеткеч, эмгекчилдигин, үй-бүлөдөгү данакерлигин көрсөтүү менен бейнелер түзгүлө.

## ЖАКШЫ КЫЗ – ЖАКАДАГЫ КУНДУЗ

Жаратканга шүгүр дейли, уучубуз куру эмес экен, Кыргызстандын керегине жарап, ар түркүн майданда ат салышып, элинин мүдөөсүн көздөп, билекти түрүп эркектерден озсо озуп, жигердүү, үзүрлүү иштеп жатышкан демилгелүү лидер кыздарыбыз ондоп саналат. Ушундай кыйчалыш өткөөл мезгилде көпчүлүктөрдөй болуп далдырашпай, кайра чыйралып, өзү үчүн эле эмес, эл үчүн чыйралып, намысты колго алып, коом үчүн, келечек муун үчүн күрөшүп жаткан демилгелүү кыздарыбыз турганда биздин келечегибиз кең. Мисалы, Күлүйпа Кондучалова, Роза Отунбаева, Чолпон Баекова, Камила Шаршекеева, Замира Акбагышева, Ишенгүл Болжурова, Шарипа Садыбакасова, А.Проненко ж.б. бүгүнкү жаңы жаш кыздарыбыздан айта кетсек акындар: Алтынай Темирова, Бактыгүл Чотурова, «Асылзат» газетасынын башкы редактору Сагын Акматбекова, республиканын төрөт үйүнүн бөлүм башчысы, медицина илиминин кандидаты Салтанат Назаралиева ж.б.

**Үйрөн, үлгү ал:**

*«Билимдүүгө жол ачык»*

## Р. БЕГЕЛДИНОВА ЖӨНҮНДӨ БИЛЕСИҢЕРБИ?

Раиданын ата-энеси Аскарбек менен Сайкал тубаса дудуктар экен. Бир уул, эки кыздын ата-энеси. Раида алардын ортончу кызы. Шаардагы 20-мектепти ийгиликтүү аяктап, Кыргыз Улуттук Университетинин Физика-электроника факультетине, электроника-микроэлектроника адистигине тапшырып окуп калат. Күндөрдүн биринде мыкты окуган студенттерге билимин андан ары улантуу үчүн Москвадагы Физика институтуна инженердик окууга сынак жарыяланат. Тобокелге салып, катышып көрүп, Раида өтүп кетпеспи. Сынак 2001-жылдын 5-февралында болду. 7-февралда Москвада окуп калыш керек. Шарт-талап ушундай. Ата-

энеси бир сыйра каршы болду. Тууган-урук, эл-журт бар экен бир эле күндө акча чогулду. Ошентип, Москвага жөнөп кетти. Москва деген Москва да, «алгачкы күндөрү аябай кыйналып, өзгөчө окуу программасынын асман-жердей айырмачылыгы, бир эле зачетту 5–10 жолу тапшырып, элүүдөн ашык тапшырма аткарууга туура келди», – дейт Раида. 2002-жылы институтта жасаган илимий доклады чоң окумуштуулардын кызыгуусун жаратат. 2004-жылы студенттердин жана жаш окумуштуулардын Москвадагы «Жаштар жана илим» Эл аралык телекоммуникациялар конференциясында жасаган доклады анын кадыр-баркын ого бетер көтөргөн. Институтту артыкчылык дипломү менен аяктап, бүгүнкү күндө аспирантурада.

**Аныктама:**

Раида жогоруда сөз кылгандай жөнөкөй кыргыз кызы. Анын окууга болгон дилгирлиги, мээнеткечтиги, намыскөйлүгү, көздөгөн максатына жеткендиги келечек жаштар үчүн үлгү болууга тийиш.

**Сунуш:**

*Кыргый мүчө, кымча бел,*

*Кыздары сонун кыргыздын, – дегендей дүйнөдө теңдешсиз кыргыз кийимин кийип, келечекке умтула бер, кыргыз кызы! Келечектин куту, ынтымак менен гармониянын улуу үлгүсү – Кыргызстанда!*

## МУУНДАРГА БЕЛЕК

«Асылзат» газетасынын редакциясы тарабынан «Энелер уулдарынын эсинде» деген китептин бет ачар аземинде олтуруп толкунданганымды айтпа, энелердин чексиз мээримин, балага болгон ысык сүйүүсүн, дегеле алардагы бардык адамгерчилик сапаттарды чыгып сүйлөгөндө айтып жатышса мындан 31 жыл мурда көзү өтүп кеткен апамды эстеп, өзүмчө ойдон-ойго, санаадан-санаага чөмүлдүм. Бул китеп өткөндөргө көпүрө болгон, муундар менен муундардын байланышына өбөлгө түзгөн мыкты китеп болуптур. Кандай айтсак дагы, кай жагынан алсак дагы мактоо, даңктоо жараша турган элегиялар жыйнагы. Энелер жөнүндө мындан өткөн сонун чыгарма барбы? Мен эч жерден жолуктура

элекмин деп, чын ниеттен чексиз ыраазычылык билдирген Калык Мамбетакунов (КР Азиздер жана майыптар коомунун төрагасы).

**Сунуш:**

Намыскөй энелердин, кыз-келиндердин кандай асыл-сапаттарын өзүнөргө кабыл алууну чечтиңер, ал үчүн кандай клубдарды, уюмдарды уюштуруп иш алып барууну каалайсыңар?

Оку, тап, жаз.

Бүгүнкү кыздардын, энелердин жашоодогу ордун аныкта, көйгөйлүү маселелерди чечүүдөгү оюң, сунушуң жөнүндө билдирүү жаса.

## § 5. Ата мекендик намыс

### НАМЫС ДЕГЕН УЛУУ ЖУРТ

**Бул теманы окуп сен биле аласың:**

– «Туулган жердин топурагы – алтын» – деп, Ата-журтту коргоо керектиги.

– Намыстуулуктун зор үлгүсүн Манас атабыздан алаарыбызды.

– Ата-журт, Ала-Тоонун бүтүндүгү, ыйыктыгы жөнүндө.

**Эстегиле:**

– Байыркы бабалардан мурас болуп келе жаткан намыстуулук жөнүндө эмнелерди билесинер?

– Элин, жерин сүйүүнүн нукура үлгүсү түбөлүккө ураан болуп калышын түшүндүр.

– Эмне үчүн «Манас – Кыргыз рухунун туу чокусу» дейбиз?

– Ата-журт жөнүндөгү улуу инсандардын, акындардын чыгармаларынан эскергиле.

**Билдирүү:**

«Эне төрөйт баланы,
Жарайт деп түрдүү намыска».

*(«Мендирман» эпосунан)*

«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», – деп улуу ата-бабаларыбыз оозеки айтып койгону мыйзам болгон. Өз элинин кадырын билбеген, өз журтун сүйбөгөн адам жок. «Туулган жердин топурагы алтын», «Бирөөнүн жеринде султан болгончо өз элинде ултан бол», – дейт бабаларыбыздын акылман ойлору.

Шаңга толуп, бүт айланам салтанат,
Гүлгө оронуп, кооз көрүнөт ар тарап.
Суусу даамдуу, топурагы нан жыттуу,
Ата мекен туулган жерден башталат – демекчи,

Ата мекен, Ата-журт үчүн нечендеген эр көкүрөк баатырларыбыздын кырчындай өмүрлөрү кыйылбады беле. Биздин бабаларыбыз бирде жеңилип, бирде жеңип, канчалаган жат душмандар менен баатырларча кармашып, кан төгүлсө да өздөрүнүн киндик кан тамган ыйык дөөлөтүн эч кимге бербей, эгемендүү эл болууга жетишкендигин карт тарых баяндап жатпайбы. Ата-журт жөнүндө сөз болгондо элибиздин таланттуу чыгаан акыны А.Осмоновду эскербей кете албайбыз. Анын: «Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-журт»,– деген кайталангыс ыр саптары ар бир инсандын патриоттук сезимин козгобой койбосо керек.

Ата мекендин кызыкчылыгы, жыргалчылыгы үчүн, эл үчүн күрөшө билүү, сырткы душмандарга аёосуз каршы туруу, элин-жерин коргоо ар бир атуулдун сыймыгы.

Намысты колдон кетирсең,
Наалатка калат жаш башың.
Шорума менин калдың деп
Шолоктоп ыйлайт жаш жарың.

*(Ж. Бөкөнбаев)*

Ар-намыстуу баатырларыбызга, душмандарга каршы салгылашууларда ата-журтту даңктаган эр жүрөк жоокерлерге болгон бүткүл элдик сүйүү дайыма бардык жактан артылат. Эгерде адам эл алдында ант берсе, аны так жоопкерчилик менен аткарыш керек. «Уят өлүмдөн катуу» деген сөз эл арасында бекеринен айтылган эмес. Баатырлардын ысымдары сыймык менен ишканаларга, айыл-кыштактарга, мектептерге, шаарларга, калк жашаган пункттарга жана көчөлөргө берилген. Ар-намыстуу атуулдарыбыз байыркы баатыр атабыз Манастан баштап, ар бир доордун, мезгилдин эл баатырлары, элин баккан эр азаматтар ондоп саналат.

## МАНАС – КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ

**«Манаста» – эмне ыйык?**

Ата-журт, Ала-Тоонун койнундагы ак калпак журттун биримдиги ыйык. Акыйкаттыкка, актыкка, адилеттүүлүккө негизделген достук ыйык.

**«Манаста» – эмне улук?**

Эл-журттун мүдөө-кызыкчылыгы менен жуурулушкан абийир, ар-намыс улук. Ак жашоого умтулган, адеп-ахлак улук. Кыргыз улутунун рухий турмушунун пайдубалында ата конушубуздун топурагында илгертен жашап келе жаткан нарк, дөөлөттөр улук.

«Манас» – Улуу эрдик, нарк, ыйман-ызаат, сүйүү, сөз, намыс, тарых, мектеп жол, ыр толгоо жана улуу санаа. Ал ушунун баарын өз ичине камтып турат. «Манас» – кыргыз элин жок болуп кетүүдөн сактаган, бар болуп жашоого үйрөткөн, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга такшалткан улуу сабак.

**Накыл нуска сөздөрдөн:**

«Элин сүйбөс эр болбойт, жерин сүйбөс эл болбойт».
«Душманыңа жаныңды берсең да, сырыңды бербе».
«Булбул гүлзарын сүйөт, адам мекенин сүйөт».

## МЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАРАНЫМЫН

Бишкек шаарындагы № 13 мектеп гимназиясынын окуучусу Асел Кыдыралиева ушундай наамдагы макаланы «Кыргыз туусу» газетасына жазыптыр.

Ата мекенибиз – киндик каныбыз тамган жерибиз, алпештеп өстүргөн ата-энебиз эмеспи. Алар биз үчүн көз карегибиздей аялуу, өз жүрөгүбүздөй кымбат. Ошолорду ойлогонумда атактуу акыныбыз А.Осмоновдун «Ата-журт» деген ыры эсиме түшөт.

«Жылуу кийин, жолун кыйын үшүүрсүн,
Кыш да катуу... Бороон улуп, кар уруп...
Суугунду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу Ата-журт!». Ырдан көз алдыбызга эмнелер тартылат. Ак мөңгүлүү Ала-Тоо, ажайып көркөм Ысык-Көл, анан да дүйнөдө теңдеши жок жаңгак

токою – Арстанбап, Сон-Көл, Сулайман тоо, жайлоолор – Суусамыр, Көк-Ойрок, Ак-Сай менен Арпа. Жер соорусу – кыргыздын керемет жери, кен пейил, меймандос кыргыз эли...

? Суроолор жана тапшырмалар:

1. «Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин!» деген Манастын идеясынын турмуштагы орду жөнүндө, өзүңөрдө пайда болгон сезимдерди чагылдырган реферат жазгыла.
2. Элин, жерин сүйгөн мекенчил атуулдардын бейнелерин түзгүлө.

## § 6. Кыргызды Манас сактаган, Манасты кыргыз даңктаган

**Бул темада:**

– Кыргыз элинин сүйгөн баатырынын даңазаланышы кандай?
– Теңдеши жок эпостун жаралышы, анын орду эмнеде?
– Эпостун башка элдик чыгармалардан болгон өзгөчөлүгү жана айырмасы.

**Эстегилечи:**

– «Манас» эпосу көп кылымдын тарыхый энциклопедиясы» дегенди;
– Эпостогу демократия, адам укуктарынын чагылдырылышын;
– Манастын осуяттары, анын мурас болуп кылымдан-кылымга адамдарга берген тарбиялык маанисин.

**Билдирүү:**

Манас – улуу кыргыз элдин желеги,
Ата мурас, акыл-ойдун терени.
Түбөлүккө ташка тамга баскандай,
Кыргыз элдин адамзатка белеги.

Манас эпосу – элдин өзүн таануусу, акыл-эси, жок болуп кетпөөсү, биримдигин, ынтымагын сактап, ар-намысын курчутуучу зор мүлк. «Манас – бул кыргыздардын жашоосунун энциклопедиясы», – деген Ч.Валиханов.

Ч. Валихановдун «Жунгария очерктеринде» «Манасты» гректин «Илиадасына» салыштырса, «Семетейди» кыргыз «Одиссеясы» деп атаган. 1885-жылы В. Радлов Санкт-Петер-

бургда жарык көргөн «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу томдукта жазган «кириш сөзүндө» кыргыздын сөз өнөрүнө жогору баа берип, ойду ачык, так түшүндүрүп, көрктүү чечен сүйлөй билгенин, кара сөз түрүндө болсо да ыр сыяктуу куюлушуп тургандыгын баса белгилеген.

В. Радлов «Манас» баш болгон эпикалык поэзиянын күчтүү өнүгүшүн ак калпак көчмөн кыргыз элинин жашоо турмушу менен тыгыз байланыштырган.

**Манас эпосун окуп, талдап, образдарды ажырата жана салыштыра билгиле:**

«Манас» эпосу – элдин духунун, рухунун күзгүсү, тарыхынын энциклопедиясы гана эмес, ал улуттук демократиянын негизи. Демократия – адам укуктарынын чагылдырылышы:

1. Ар кандай пикир келишпестиктер маңдай-тескей сүйлөшүүлөрдүн негизинде чечилген.
2. Кыргыздарда эл башкарууда элдин эрки, көпчүлүктүн пикири дайыма императивдик мүнөзгө ээ болуп келген.
3. Инсандын жеке укуктарын, эркиндиктерин сактап, урматтоо «Манас» эпосунда чоң орунду ээлейт.

**Манастын жети осуятын билели.**




**Манас атага таазим кылууну унутпайлы.**

Улуттук «Манас Ордо» комплексиндеги Манас атабыздын айкели кырк чорого арналып тургузулган айкелдер ме-

нен толукталды. Ортодо Айкөл Манастын айкели. Бир жагында Манасты Манас кылган Каныкей эне, акыл кошчусу Бакай баба. Экинчи жагында Кошой баба менен хан Жакып. Андан ары кыргыз элинин намысын коргошкон Эр Алмамбет, Шер Чубак баштаган кырк чоро. Манас Ордо комплексинин ыйыктыгын түбөлүк эске сактап, ар дайым таазим кылып туралы.

**Жаттагыла, билгиле, маани бергиле:**

МАНАСТЫ ДАҢКТОО

Айкөлдүн тулку – турпак жаны – жалгыз,
Айкөлдүн сөзү пенде, каны кыргыз.
Кыргыздын кырк миң чындык кыйкырыгы,
Кыйырдын кылым жараткан сыйкыр ыры.
Жараткан сыйкыр ырга жууруп туруп,
Жайсаңды жаратыптыр булут кылып.
Булуттун оозун ачсаң улам толуп,
Куюлат кулагыңа «Куран» болуп.
Айбатын миң жолборстун бирге берип,
Айкырыгын миң көксөнүн тилге берип.
Кыял жасап, кыялдан майкал жасап,
Кыргыз жасап, кыргыздан айкөл жасап.

**Манас айтуу жөндөмүң барбы? Кызыгасыңбы?**

Манастын ар бир осуятын туу тутуп, аны аткарууга, өз жан дүйнөңдө калыптандырууга кандай иш чараларды көрүүдөсүң? Өзүңө иш пландар түзүп, анын аткарылышы жөнүндө баяндама жаз.

## § 7. Намыскөй бала

**Бул темадан сен биле аласың:**

– Ар-намыстуу балага зарыл болгон адамдык сапаттарды жана касиеттерди.
– Кандай уул-кызды намыскөй дейбиз? Намыскөй балдардын келечеги.

– Өзүнөрдүн мектебинерде, классынардан кимдерди намыскөй дейсинер? Эмне үчүн? Алардын жараткан ийгиликтери силерге кандайча үлгү берүүдө?

– Өзүнөрдүн мектепти бүтүп кеткен эже-агайлардын жолуна байкоо жүргүзгөн байланышынар барбы? Алардын келечек максатына жетүүсү силерди кызыктырабы?

**Билдирүү:**

Бала намыстуу болсо, айткан сөзүн аткарат, ишенччтүү болот. Үй-бүлөсү, мугалимдер ар кандай тапшырманы ишенип бере алат.

Дээринде бар бала,
Намыс кылат, уялат.
Аткарган иши так болуп,
Өз сөзүндө тура алат.

Эгерде тескерисинче болсо, ал балага эч ким ишеним бере албайт. Андай бала баарынын алдында уят болот. Ошондуктан убадага бек болгон, айткан сөзүн өз убагында аткарган жакшы. «Сөз да оздон чыгат, жан да оздон чыгат», «Уят өлүмдөн катуу» дейт элибизде. Намысы жок адам гана уурулукка, жалган айтууга, аракечтикке, туруксуз уятсыздыкка барат жана жалкоо, арамза, кекчил болот, б.а. кур намыскөй.

Билгиң келсе эгерде,
Намыс деген улуу сөз,
Кор болбойсуң эч качан,
Ордунда болсо акыл-эс.

Ким кааласын бирөөгө,
Көз каранды болгонду.
Козголбосо намысың,
Кайран башың кор болду.

**Силер билесиңерби?**

**Үлгү алгыла:**

**Мирбек – Кыргызстан сыймыктанган намыскөй окуучу.** Оштогу «Сема» Кыргыз-Түрк лицейинин бүтүрүүчүсү Самиев Мирбек Индонезияда физика боюнча өткөн эл аралык олимпиадада күмүш медалга ээ болгон. Сингапурда физика боюнча Азия өлкөлөрүнүн олимпиадасына катышып, экинчи орунду алып женишке жетишкен. Сингапурлуктар Мирбек-



ти Нанянг Технологиялык Университетине «Компьтердик инженер» адистигине кабыл алышкан. Бул университетте окуунун бир жылдык акысы 27 миң АКШ долларына барабар.

**Накыл-нускалардан келтиргиле:**

«Намыстуу кишиде кек жок, кекчилде тек жок».

«Жакшы жигит эл камын ойлойт, жаман жигит өз камын ойлойт».

«Кыздарыбыз кыз адебин сактаса, эч убакта ар-намысын сатпаса».

«Кыргыз уулу эл-жери үчүн күйүгүп, ата-эненин ак тилегин актаса».

**Топто иштөө:**

Ар бир нуска, кыска берилген сүйлөмдүн маани-мазмунун чечмелеп, жыйынтык чыгаргыла, билдирүү жасагыла.

1-топ: 1, 2 сүйлөм, 2-топ: 3, 4 сүйлөм.

**Изде, тап, оку.**

Жолдубай Анашевдин экономика илиминин кандидаты Кабылбек Жумалиев жөнүндө «НАМЫС» деген китеби жарык көргөн. Китепте анын балалык чагы, татаал турмушу, жокчулуктан көргөн азап-тозогу, атасыз өткөн балалыгы, билим-кесип алууга болгон далалаты, дилгирлиги чагылдырылган. Билими, жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен замандаштарынын арасында кадыр-баркка жетип, эл түйшүгүнүн бир учун көтөрүп келүүдө.

**Талда, салыштыр:**

Мектебиңерде, классыңарда кайсыл баланы, кызды намыскөй деп атай аласыңар? Эмне үчүн? Алардан кандай үлгү алуудасыңар?

**Тапшырма:**

К. Жумалиев агайыңардын адамдык сапаттарынын силерге берген таасири жөнүндө билдирүү жасагыла.

Бүгүнкү элин көтөргөн намыскөй эр азаматтар жөнүндө дилбаян түзгүлө.

## § 8. Кур намыс

*(Талкуу сабагы)*

**Бул теманы окуп, талкуу жүргүзүү менен сен биле аласың:**

– Чыныгы ар-намыстан кур намыс эмнеси менен айырмаланышын.

– Өзүндөгү кайсы сапаттарды ар-намыстуулукка кошо алышыңды.

– Кур намыстуулуктун пайдасыздыгы жөнүндө.

**Эстегиле:**

– Кур намыс, чыныгы намыс жөнүндө учкул сөз нускалардан билесиңерби? Кур намыс ар-намыстан эмнеси менен айырмаланат?

– Кур намыс балдарды, адамдарды байкадыңарбы?

– Кур намыстын адамга тийгизген зыяны кандай?

**Билдирүү:**

Силер ар-намыс деген сөздүн «ар» жана «намыс» деген эки сөздөн куралгандыгын байкадыңар го. «Арданып кетти», «намысты алдырба» деп айтып жүрүшкөнүн уккан чыгарсыңар. Бул эки сөз бири-бирин толуктап турат. «Ары жок» деп өз күчүн ашыра баалап, ар кайсыга чарпылган, оозу менен орок оруп, кыялында ойлонгонду иш жүзүнө ашыра албаган адамды кур намыс деп айтат. Ал эми «намысы жок» адам өз колунан келчү ишти да жасабайт, эт менен челдин ортосунда күн көрөт. Өзүн негизсиз эле жогору баалап, башкалардан кыйынсынган адам арсыз, куру намыскөй; өзүн төмөн санап, башкалардай болууга аракеттенбеген адам намыссыз да, арсыз да. Ар-намыска чынчыл, адилет, абийирдүү болгондо гана жетүүгө мүмкүн. Чыныгы намыскөйлүк – жакшы сапат. Куру намыс курутат.

Бүтүндөй жамааттын да ар-намысы болот. Мектеп, класс намысы үчүн ат салышууда жалкоо же сабакка жетишпеген окуучу болсо да силерди артка тартып, анын ар-намысына доо келтирет. Класстын, мектептин ар-намысын өзүңөрдүн ар-намысыңырды сактагандай эле сактоого тийишсиңер.

«Чыныгы намыс эр жигитке учууга канат, конууга куйрук болуп берет».

*(А. Берне)*

**Талкуу жүргүзгүлө:**

**Топко бөлүнүп:**

**1-топ** *(кыздар):*

– Намыстуу баланын элесин жараткыла, кааласанар сүрөт аркылуу дагы.

**2-топ** *(балдар):*

– Силер намыстуу кыргыз элине таанымал кыздардын элесин түзгүлө.

**Жалпы:**

– Биздин класста намыстуу окуучулар барбы? Алар кимдер? Кур намыстуулуктан эмнеси менен айырмаланышат? Намыстуу окуучунун образын түзгүлө, билдирүү жасагыла.

**Накыл нуска сөздөрдөн:**

«Балаңды элиң мактаса, андан ашкан байлык жок».

«Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат».

«Жигитти намыс өлтүрөт, коёнду камыш өлтүрөт».

«Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу».

Ар бир топ макал-ылакаптардын маанисин түшүндүрүп чечкиле, аныктама чыгаргыла.

**1-топко:**

Күнүгө болбосо да кээде себеп,
Кээ бирөө ыксыз эле күлө берет.
Биз муну намыссыз деп айтат элек,
Чынында ыксыз күлүү кимге керек.

**2-топко:**

Акылың болсо угуп тур,
Намыска жарайт жакшы уул.
Элиңе кылсаң кыянат,
Сага окшогон уулу үчүн,
Бүтүндөй журтуң уялат.
Намыстуу менин элим деп,
Мактанат кыргыз баласы.
Эр Манастай бабам бар,
Чындыгында карачы.

**Аныктама:**

Кээ бир адамдардын бардарсынып, калп эле мактанып, мен кыйынмын деген жүрүм-туруму кур намыстуулук.

**Эсиңе тут:**

Барс-Бек каганга арналган романдагы макал, накыл сөздөрдөн:

«Чоң дайранын акканы жай болот, нускалуу кишинин сүйлөгөнү жай болот. Арстандай күчүн болсо да, түлкүдөн куулукту үйрөнүү керек. Басканда бутуңа сак бол, сүйлөгөндө тилиңе сак бол. Жолборс арык болсо да, жүрөгүндө оту бар, киши жарды болсо да, көңүлүндө куту бар. Кумурска бириксе арстанды алат».

*(Т. Субанбеков)*

**Ойлогула, тапкыла, жазгыла:**

Окуган чыгармалардан мисалдар келтирип, намыстуулук жана кур намыстуулук жөнүндө бейне түзгүлө, дилбаян жазгыла.

## § 9. Улуттук демократия, идеологиянын өзөгү – ар-намыс

*(Мугалимдин ыктыярындагы саат)*

**Намыс жана ар-намыстуулук ата-бабаларыбыздан келе жаткан демократия, идеология уңгусу**

**Бул теманы окуп сен биле аласың:**

– Кыргыз элинин байыртадан келе жаткан демократия, идеологиясынын түзүлүшүнүн маани-маңызы.

– Бүгүнкү күндөгү идеологиянын зарылчылыгы.

**Эстегиле:**

– Намыскөй адамдарга кандай сапаттар таандык?

– Байыркы ата-бабалар Конституция кабыл алганга чейин кандай оозеки мыйзамдар менен жашашкан?

– Бүгүнкү күндө мыйзамдуулук идеологиябыз кандай абалда?

**Билдирүү:**

«Эл дайра болсо анын нугу – салт» дегендей, байыркы кыргыз демократиясынын негизги өзөгү – ар-намыс, ал эми калган агымы ошого карата түзүлгөн: акыйкаттык, боорукерлик, чынчылдык, адилеттүүлүк, калыстык, адептүүлүк, ак сүйлөө, ак ниеттик, сөз кадырына жетүү. «Баш кесмек бар, тил кесмек жок», – деп элде так айтылган. Эл акыйкат туура сөзгө дем берип, сөзгө жыгыла билген адамды баатырдык, чыныгы атанын уулу эрдик кылды деп эсептешкен.




Сөздүктө **демократия** – бул «башкаруунун элдик формасы, эл эң жогорку бийликке ээ жана ал бийликти өзү эркин шайлоо системасында шайланган өкүлдөрү аркылуу ишке ашырат» деп аныкталат.


Нуска кеп:

**«Ынтымак бар жерде ырыс бар»**

**«Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт»**




**Ант берүү:** Кыргыз элибизде ант берүү шарты, мааниманызы өтө жоопту, ыйык сөз. Аны бузуу өлүмгө баруу менен барабар болгон. «Актыгың чын болсо, Куран карма» дешкен. Антташкан достор кылычтын мизин жалашкан, «кан урсун» деп бармагынан кан чыгарышкан. Сүйүшкөндөр нан менен антташкан, «нан урсун», «эненин сүтү урсун» деп айтышкан. Жеке адамдар көк, жер, суу, ай, күн урсун деп ант беришкен.




**Аныктама:**

«Асыл ой, ак сөз, адал эмгек – жашоонун нукура үлгүсү»

Тапшырма:

Жалпы глава боюнча кайталоо жүргүзгүлө.

# УУЛ-КЫЗГА УЛУТТУК ӨНӨР ҮЙРӨТҮҮ

(7 саат)

§ 1. Кыргыз оюмдары жана улуттук кийимдери.
§ 2. «Өнөрүң болсо өргө чап» (талкуу сабак).
§ 3. Айылда жашасаң ат жабдыктарды жасоону үйрөн.
§ 4. Касапчылык – чоң өнөр.
§ 5. Конок күтүү. Турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу (талкуу сабак).
§ 6. Элдик өнөрдү кантип өздөштүрөбүз.
§ 7. Уй, бээ саап, айран уютуп, кымыз жасаганды билүү.

**Бул главаны окуп, сен билесиң:**

- Ата-бабалардан мурас болуп келе жаткан оюм-чийимдер, улуттук кийимдер жөнүндө.
- «Өнөрлүү өлбөйт», «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген нуска сөздөрдүн турмушта колдонулушу жөнүндө – өнөрдүн түрлөрүн.
- Дүйнө элине кыргыз элин таанытуудагы өнөрдүн ордун.
- Өнөрдү өздөштүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө.
- Улуттук суусундуктарды даярдоо жана аны пайдаланууну.
- Улуттук суусундуктун адамдын ден соолугуна тийгизген таасирин.

## § 1. Кыргыз оюмдары жана улуттук кийимдери

**Бул теманы окуп, сен биле аласың:**

– Ар кандай көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн.
– Алардын жаратылыш менен шайкеш келишин.
– Ийне менен иштөөнүн, тигиштин түрлөрүн.
– Улуттук кийимдерди даярдоодо жана пайдаланууда кыздардын ишмердүүлүгүн.

**Эстегиле:**

– Улуттук оюмдардагы адамдын акыл туюмунун терендиги канчалык? Анын бааланышы.
– Оюунун кандай түрлөрүн билесинер?
– Энелердин, кыздардын ийне менен иштөөдөгү чеберчилиги?
– Улуттук кийимдер жөнүндө эмнени айта аласыңар? Анын бүгүнкү турмуштагы орду кандай?

«Оймоктуудай узду алам,
Оюмда жүргөн кызды алам.
Керемети кенди алам,
Акыл-эси ошонун,
Мени менен теңди алам...»

*«Манастан»*

Кыргыз элинин байыркы эл экендиги, ар бир байыркы элдин өз энчисине бөлүнгөн маданияты, салт-санаасы, накыл-нуска мурастары, үрп-адаты ж.б. дагы негизги символу болору бышык. Ошол улуттук маданиятыбызды жаштар жана жаш муундар арасында өзүнүн улуу ордун жоготпос, төмөндөтпөс үчүн уул-кыздар уюткулуу улуттук өнөрлөрдү терен таанып, аны үйрөнөлү.

Көркөм кол өнөрчүлүк, калк казынасы атадан балага, энеден кызга өткөн мурас. Бул чыгармачылык өнөр кыргыз элинин тиричилиги, турмуш шарттары менен тыгыз байланышып, байыркы маданиятын жана рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн чагылдырат.

**Эсиңе түшүрчү:**

– Улуттук кийимдердин символу кайсылар?
– «Башыңдан ак калпагың, ак элечегиң түшпөсүн» деген нусканын маани-маңызы кандай?

– Кыргызда «ак» деген сөздүн түбөлүктүүлүгү, ыйыктыгы эмнеде?

– Ийне менен иштөөнүн, оймолордун кандай түрлөрү бар?

– Устанын кандай түрлөрү бар?

**Билдирүү:**

## УЛУТТУК КИЙИМДЕР ЖАНА КЫРГЫЗ ОЮМДАРЫ

Кыргыз улуттук кийимдеринин символу Ак калпак менен Ак элечек. Аты айтып тургандай, аты да, заты да ак, улуттук көркөм дөөлөттөрдүн көрөңгөсү. Кыргыз элинин өмүрү канча кылымга созулса, кыргыз элинин калпагы менен ак элечегинин өмүрү да ошондой уламалуу санжыра. Ак калпакты, элечекти, улуттук буюмдарды, кийимдерди жасоо ыкмасы өтө чеберчиликти талап кылат. «Алтын оймок», чебер уста, андай өнөргө ээ болуу жаштардын келечеги үчүн эң зарыл.

Көпчүлүккө аброю жогорулаган адамга кыргызда «Башыңдан ак калпагың, элечегиң түшпөсүн» деген тилек айтышат. Бул каалоодо «ата-бабаларыбыздын намысын түшүрбөй бийик карма, өз кадырыңды жоготпо» өңдүү көңүлгө түйөр көп сыр бар.





Өзүн кыргызмын деп санаган инсан үчүн калпак, элечек жөн эле баш кийим эмес, ал белгилүү бир энергетикалык кубатка ээ эң кымбат символ. Биздин тарыхыбыздын символу.

Душмандар баатырларды жок кылышкан, бирок ак калпакты жоготуу, элдин эсинен өчүрүү колдорунан келбеген.

**Калпак** ак карлуу кыргыз тоолордун улуулугун символдоштурган, жан дүйнөсүнүн тазалыгын, биримдигин даназалаган баш кийим.

**Шөкүлө** – күйөөгө чыгуучу кыздын үйлөнүү үлпөтүндө кийүүчү баш кийими. Кыз күйөөсүнүн үйүнө келгенден кийин, шөкүлөнү чечип, ак элечек кийген.

Кыргыз элинде «ак» деген сөз көптөгөн өтмө мааниге ээ. Ошолордун баардыгында тең бийиктик мазмун, ыйыктык бар.

**Аныктама:**

Ак Ала-Тоо, ак чач эне, ак бата, ак сүт, ак сүйүү, Ак калпак, Ак элечек – ушул аппак күн нурундай түбөлүктүү.

**Белдемчи.**

Баш кийимдерден башка кыргыздын улуттук кийимдеринин бири – белдемчи, кыздардын кош этек көйнөгү, женелердин кемсели ж.б. Белдемчи кийими кыймылга эркин, ат үстүндө да, уй, бээ сааганда да, үй тиричилигинде да тыкан. Жалаң үй-тиричилигинде гана эмес, кооздолуп оюу, түр салынып тигилгендер аш-тойлордо көрк үчүн кийилет. Белдемчи негизинен чийбаркут, баркут, тукаба ж.б. ыңгайлуу кездемеден тигилип, уздардын колдорунан келишинче кооздолот – суусар, кундуз жана башка кымбат баалуу тери менен жээктелет. Же сайма түшүрүлөт. Элибизде үйлөрдү жасалгалоодо капшыттарга тартылган туш кийиздер, керте жайылган жууркан-төшөктөр, көлдөлөн-шырдактарга не деген керемет оюулар түшүрүлбөйт: кочкор мүйүз, ит куйрук, карга тырмак, ала мончок, кыял оюулары жаратылыш коздугунан, турмуш тиричиликтеги жашоодон алгандай.

**Ийне менен тигип иштөөнүн көп түрлөрү бар:** жөрмөп тигүү, терип тигүү, кайып тигүү деген сыяктуу өнөрлөр жасалып жаткан буюмдарга жараша пайдаланылат. Мисалы, шырдактарды жөрмөп тигип же терип тигүү менен иштесе,

туш туурдуктарды саймалоодо кайып тигүү, кыял оймолору түшүрүлөт. Саймачылык – кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн кеңири тараган түрү. Үй тиричилигине керектүү буюмдарды, туш кийиздерди, кийим-кечектерди, ат жабдыктарды ж.б. саймалашкан.

Дагы уздар жүндөн ак, сары, кара, кызыл түстөргө боёп, аларды бири-бири менен окшоштуруп, айкалыштырып ала-кийиз, шырдактарды жасашат.

**Тери иштетип**, б. а. кол булгаарынын бетине оюм-чийим түшүрүп коездоо: «наар түшүрүү» менен ар кандай көркөм буюмдар жасоо. Мисалы: кымыз куючу көөкөр.

«Көөкөрүм кооз болсун деп, көп жубанга бычтыргам, көк жибек менен тиктиргем» дегендей, өтө коозделуп жасалган.

**Таш чегүүчүлүк** – элдин көркөм кол өнөрчүлүгү үчүн жергиликтүү бай материалды пайдаланып турмуш тиричилик үчүн эң керектүү буюм, белектерди, эстеликтерди жасап келишүүдө.

Мисалы: Таштан – жаргылчак, тегирмен чегүү, жип ийрүүчү ийиктин ташы, ар түрлүү эстеликтер.

**Темир усталар** курал-жарактарды (ай балта, найза), айыл чарба шаймандарын жана металлды, жыгачты иштеткенге ар түрдүү куралдарды жасашкан. **Зергерлер** күмүш жана башка металлдардан ар түрдүү жасалгаларды жасап, алардын беттерин асыл таштар менен, түстүү айнектер менен кооздошкон.

**Жыгач усталар** айыл-чарба шаймандарын, боз үйлөрдү, түркүн үй тиричилигине керектелүүчү идиш-аяктарды, үкөктөрдү, бешик, ыр-күү аспаптарын, жип ийригенге ийиктерди даярдашкан.

Венгер окумуштуусу Альшами 1907-жылдары кыргыз оймосуна көңүл коюп карап чыгып, жогору баа берген. «Бөлөк элдердин оймочулук өнөрүнө салыштырмалуу кыргыз оймосунда өзгөчө бир бөтөнчөлүк бар», – деп А. Н. Бернштам, С. Н. Дудин сыяктуу изилдөөчүлөрдүн тобу белгилеп кетишкен.

Накыл нуска сөздөр

«Билимдүү болсо кагазга каты калат,
Уста болсо балтасы менен чоту калат».

**Сөздүктөр менен иштегиле:**

Аталыштарга көңүл буралы: Элибиз уздарды кадырлап: «жез оймок», «саймачы», «тикмечи», «оймочу» деп аташат. Уздун куралы: кайчы, оймок, тигүүчү машина, ийик, сабаа, темене ж.б.

Көп иш келген колунан,
Менин энем уз эне.
Мээримдүү да, ак ниет,
Көөнү дайым түз эне.

**Тапкыла!.**

1. Басып кетпейт бир карап,
Ким болбосун таң калат.
Айткылачы шырдакка,
Сүрөттөрдү ким салат?

2. Билгич болсоң бил өзүн,
Өткөрбөй бош мүнөтүн.
Ким түшүргөн баркутка,
Тоту куштун сүрөтүн.

3. Чий болсо да кадимки,
Карап көзүм кубанды.
Түрлөндүрүп капыр ай,
Ким жасаган буларды?

4. Жердиги ак, кыюусу кара,
Ача кайрык төрт талаа.

**? Суроолор**

1. Бүгүнкү турмуштагы улуттук кийимдердин орду. Сенин ой-пикириң, сунушуң кандай?
2. Көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү. Улуттук кол өнөрчүлүккө кошкон сенин салымың кандай?

**Саякатка баргыла:**

Ишкер айымдардын ишканасы менен таанышып, алардын ишкерлигин үйрөнүп, жардам берүүнү каалайсыңбы?

**Сунуш:**

Мектебиңерде же классыңарда кол өнөрчүлүк менен алектенгендердин клубун түзүп, өнөр улоо боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү силердин колуңардан келет. Бул багыттагы ишти ким колго ала алат?

**Ачылыш жаса:**

1. Өз колуңар менен сайма, оймо, тикме буюмдар; ар түрлүү жыгачтан, чүпүрөктөн, мүйүздөн ж.б. жасалган сувенир, оюнчук түрүндөгү нерселерди даярдагыла.

2. Улуттук кол өнөрчүлүктүн ата менен эненин же кыз менен жигиттин биргелешкен эмгек үзүрлөрүнүн топтомун түзүп, дилбаян, реферат жаз.

3. Келерки көргөзмө-сынакка даярдык көргүлө.

## § 2. «Өнөрүң болсо өргө чап»

*(Талкуу сабагы)*

**Бул темада сен биле аласың:**

– Өнөрдүн эң көп түрүн өзүнө камтыган боз үй жөнүндө.

– Боз үй эмне үчүн кыргыз элинин ЭН тамгасы деп аталат?

– Боз үйдүн даяр макети аркылуу үйдүн ар бөлүктөрү менен толук таанышып биле аласынар.

– Өзүнөр боз үйдүн жабдыктарын, сөөктөрүн жасоого үйрөнгүлө.

**Эстегиле:**

– Кыргыздын байыртадан берки мурас болгон жашоо турагы эмне?

– Анын жасалышын, сөөгүн, жабдууларын билесиңби?

– Өнөрдүн кандай, канча түрү колдонулат?

– Анда атанын, эненин орду кайда?

– Ал үйдүн элдик идеалдыгы жана илимий жактан маанисин айта аласыңбы?

**Билдирүү:**

### БОЗ ҮЙ

Биздин улуттук өнөр жөнүндө сөз жүрүп жатканда, боз үй жөнүндө айтпай коё албайбыз

«Уул үйлөп, кыз берген,

Ук матып, үй керген.

Ушул күндү ким берген?» демекчи, бүткүл дүйнөгө кыргыз элинин чыгармачылык өнөрпоз чеберчилигин тааныткан, б.а. кыргыз элинин эн тамгасы болгон боз үй жөнүндө айтпасак көңүлүбүз толбойт.

«Желими жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай үй төрт мезгил.
Ата-бабаң жашаган», – деп элибиз байыркы замандын дүбүртү, алыскы учуктун аманатын бизге мурас кылып жеткирген улуу инсандарыбызга урмат.

Боз үй ичинде бүткүл кыргыздын байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, тили, дили, акылмандыгы, өнөрү, ой-акылы жатат.

**Боз үй жабдыктары:** жыгачтары, босогонун жан жыгачтары, баш босого, жер босого, керегe, уук, түндүк, жыгач эшик, бакан-тирөөч, алабакандан турат. Ал эми боз үйдүн кийиз жабдуулары: туурдук, үзүк, түндүк жабуу, эшик жабуу, жабык баш кирет.

**Боз үйдүн боолору:** туурдуктун боолору, үзүктүн боолору, эшиктин тастар боосу, түндүктүн жел боосу, тегиргич, капшыт таңгычтар, керегe чалгыч, уук тизгичтер кирет.

**Боз үйдүн чий жабдууларына:** эки канат чий, ашкана, эшиктин ички чийи кирет. Андан ары боз үйдүн жыгачтары, кийиздери, чийлери кантип даярдалып жасалары жөнүндө айтылат.

**Боз үйдүн ички жасалгасы:** үйгө көрк гана берип турбастан, ошол үйдүн ээси – энелердин, эже-жеңелердин колдорунан көөрү төгүлгөн чебер уз экендигин айгинелеп турат.

Адеп туш кийиз кийизден, кийизге оюу түшүрүлүп же саймаланып жасалган да, жээги кундуз менен бастырылган же баш жагына кыдырата шуру, бермет, акак таштар тизилген. Кийин туш кийиз ар кыл тукаба, парча сыяктуу кездемеден даярдала баштады.

**Өрүмчүлүк.** Кыргыздардын үй өндүрүшүндө койдун жүнүнөн ийрип жип жасап, өрмөгө таар согуп, тыш кийимдерди тигишкен, боз үйгө керектүү боолорду, сызмаларды согушкан. Көчмөн элдин турмушунда чийдин мааниси баа жеткис, чийдин ар бирин жүн менен чырмап, оюу түшүрүп кооздоп жасашат. Дагы кеңири керектелген жаныбарлардын терилеринен кийим-кечектерди, бут кийимдерди, идиш-аяктарды (сабаа, чанач, көнөчөк, көөкөр), көлдөлөң, талпактарды, ат жабдыктарын жасашат. Кыргыз элинин кол өнөрчөлүгүнүн эң байыркы түрүнө темир устачылык жана зергерлик да кирет.

●● Топто иштөө:

1-топ: Дөөлөттөрүбүздү элдик идеалда чагылдыргыла.

2-топ: Дөөлөттөрүбүздү илимий-философиялык жактан чагылдыргыла.







Талдап аныктагыла, эреже чыгаргыла, билдирүү жасагыла

Көркөмдөлгөн боз үйдүн ичи кенен,
Боз үйдүн касиети күчтүү деген.
Байыркы чоң энелер, чоң аталар,
Боз үйдө балдарына бата берген.

Накыл нуска сөздөрдөн:

«Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет».

«Өнөрлүү киши эрикпейт».

«Адам иште чыңдалат, болот отто чыңдалат». Ар бирин чечмелеп түшүндүргүлө.

**Сөздүктөр менен иштегиле:**

**Аяк кап, сызма, тизме, үзүк, чыны кап, чий, бакан, түндүк, уук, кереге, коломто ж.б. жана алардын сүрөттөрүн тарткыла.**

Тапшырма:

Өз колуңар менен жасагыла:

1. Чийден, пластилинден ж.б. материалдардан боз үйдүн макетин тургузгула.

2. Мүмкүн болгон жабуу, жасалгаларды даярдагыла.

3. Эне менен атанын биргелешкен эмгегин ажыратып жазгыла.

4. Боз үйдөн ата менен эненин ордун аныктагыла.

**Саякат жаса:**

Тарых музейине, жайлоого боз үйлөргө барып, кыргыз элинин өнөрчүлүгү менен таанышып, сунуш пикирлериңерди, салымыңарды кошкула.

## § 3. Айылда жашасаң ат жабдыктарды жасоону үйрөн

### «АТ АДАМДЫН КАНАТЫ»

**Бул теманы окуп-үйрөнүүдө байыртан мурас болуп келе жаткан ат шаймандарын биле аласың:**

– Атты пайдаланууда ага зарыл болгон жабдыктардын керектигин.

– Ат жабдыктардын түрлөрүн, алардын кантип, эмнеден жасалышын.

– Ат жабдыктардын пайдаланууга жараша жасалышы.

– Саяпкер деген ким? Саяпкерлик жөнүндө.

**Эстегилечи:**

– Атты кандай учурда, эмне милдеттерди аткаруу үчүн пайдаланышат?

– Керек болгон жабдыктардын аттарын атагыла.

– Саяпкерлер кандай милдетти аткарат?

**Билдирүү:**

Элибизде ат минүү – эр жигит көркү, улуу маданият. Демек, ал үчүн ат жабдыктарын даярдоо турмуш талабы – баалуу буюм.

Ат жабдыктардын эң кымбаты, эң баалуусу – эр камчы. Ат минген кыргыз баласы камчысыз жүргөндү өөн көргөн. Акылман, камбыл ата уулуна ымыркай кезинде эле устага камчы жасатып коюп, атка мингенде колуна карматкан.

Ээрге биринчи отуруп, атанын колунан камчы алып эс тарта баштаган, сындан өткөн эркек бала атасынын, бабалардын ыйык жолуна түшкөнүн билет, өмүрү өткөнчө кам-

чыны бек кармап, ата-тегин уятка калтырбай, ата жолун ардактап өтүүнү, улантууну сезет. Атанын таянар тоосу, артында калар туягы, атын өчүрбөс мурасчысы экенин туят.

Күмүштөн ооздук шартылдайт,
Көмөкөйдө карсылдайт...
Үлпүлдөтүп жабылган,
Алтындан тумар тагылган, – деп ат жабдыктарын, көрпөчөсүн, тердик, желдиктерин, жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүктөрдү уулдарыбыз атанын үлгүсүн алып, кыздарыбыз энелерден үйрөнүп, өзүлөрүнө өнөрлүү кесип алууга умтулушат. Атка токуп минип кетүүгө керектүү буюмдарды жана шаймандарды ат жабдыктары дейбиз. Ага: ээр, үзөңгү, канжыга, жүгөн, нокто, чылбыр, басмайыл, желдик, үртүк, камчы ж.б. кирет. Жасалышы жана санжырасы жагынан эркектердин ат жабдыгы, кыз-келиндердин ат жабдыктары деп айырмаланат. Ат жабдыктары негизинен «өрүмчүлүк», «кайышчылык» өнөрлөрү аркылуу жүзөгө ашат. Буга узануучу усталар «зергер», «ат жабдыктарынын чебери», «ээрчи», «өрмөчү», «кайышчы» деп бөлүнөт.

## АТТЫН ТОКУЛУШ ЭРЕЖЕСИ КАНДАЙ?

Атты ооздуктап жүгөн кийгизет, жонуна ичмекти, желдикти, тердикти салып туруп ээрди салат, көрпөчөнү жапкан соң басмайыл тартат. Үзөнгү ээр менен кошо бекилип жасалган болот.

Кезек берсең кимине,
Ат байлануу тигине.
Алып тердик ичинен,
Ичмекти сал ичине.

**Саяпкерлик** – ат таптоо. «Күлүктү күлүк кылган – саяпкер» дейт элибизде. Ат таптоо эки түрдүү болуп, ыраңга семирген атты таптап байлоо жана колго семирген атты кайра таптоо. Ыраңга семирген атты таптоо экинчисине караганда өтө кыйын болот. Илгерки заманда чапкан атка жем бербестен, боз от бетегеге оттотуп, кээ чакта бээнин сүтүн берип, мамыга көбүрөөк байлап коюп таптаган. Муну «куу мамы» деген. Бузулган күлүк атка үч түрлүү дабаа болгон. Биринчиси, арыгынан мурда көктөмдө агытып семиртүү, экинчиси, кышында арыгынан агыта берүү, үчүнчүсү, күкүрт, көбүнчө карандыз берүү.

**Эске салып алалы:**

Ат оюндарын билесиңерби?

Ата-бабадан мурас болуп келе жаткан ат оюндары: ат чабыш, кунан чабыш, жорго салдырмай; атсыз аткарылбаган улуттук оюндар: кыз куумай, көк бөрү, тыйын эңмей, эңиш ж.б.

Кунан чаап ойногон,
Кумар оюну кыргыздын.
Кыз-жигиттин жарышкан,
Кулан жалын тартканда,
Уул-кызы кыргыздын,
Куландын кулагында ойногон! – деп бекеринен айтылбаган. Силер дагы каникулда айылга барганда элдин турмуш тиричилигинин эң негизги көмөкчүсү, жардамчысы болгон атты пайдаланууну үйрөнгүлө.

**Буларды билүү кызык:**

Кайыптан бүткөн жаныбар,
Маңдайында багы бар.
Кулагында шамы бар,
Соорусунда беш салаа,
Камбар-Ата тагы бар.

*«Манастан»*

Кыргыздын асыл-тукум аттарына, өзгөчө Ош тегерегиндеги Ферғананын асыл аргымактарына гректер, чыгыштан кытайлар, коңшу усундар да көз артышкан.

«Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин».

*(Элдик нускадан)*

**Жоргонун түрлөрү:** Кой жорго, жол жорго, чапма жорго.

**Тулпарлардын аттары:** Жар кызыл, Казгара, Суркийик, Акмоюн, Телтору, Шармаңдай, Мээнеткеч, Төөгара, Акилик, Аккула, Акбакай, Жертаман, Желкара, Кара күрөң, Чалкуйрук, Көктеке.

Алмамбеттин тулпары болгон Сарала,
Чубактын тулпары болгон Көкала.

**Билесиңерби:**

Жылкынын атынан аталган жерлер бар: Тору-Айгыр, Сары-Бээ, Кулун-Ата ж.б.

Ат жөнүндө музыкалык күүлөр бар: «Ат кетти», «Тору, тору, тор жорго» ж.б.

**Айырмалай билели:**



Ак каңкы ээри атамдын,
Атка сонун жарашат.
«Укмуш экен, бали» – деп,
Улуу-кичүү карашат.
А төөгө эмне токуйбуз?
Төө токулбайт, комдолот.
Комдой турган кийизин,
Билсең аты – чом болот.
Ата-бабаң ат минип,
Тоодо өткөргөн күндөрүн.
Абдан керек буларды,
Айырмалай билгениң.

*(Б. Асаналиев)*

**Топто иштөө**

**1-топ:**

– Жалпы ат жабдыктарды атагыла.

– Атанын же уулдардын эмгектерин аныкта. Сүрөттөрүн тарткыла.

– Ат оюндарын атап жаз.

– Төөнү кандай жабдыйбыз?

**2-топ:**

– Айыл-чарбасында пайдаланылган ат жабдыктарын атагыла.

– Эненин же кыздардын эмгектерин көрүп жаз.

– Кыздар катышкан ат оюндарын атагыла.

– Ат чабышка чыкканыңар барбы?

Ар бир топ жетекчилери билдирүү жасагыла.

**Макал нуска сөздөрдү**

«Аргымактын жакшысы чапса күлүк, сатса пул».
«Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы».
«Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт».

**Тапкыла II:**

1. Ары карай имерип,
Бери карай имерип.

Устабы же кескичпи,
Ким жасаган ооздук?

2. Тептим, терекке чыктым.

3. Минсең канат, чапсаң шамал,
Аны сыйлабаган адамдар жаман.

4. Сууга кирсе, суурбаган чөмчөрүш,
Ташка тийсе тайгылбаган чөмчөрүш.

? **Суроолор:**

1. Ат жабдыктарын жасоодо эне менен атанын биргелешкен эмгегин аныкта.
2. Аттын айыл-чарба, үй-тиричилигиндеги орду.
3. Ыңырчак, чом кайсыл малга токулат?
4. Ээрдин сүрөтүн тарт, ээр эмнеден жасалат?

**Тапшырма:**

1. Сувенир түрүндө мүмкүн болгон ат жабдыктарын жасагыла.
2. Башка улуттагы элдердин жылкы жандыгына карата кандай тажрыйбалары, көз караштары бар болду экен?

## § 4. Касапчылык – чоң өнөр

«ӨНӨРҮҢ БОЛСО ӨРГӨ ЧАП»

«ЖИГИТКЕ ЖЕТИМИШ ӨНӨР АЗДЫК КЫЛАТ»

**Бул темадан сен биле аласың:**

– Кой союшту, аны жиликтөө, улуулата устукан тартуу чеберчилигин.

– Ич эттерин тазалап, андан ар түрлүү даамдуу тамактарды жасоону.

**Эстеп көрчү:**

– Атаңдын, агаңдын ж.б. кой сойгонун, апаңдын, эжеңдин ичеги-карын тазалаганын көрдүң беле, жардамдашкансыңбы?

– Этти бузуп, жиликтеп, ич эттен олобо, бышы, жөргөмдөрдү жасоодо жардамдашкансыңарбы?

– Бул өнөрдү үйрөнгүңөр келеби, жашоодо пайдасы тиеби?

**Билдирүү:**

Уул-кыздардын турмушка даяр болушу үчүн да – касапчылык чоң өнөр. Эр жигитке кой союп, жиликтеп, устукандап, улуулата тамак тартуу ар бир жарандын милдети.

Кой союунун жол-жобосу өзү эле бир топ чеберчиликти талап кылат. Албетте койду соёрдо мусулман баласы Кыбыланы карап, алакан жайып бата кылуусу абзел. Бул Алладан тынчтыкты, амандыкты, жакшылыкты тилегендик.

Анан барып кой мууздалат. Терисин эң эле кылдаттык менен бычакты териге тийгизбей туруп, кол менен муштагылап отуруп сыйрып чыгат.

Койдун он эки жилиги: далы, кар жилик, күң жилик – экиден кол жиликтер; кашка жилик, жото жилик, жамбаш – экиден санында, куймулчак, төш, карчыга, омурткалар.

Койдун ичин жарып, ичеги-карынын тазалап-жууп, андан жөргөм, олобо, быжы ж.б. жасалат.

**Үйрөн, иште, жаса:**

Кой сойгондон кийин мүчөлөп, жиликтегенди билесиңби?




## ОЛОБО

Кой, эчкинин кесилбей, бүтүн алынган өпкөсүнө сары май кошулган сүттү куюп, сорпого бышырылган улуттук тамак. Союлган малдын өпкөсүн кекиртеги менен чыгарып, үйлөп, муздак сууга салып коюшат. Сүттү куярда ага батышынча жылуу суудан куюп, аябай тазалайт, ал сууну өпкө агарганча кайра кустурат. Тазаланган кезде өпкө канча суу жутса, ошончо сүт куюлат. Өпкөгө суу толгондо темгил болбой агарып калат. Сүттү куюп болгондон кийин кекиртекке эт сойлотуп, 4–5 жеринен ичке жип менен катуу бууп коёт.

Олобону өзүнчө казанга бышырып, сууганда кыя кесип, дасторконго коюшат.

Эл арасында жаш музоо менен кулундун өпкөсүнөн да олобо жасалат.

1 койдун өпкөсүнө 8–10 литр сүт, 0,5–1 кг сары май керек, туз татымына жараша болот.

Мындан сырткары койдун этинен, ичегиден жасалган эң сонун өрмө ичеги, жөргөм, кара куурдак, беш бермак, оромо, быжы жасалат.

**? Суроолор:**

1. Кой союп, аны жиликтеп, бышырып, табак тартууга үйрөнүп жатасыңбы?
2. Үйдө дасторкон жасалгалоо, мейман күтүүдөгү оюң, сунушуң, салымың кандай?
3. Ич эттерден кандай тамактарды жасай аласың?

**Тапшырмалар:**

1. Касапчылык өнөрдөгү (кыз менен жигиттин) ата менен эненин биргелешкен эмгектери жөнүндө дилбаян жаз.
2. Койдун он эки мүчөсүн атап, аларды орду менен жайгаштырып сүрөтүн тарт.

## § 5. Мейман күтүү

*(Талкуу сабагы)*

Бул темада мейман күтүүнүн эрежелерин, алар үчүн дасторкон жасоо зарылдыгын биле аласынар.

Бул сабакта эт бышыруу, эт тартуу, дасторкон жасалгалоо, конок күтүү, конок сыйлоо боюнча турмуштук көндүмдөр калыптандырылат.

**Эстегиле:**

– Үйдө мейман күтүү үчүн кандай даярдыктар көрүлөт?

– Көрктүү мол дасторконду кандайча даярдоо керек?

– Эт бышырышып, маймандарга табак тартышкансыңбы?

– Мейман күтүүдө башка улуттардын каада-салттарын айырмала.

**Эсибизге түшүрөлү:**

Мейманга көрсөтүлгөн сыйдын бири – колго суу куюу. Көбүнчө уул балдар, жылымык суусу бар чайнекти оң колго кармап, суулукту сол ийинге салып, эт жээрде солдон оңго көздөй, эт жеп бата тилегенден кийин ыкчам сууну оңдон солго карай куюп бата алат. Бул адеп салты.

Меймандостук-улуттук тамак-аштан көрктүү мол дасторкон даярдап мейман күтүү ата-бабадан келе жаткан салт.

Коноктон түк бир жадабас,
Колунда барын аябас;
Тоолуктун тоодой пейли бар,
Толкуган көлгө чамалаш, – дегендей ар бир кесипке, өнөргө шайкеш болуп, сүрөттөгөн ыр саптары кыргыз элинин ички дүйнөсүнүн тереңдигин, интеллектисинин бийиктигин далилдеп турат.

Адамды алдап болбойт тамак менен,
Акылды өлчөп болбойт кадак менен,
«Казанын карк эмес» деп таарынбайбыз,
Күтүп ал жаркылдаган кабак менен, – деген Аалы Токомбаев атабыз.

**Үйрөнгүлө, билгиле:**

Бышырылган кой этин меймандарга тартуу эрежеси:

**Аксакал ааларга** → Баш, кар жилик → Кашка жилик

**Байбиче энелерге** → Куймулчак → Жамбаш

**Кыздарга** → Төш

Ар бир устуканга арка, кабырга кошулат.
Куйрук, боор, ич эттерден быжы, жөргөмдөр өзүнчө жасалат.

**Эсиңе тут:**

Сен мейманга барганда... Мейманга баруу, мейман күтүү ар адамдын турмушундагы зарыл нерсе.

1. «Чакыргандан калбагын, өзүн басып барбагын» деген нусканы эсинден чыгарба.

2. Себеп менен баруугa туура келсе, алгач үстү боюнду ирээтте.

3. Өз убагында кечикпей барууга аракеттен.

4. Дасторконго колуңду жуубай отурба.

5. Үйгө киргенде салам айтуу биринчи милдет.

6. Оозунда тамак болсо сүйлөбө, катуу күлбө, кабагыңды чытыба.

7. Тишиңди элдин көзүнчө чукуба.

8. Дасторкондон шашылып турба.

9. Сыйы үчүн сыпайы рахматыңды айтканды унутпа.

**Тапкыла: III.**

1. Ашка салсам жоголду,
Анын даамын ондоду.

2. Кичинекей бою бар,
Кабат-кабат тону бар.

3. Жартысы сары,
Жартысы ак.
Мунун атын ойлоп тап.

●● Топто иштөө:

1. Эки топтун кимиси көрктүү мол дасторкон даярдайт?

2. Улуттук тамак-аш, койдун ич этеринен жасалган таттуу тамактардан башка дасторконго кандай кошумча тамактардан коё аласыңар?

3. Суусундуктардын кандай түрлөрүн дасторконго койгуңар келет?

**Тапшырма:**

Көргөзмө-сынак уюштургула.

## § 6. Элдик өнөрдү кантип өздөштүрөбүз?

«Өнөрдө түшүнүксүз нерсе болушу мүмкүн эмес»

*(Б. Моцарт)*

**Бул темадан биле аласың:**

– Өнөрдүн баалуусу – сөз өнөрү – чечендик, куудулдук жөнүндө.

– Сейрек кездешүүчү өнөрлөрдөн мүнүшкөрлүк жөнүндө.

– Жаш өнөрпоздор жөнүндө.

**Эстегиле:**

– Ак таңдай акын атабыз Токтогул жөнүндөгү акын-жазуучулардын айткандарынан билесиңерби?

– Келечектеги Токтогулдарды даярдоо иштери барбы?

– Элдик өнөрдү өстүрүү боюнча силердин ой-пикир, сунуштарыңар кандай?

– Мүйүзчүлүк, мүнүшкөрлүк, мергенчилик өнөрлөрү жөнүндө эмне билесиңер?

**«Өнөрлүү өлбөйт»** деп, элибизде айткан тубаса талант, акын, аткаруучу, комузчу Т. Сатылганов атабыздын өмүрү бизге үлгү, таалим-тарбия.

«Токтогул акын өзүнүн бүт өмүрүн элге, калың букарага арнаган. Мына ошондуктан анын ырлары элдин арасында жоголбой сакталды».

*(Ж. Бокөнбаев)*

«Током чар тарабы жогору, бир айтканын экинчи айтпаган акын, комузчу гана эмес, ашкан өнөрпоз да болчу».

*(А. Үсөнбаев)*

Жалгыз тээк, буроосу бар үч кыл
комуз,
Шаңданып күүгө келбейт чебер
колсуз.
Күүлөнсө кыл кыягы, ооз комузу,
Элестейт кыргызымдын баскан
жолу.



(1864–1933)

**Билдирүү:**

Келечектин Токтогулдарын өстүрүү максатында «Токтогул-Ата» кайрымдуулук фонду түзүлгөн. «Адамдын ниетинде болсо таштан суу, такырдан гүл чыгарат» дегендей, фонддун максаты: элдик таланттарга көмөк көрсөтүү, Т.Сатылганов атындагы кароосуз калган жетим балдар үйүн уюштуруу, стипендияларды, сыйлыктарды ыйгаруу, элдик таланттардын ар кандай кароо-сынактарын өткөрүү, төкмө акындык өнөрдү улуттук улуу баалуулукка айландырып,

биргелешкен акындар өнөрканасын түзүү. Жакыр үй-бүлөлөргө, жетим-жесирлерге, материалдык жана моралдык жактан жакындан жардам көрсөтүү. Комуз демекчи, кыргыздын музыкалык аспаптарынан дагы эмнелерди билебиз? Темир комуз, жыгач ооз комуз, кылкыяк, керней, сурнай.

**Билесиңерби?**

**«Эл ичи – өнөр кенчи»** демекчи, келечектин Токтогулдары арабызда көп. Мисалы, Дилбара Молдожусупова М. Абдраев атындагы республикалык атайын музыкалык билим берүү мектеп-интернатында 8-класста комуз бөлүмүндө окуйт. Ал көптөгөн кароо-сынактардын жеңүүчүсү, лауреаты. «Суздуки» аттуу япон сынагынын жеңүүчүсү. Суздалда өткөн мастер-класс дипломунун ээси. Дилбара жалаң гана кара күү чертпестен, комуздун коштоосунда ырдайт. Эстрадада япон, кытай, орус тилдеринде ырдап, бийлейт.

Синдиси Бегимай кулагы укпаса да, сүйлөбөсө да эжесинен кем калышпайт. Ал республикалык дудуктар мектеп-интернатында 6-класста окуйт. «Жаш талант-2001» эл аралык фестивалынын катышуучусу. **«Мөлтүр булак»**, **«Хрустальная нотка»** телесынактарынын жеңүүчүсү. Казакстанда өткөн 2003-жылдагы эл аралык фестивалынын лауреаты. Республикалык дудуктар мектебинде өткөн **«Мисс школа-2004»** конкурсундагы **«Мисс Грация»** номинациясынын ээси. Кол өнөрчүлүк боюнча көптөгөн конкурстардын жеңүүчүсү: түйөт, тигет, сайма саят, сабактарынан жалаң «беш» менен окуйт. **«East Models»** моделдик агентствосун эң жакшы бүтүргөн.

**Салыштыр, талда, жыйынтык чыгар:**

Буларды угуп жатып элдик жомоктор эске түшөт. Баласы өнөр үйрөнүп келсин деп узак сапарга жөнөткөн ата-энесинин изги тилеги орундалып, маңдайына бүткөн жалгызы эл кезип, жер кезип өнөр издеп кеткендигин баяндаган элдик чыгармалар. Республикалык жаштардын чыгармачылык борборунун жаш уз усталары – улуттук буюмдардын сувенирлерин, сүрөттөрүн; самолеттордун жана

кемелердин үлгүлөрүн, турмушка керектелүүчү техникалардын макеттеринин көргөзмө-сынакка коюлушу келечекте көптөн үмүттөндүрөт. Өнөрлүү болуу – чоң касиет.

## ӨНӨРДҮН ЭҢ БААЛУУСУ – СӨЗ ӨНӨРҮ

*Баласына атасы мурас кылган улуу сөз.*

«Сөз – октон өткүр, кылычтан курч», «Чукугандай сөз тапкан, караңгыдан көз тапкан» деп сүйлөгөндөр акылман, чечен болушат. Биз «Бала жана акылман» деген жомокту эскереличи: Акылман сербоолуп келе жатса, бала жолго шаар салып ойноп жаткан болот. Акылман: – Жол бербейсиңби балам? – десе, – Жо-ок чоң ата, мен шаар салып жатам, шаарды айланып өтүңүз дейт. Ошондо акылман: – Мен суроо берейин балам десе, бала даярмын жооп берүүгө дейт. – Кандай сууда балык болбойт? Кандай тоодо таш болбойт? Кандай талда бутак болбойт? – дейт акылман. Анда бала: – Булак суусунда балык болбойт, кум дөбөдө таш болбойт, чирик жыгачта бутак болбойт деп жооп берет. Акылман баланын акылына таң калып: – Балам окууну көп оку, акылың дагы арбыйт, өмүрүң узун болсун! – деп баланын шаарын айланып өтүптүр.

**Чечендик өнөр** – жаш болсо да, бек болсо да туура сөзү [illegible] көргөн, «бар кемин бар, тил кемек жок» сөз эркиндигин күттүү кармаганын.

**Акылман чечен** – акылы арбын, тили да курч, [illegible] менен ала албаганды тили менен алгандар. Мисалы, Акыл карачач, Тилекмат, Сарт аке ж.б. Алар тарабынан айтылган берметтей шакек сөздөр, учкул ойлору туура [illegible]: «Акыл башта», «Кубат сөөктө», «Үч кезде», «Дүйнөдө турмуш кыйын», «Калк сөзү – кудуң», «Жан ширин», «Илим күттүү», «Үйүң таттуу».

**Көрөгөч чечен** – алдын ала көрө билүүчүлүк, [illegible] сапаттар. Мисалы, «Толубайдай сынчы бол, Тоголоктой ырчы бол» деп элибизде бекер айтылбаса керек. Жээренче чечен, Калыгул олуя, «Кулак [illegible]» болгон Шарипов [illegible] ж.б. «Эл [illegible] түгөнбөс кенч» деп [illegible] уңгулбоо. Бизнин [illegible] «архитектура, скульптура, живопись [illegible] менен эң баалуу [illegible]

көркөм сөз өнөрүн калтырып кетишкен» – деп, сыймыктануу менен жазган М.Ауэзов.

«Сүйлө, анан мен сени тааныймын», – деген Сократ.

**Жыйынтык:**

Бар болгон кол өнөрчүлүктү, чыгармачылыкты өздөштүрүп, өркүндөтүп, үйрөнүү үчүн жер-жерлердеги түзүлгөн ар кандай көркөм өнөр клубдарга, ишкерлик борборлорго, өндүрүштүк айыл чарбачылыгында түзүлгөн фермерлерге саякат сабактарын уюштуруп, жакындан таанышып, ал жерлерде ийримдердин активдүү катышуучусу болуп, жакындан жардам берип, алакалаш салым кошуу керек.

**? Суроолор:**

Деги эле силер өнөр дегенди кандай түшүнөсүңөр?
Улуттук кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү үчүн кандай иш-чараларды көрүү керек деп ойлойсуңар?



Аз болсо көптөй сезилген,
Өнөрү бар кыргыздын.
Ашуудан бутту тайдырбас,
Акылы бар кыргыздын, – деп Манаста айтылгандай ата-бабадан келе жаткан көркөм улуу мурастарды улантуу ар бир адамга парз.

**Мүнүшкөрлүк** – бүркүт таптоо, бүркүт салуу. Бул кол өнөрчүлүк – улуттук кесиптин дагы бир түрү.

Кулаалыны куш кылган мүнүшкөр.

Бүркүт салсаң,
Алтайдын кызыл түлкүсүн жээрсиң.
Карчыга баксаң,
Кулжа жээрсиң! – деген экен элибизде.

**Бүркүттүн жашы:** бир жаштагы – бала, экинчи – бозум, үчүнчү – таш түлөк, төртүнчү – кум түлөк, бешинчи – барчын. Колдо 40–45 жашка, жапайы эркин жашаганы 100гө чыгат.

**Сыны:** Кыраан – канаты сары, жүнү тегерек, буту ич жагына ийри, көзү ак, канатынын мөөрүсү калың, буту ичке, балтырына тутам батпайт. Буту көк, көзү чуңкул, ургаа-

чысынын айырмасы билинбейт. Чөл бүркүт ачка болсо жаш баланы энип кетип жеп коёт.

**Табы:** Бүркүттү он күн эт менен семиртип, кайтарганда этти жууп, ак жем кылып, өпкө берип, балтыр эти балкылдаганда 15 күндө салууга болот. Ысык жерге койбостон салкын жерде багат.

**Тапкыла: IV.**

1. Бийик жерде жатагы,
Көзүнө топу кийбесе,
Бутуна жипти илбесе,
Койбойт экен чатагын.

2. Бирөө куюлуп түшөт,
Бирөө кубанып ичет,
Бирөө кулпунуп өсөт.

3. Кичинемде турна бактым,
Арка арыгына жабуу жаптым.
Өз энемдин ичинде экенимде,
Чоң атамдын жылкысын бактым.

**Сунуш:**

Сиз жашаган аймакта мүнүшкөрлүк менен алектенген атуулдар барбы? Алардан мүнүшкөрлүктү үйрөнгүнөр келеби?

**Жыйынтык:**

Ата-бабалардан келе жаткан уюткулуу, көп жактуу өнөр-мурастарын үйрөнүү менен уул-кыздарды келечек турмушка даярдоого камылгаларды көрөлү, өнөрдү өздөштүрүү жашоонун талабы.

**? Тапшырма жана суроо:**

1. «Апамдын мүйүз тарагы, мүлдө журтка жарады» деп, мүйүзчүлүк, зергерчилик өнөрү жөнүндө дилбаян жаз.
2. Өнөрчүлүктү, чыгармачылыкты өркүндөтүү үчүн сенин оюң кандай, кошкон салымың кандай?

## § 7. Уй, бээ саап, айран уютуп, кымыз жасаганды билүү

**Бул темадан биле алабыз:**

– Мал чарбасынын ичинен бээни, уйду кармоонун кандай зарылчылыгын.

– Аларды саап, улуттук суусундуктарды жасоонун жолдорун.

– Сүт, айран, сүзмө, май-каймак калориялуу таза тамактардын даярдалышын.

**Эстегилечи:**

– Жайлоодо, айылда желеге кулун байлап, бээ сааганды көргөнсүңбү?

– Кымызды кандайча даярдайт? Сабаадагы кымызды бышкансыңбы?

– Апалар уй саап, сүттөн айран, сүзмө, май-каймак, таттуу накта таза тамактарды жасаганын билесиңби?

**Билдирүү:**

Карападай сабаага,
Калкылдап кымыз ачуучу.
Таамай тартып ийбестен,
Тамшанып даамын татуучу.

*(Б. Сарногоев)*



Кымызды сабаага, ышталган жыгач челекке, эмалданган мискейге, чоң чаначка да ачытса болот.

Кымыз жасоо чоң түйшүктү жана убакытты талап кылат. Таңдан бээлер байланып, агытылганга чейин 1,5–2 саатта бирден, 7–8 жолу саалат. Биринчи сүт корго же үрпкө ачытылат. Улам саалган сүттү бир аз суутулгандан кийин көрөңгөнүн үстүнө куюп, бишкек менен 700–800 жолудан бышат. Кымызды канчалык көп бышса, ошончолук мыкты чыгат. Кымыз дарылык касиети күчтүү суусундук катары пайдаланылаарын жакшы билебиз. Бээнин сүтүнүн өзү дары. Бир килограмм кымыздын курамында 2–2,5 % белок, 1–2 % май, 3,5 % кант, 100–200 мг С, А, В витаминдеринин топтору болот. Улуттук суусундуктарыбыздын сыймыгы болгон кымызды даярдап, өнүктүрүү менен кеңири пайдаланууга шарт түзсөк, ден соолугубуз үчүн чоң утушка ээ болорубуз бышык.

**Кымыздын түрлөрү:**

*Ууз кымыз* – эрте жаздагы кымыз.

*Сөөк кымыз же шырылдаң* – кеч күздөгү же кышкы кымыз.

*Бал кымыз* – байтал бээнин сүтүнөн жасалган кымыз.

*Саамал кымыз* – ачый элек кымыз.

*Жылытма кымыз* – тердетүү үчүн атайын жылытылган кымыз.

*Чайкама кымыз* – чаначка же көөкөргө тундурулуп сакталган кымыз.

**Тапкыла:**

Карападай кабы бар,
Токмогунун сабы бар.
Тор анжылуу төрү бар,
Көйкөлгөн ак көлү бар.

**Айран:** Уйларды саай билүү өзүнчө бир устачылык. Уйдун сүтүнөн каймак жыйнап, аны эритип сары май алат. Сүттөн айран уютулуп, андан сүзмө, быштак жасалат. Жайлоого чыгып жайкысын энелердин карын-карын сары майды, сүзмөнү жыйнап, чаначка топтоп, кышкы катык даярдашканы, ал сүзмөнүн ушунчалык калориясынын жогорулугу, адамга жагымдуулугун айтып бүтүш кыйын. Аталар алыскы жолго чыкканда же студент балдарына жупканы бышырып, сүзмөнү, майды кошуп салып берген. Ал даяр, эң күчтүү, оңой даярдалчу тамак болгон. Себеби – сууну кайнатып эле ага сүзмөнү эзип, жупканы, майды салса жегенге даяр. Карачы, кандай экологиялык жактан таза, улуттук тамактын, суусундуктардын түрлөрүн!

**Саякат жасагыла:**

Сүт-товар фермага саякат жасагыла. Балдар, сүттөн таттуу тамактарды даярдаганды, пайдаланганды үйрөнө билесиңер.

**?** Суроолор жана тапшырма:

1. Башка элдердин улуттук тамак-аштары жөнүндө эмнени айтасың?
2. Жайлоолордо болгонсуңбу? Кымыз, айран жасоо ыкмаларын билүүгө кызыкчылыгың, жайкы каникулдарда аткарган иштериң?
3. Бул суроолор боюнча дилбаян жаз.

# КИТЕП – БИЛИМ БУЛАГЫ, БИЛИМ – ӨМҮР ЧЫРАГЫ...

## (9 саат)

§ 1. Китеп илим – билим булагы.
§ 2. Билимге умтулуу бийиктик.
§ 3. «Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу».
§ 4. Башка элдерден биз эмнени үйрөнүшүбүз керек?
§ 5. Өлкөнүн ички жана тышкы биримдиги.
§ 6. Кыргыз элинин достугу.
§ 7. «Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү».
§ 8. Индивидуалист жана коллективист.
§ 9. «Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк».

**Бул главаны окуп, сен биле аласың:**

– Билим менен гана бийиктикке жетишкен бакубат улуу инсандарды, китепке негиз салуучулар жөнүндө.




– Бардык асыл – дөөлөт, алдыңкы өнөрдүн негизи билим экенин.
– Улуттун ички, тышкы биримдигинин мааниси, зарылдыгы.
– Адамдагы гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк касиеттери жөнүндө.
– Бүгүнкү рынок шартында илим, билимдин зарылдыгын.

## § 1. Китеп билим булагы

«Шыктанып сөзгө акылды даңктайм,
Жактырат жаным билимди мактайм»

*(Ж. Баласагын)*

**Бул теманы окуп сен биле аласың:**

### Акыл казынасы – китеп

– Улуттук китепке негиз салган улуу инсандар, алардын кээ бир чыгармаларын.

– Китепти көп окуу керектигин, илим-билимдин зарылдыгын.

– Илим-билимге эң эрте жаштан умтулуу керектигин.

– Китеп басмасынын иши, кээ бир чыккан китептер жөнүндө.

– Китеп күнүн белгилөө жөнүндө.

**Эстегилечи:**

– Кыргыз илимин алдыга жылдырган илимпоздордон кимдерди билесинер?

– Байыртадан илим, билимге берилген баа жана элдик накыл-насыяттардан айткыла.

– Азыркы илимдин жасап жаткан кереметтери кандай?

– Алдыңкы жаңы технологияны өздөштүрүү зарылбы? Байыркынын өчпөс нурунан билесинерби?

– Башы көктө, буту жерде – бул эмне? Көкө теңир жалгаган, Умай эне колдогон, телегейи тегиз – бул ким? – деп табышмактайт, ташка чегилген тамгасында байыркы Кыргыз.

– Ал киши, Кыргыз – кырылгыс, түгөнгүс, жеңилгис, түбөлүктүү!.. – дейт кайра өзү.

– Булутсуз көк, жайкалган шибер, ортосу ак мөңгүлүү Улуу Тоо – бул кимдин жери? – дейт таштагы жазуу.

– Бул жер меники, урпактарыма калтырдым! – дейт эр Кыргыз.

Кыргыз Ата ашуу аштын, кыр бастын,
Ташка жаздың таржымалын тагдырдын.

*(Доор түпкүрүнөн)*

**Билдирүү:**

Кыргыз агартуусунун тамыры тарыхтын тереңине кетет. Биздин замандын V–IX кылымдарында кыргыздардын өзүнүн жазуусу, алфавити болгон. Буга байыркы Орхон-Энесай эстеликтеринин бетиндеги рун жазуулары күбө. Кытай жазуучусу Ян Рухлинин, француз тарыхчысы Шавамунин, кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун кыргыз түрк улуттарынын ичинен эң биринчилерден болуп жазуу жараткан эл экендиги, V кылымдын башталышында кыргыздын 40 тамгалуу жазууну урунгандыгы тууралуу айткан, жазган ойлору илгерки көчмөн цивилизациябыздын жетишкендигинин далили.

Адам баласынын жаныбарлардан айырмасы рухий дүйнөгө ээ экендигинде. Өзүнүн акыл эмгеги менен чыгармачылык изденүүлөрдүн натыйжасында жаңы нерселерди ойлоп таап, аларды өндүрүшкө киргизип, адамдардын комфорт жыргалчылыгына шарт түзүп, ойлоп табуулардын негизинде жаңы-жаңы китептер, ыр-музыка, фильмдер жаралып, коомдо маданий экономика өсүүдө. Байыркы бабалардын калтырган мурастарына кайрылалы.

## ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮ

**Ж. Баласагын** 1010–1018-жылдары Баласагын шаарчасында (Токмок) туулган. Жусуп ошол мезгилдин терең, тунук акылманы, ойчул, насаатчы, философ, тарыхчы, ырчы, акын, дарыгер, астроном, географияны жакшы билген кыргыздын улуу инсаны болгон. Жусуп өзүнүн 54 жашында 1064–1070-жылдары «Кут алчу билим» аттуу терең маанилүү дастанын түрк тилинде жазган. «Бул дастанда, – дейт автор, – түбөлүккө өлбөс, өчпөс баалуу төрт кеңеш бар: акыйкаттык (адилеттик), бактылуулук (дөөлөт), акылмандык (акыл), сабырдуулук, жөнөкөйлүк (каниет)», – деп белгиленген. Жыйынтыктап айтканда, «Кут алчу билим» дастанынын акылмандык мазмуну океандай кенен жана терең. Анда билим жөнүндө мындай дейт:

Билим алсаң урмат-сый алып келет,
Билим сага – акыл, ой, кубат берет.
Канча билсең, ошончо үйрөн, оку,
Билимдүү тилегине дайым жетет.

Билим – деңиз, түбү да, чеги да жок,
Канча сүзсөң азайбайт, толо берет.
«Бактысыздан кут качат»,
«Куттуу үйдө шам жанат».

«Кут билимге эшик ачат», – деген макал-ылакаптар элибизде бекер айтылбаган. 2006-жылдын март айында Ж. Баласагындын 990 жылдыгы белгиленди.

Адамзатты эки нерсе багыттайт –
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.
Адам өлсө, сөзү калат артында,
Жакшы атагы унутулбайт калкында.
Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишинди улай бер.

*(Ж. Баласагын)*

**Белек Солтоноев** (1878–1938) Чоң-Кеминде туулган. Б.Солтоноев Октябрь революциясына чейинки кыргыз элиндеги алгачкы билимдүү тарыхчы жана жазгыч адабиятчы болгон. Ал «кыргыздын кайдан таралып, кайсы заманда тарыхка келгендигин, кайсы жерди мекендегенин, турмуш шарты кандай болгондугун, анын расмий пейлин оозеки сурап, изилдеп, Кытай, Иран, Арап, эски, жаңы түрк, татар тарыхынан» маалымат алып жазган. 1934-жылы 40 жылдан ашуун жыйнаган материалдарын «Кызыл кыргыз тарыхы» деп атаган. Б. Солтоноевдин «Акын деген эмне?», «Жетим кыздын ыры», «Кыргыз, казак жаштарына», «Кыргызча алиппе китеби», «Жаштар өрнөгү», «Кыргыздын тамаша оюну» деген адабий мурастары кыргыз адабиятынын тарыхы үчүн баалуу материал. Б.Солтоноев – тунгуч илимпоз болгон.

**Касым Тыныстанов**. (1901–1939) Ысык-Көлдүн Чыр-пыкты айылында туулган. Эгемендиктин шарапаты менен, кечээ куру жерден айыпталып, кара тизмеге түбөлүк катталган далай инсандарыбыз кайрадан катарга кошулуп, темир сандыкка бекем катылган көркөм байлыктарыбыз бүгүн жарыкка чыгып, текчелерибизден орун алууда. Ошолордун бири Касым Тыныстанов өзүнүн жүзүн, ажарын ачып, «Мен Касыммын» деп, жарк эте чыга келди. Ак ийилет экен, бирок сынбайт экен. Буга тарых ынандырды.

Кыргыз адабиятына, маданиятына, тилине баа жеткис эмгек кылган Ала-Тоонун азамат уулу, биринчи кыргызча жазган ырын Ала-Тоо деп атап, энесине арнаган:

Эң биринчи саламым,
Сага арнап жазганым,
Жакшы саатта күтүп ал –
Бул белегим Ала-Тоо.

1924-жылы кыргыздын башталгыч мектептеринин окуу куралы катары тунгуч окуу китебин «Эне тилди» жазат. Анын кыргыз жазуусун арап тамгасынан латын тамгасына көчүрүүдө синирген эмгеги зор. Касым 24 тамгадан турган кыргыз алфавитин түзгөн. Ал репрессиянын шарданына кабылып, беймаал мерт болгон.

ЮНЕСКОнун чечими менен Касым Тыныстановдун 100 жылдык юбилейи атайын календарга киргизилди.

Репрессияда бейкүнөө курман болгон маркумдардын сөөгү коюлган «Ата бейит» көрүстөнүндө. «Ата бейит» мемориалы 1999-жылдын 28-мартында түптөлгөн.

**Сен билесиңби?**

## КИТЕП ДЕГЕН ЭМНЕ?

Китеп – адабий-көркөм, коомдук-саясий, илимий же практикалык мазмундагы көп барактуу басма сөз чыгармасы. Коомдук-саясий жана идеологиялык күрөштүн курамы, илим-билимди жайылтуунун жана сактоонун, тарбиянын маанилүү каражаты.

Китеп сени сөз өнөрүнүн ажайып дүйнөсүнө жетелейт. Сен бөлмөдө болсоң, китеп – сыртты көрсөткөн терезе, сен сапарга чыксаң, китеп – сага жол көрсөткөн, багытыңдан адаштырбас – Алтын казык жылдыз. Кыскасы китеп сенин өмүрлүк жолдошуң, жашоондо колдон түшкүс жан-буюмуң, өмүрлүк жан-шеригиң.

**Эсиңе тут:**

«Менин китебим – суу, сууну болсо – ар бир адам ичет».

*(М. Твен)*

«Китепти сүйгүлө. Ал силердин жашоо-тирилигинерди жеңилдетет. Адамдарды сүйүүгө, өзүн-өзү урматтоого жардам берет, дүйнөгө, адамдарга карата оюңарды жана жүрөгүнөрдү эритип, көнүлүңөрдү кушубак кылат».

*(М. Горький)*

«Жарык менен билимге эшик ачуу үчүн жана ал эшик эч качан жабылбаш үчүн, силердин ата-бабаларыңар, энелериңер, эже-агаларыңар канын төккөнүн жана чексиз күч менен күрөшкөнүн эч убакта жадыңардан чыгарбагыла».

*(М. Шолохов)*

«Китеп – адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири, ал адамды өз башатына баш багууга, жан дүйнөсүнүн сырдуу түйүндөрүн чечүүгө, учурдагы, өткөндөгү жана келечектеги турмушка серep салып, байкоо жүргүзүүгө түрткү берет. Китеп – адамдарды байланыштырат».

*(Ч. Айтматов)*

**Накыл нуска сөздөрдөн:**

«Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат».

«Ай түндө керек, билим күндө керек».

## КИТЕП МАЙРАМЫ

Китепте баа жетпеген,
Айтып бүткүс акыл бар.
Өмүр бою казсаң да,
Алып бүткүс накыл бар.

*23-апрель дүйнө жүзүндөгү көптөгөн мамлекеттерде китеп күнү белгиленет.* Бизде да Кыргыз өкмөтүнүн чечими менен 2001-жылдан баштап 23-апрель Китеп күнү болуп белгиленип, майрамдалат.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Китеп окууга болгон сенин көз карашың? Сага жаккан чыгармалар.
2. Акыркы жылдары жарык көргөн кайсы акын, жазуучулардын кандай китептерин окудуң?
3. Илимий техникалык китептерге болгон кызыгууң?
4. Дүйнөлүк тарыхый чыгармалар, сөздүктөр жөнүндөгү түшүнүгүң.

## § 2. Билимге умтулуу – бийиктик

«Билим – адамдын канаты»,
«Билим алуу – ийне менен кудук казгандай»

*(Нуска кеп)*

**Бул темада:**

– Билим берүүнүн алгачкы башаты мектеп экенин.

– Билим-тарбия берүүдөгү окутуучулардын эмгеги жөнүндө.

– Китепканалардын зарылдыгы, иштери жөнүндө сен биле аласың.

**Эстегиле:**

– Эң алгачкы билим берген мугалиминер, биринчи келген мектебинер эсинердеби?

– Силер окуп жаткан китеп кайдан чыгарылат? Басмакана жөнүндө түшүнүгүнөр барбы?

– Китепкана, аны кандайча пайдаланасың?

– Кыргыз окумуштуулары тарабынан жаралган алгачкы китептер жөнүндө тааныштыгың барбы?

**Билдирүү:**

Билимге өмүр бою дитиңди кой,
Адептүү таза болсун ойлогон ой.
Адам деген улуу атты күтө билсең,
Урмат-сыйга ээ болосун опол тоодой.

### БИЛИМ БЕРГЕН ПЕДАГОГДОРДОН ЭСКЕРЕЛИ?

Илим-билим адамга, улутка кут алып келе турган улуу мүлк. Адам жашоосунда ага эзелтен терең баа берип келген. Мааниси терең макал-ылакаптар элибиздин баа жеткис нарк нускасы. Билим берүүгө мындай чоң маани берүүнүн өзүнчө сыры бар. Келечек муундарды тарбиялап, билим берүүдө мээнеткеч педагогдордун да орду зор. Билим берүү тармагындагы мурунку Маяковский (азыркы И. Арабаев университети) атындагы кыз-келиндер окуу жайынын салымы күч. Андан көптөгөн илимдин көрүнүктүү ишмер кыздары суурулуп чыккан. Ал эми республикабыздын экинчи борбору болгон Ош шаарындагы У. Салиева атындагы

областтык кыздар орто мектепте түштүк аймагынын кыздырынын билимдүү болуп өсүп чыгышы үчүн жакшы шарт түзүлгөн. Ошол мектепте 30 жыл директор болуп эмгектенген Р. Шералиева эненин эмгеги эскерүүгө да арзыйт. Ош шаарындагы алгачкы өзбек тилиндеги Шевченко атындагы орто мектебинин директору Абдурахимова, орус тилиндеги ВЛКСМ атындагы орто мектебинин директору Мануйленько, кыргыз тилиндеги № 17 Гагарин атындагы мектебин уюштуруучу жана куруучу биринчи директору Ш. Назаралиева апалардын жаш муундарды тарбиялоого жана билим берүүгө кошкон салымдары зор.

Окутуп көптү үйрөткөн,
Тамгаларды сүйлөткөн.
Мугалим менин устатым,
Айтканы кетпейт эсимден.

*Сен китеп басмаканасы менен таанышкансыңбы?*

## КИТЕП БАСМАСЫ

Улуттук китеп басмасы 1926-жылы уюшулган. «Кыргызстан» басмасынын китептери жогорку бааларга ээ болуп «Эл достугу» ордени менен сыйланган.

Кыргыз Республикасында китеп басып чыгаруу боюнча эң чоң ишкана – Т. Суванбердиев атындагы полиграф комбинаты. 2003-ж. «Манас – дүйнөлүк маданияттын улуу мурасы» аттуу библиографиялык справочникти; «Кыргыз эл адабияты» деген элдик оозеки чыгарманын 40 томдугунун эл китеби чыкты. Акын – жазуучулардан Казакбай Адышбаевдин «Кылым инсандары» аттуу китеби чыкты. Мисалы, «Бийиктик» басмасынан Кыргыз Республикасынын жаштар сыйлыгынын лауреаты, жазуучу Ж.Осмонкуловдун балдар үчүн жазылган «Төгө бер, жамгыр» аттуу китеби жарыкка чыкты. Китепте балдардын баёо дүйнөсүн, акыл-ой кыл чабыттарын көркөм чагылдырган жана тоо, суу, жаратылыштын, жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын түркүн сырларын таасын сүрөттөгөн аңгемелер топтолгон. Ошондой эле балдарды улууну урматтоого, кичүүнү ызаттоого, табият менен Ата-журтту сүйүп коргоого таасири чоң.

Таланттуу жуналист Дайырбек Мейманов окурман журтчулугуна 2004-2005-жылдары ОсОО «Айат» басмасынан «Ааламдын атактуу адамдары» аттуу китебинин 1,2-томдугу жарык көрдү. Китепте Сократ, Алла Пугачева, Жеки Чан, Барс-бек каган, Курманжан датка, Гете, Чарли Чаплин, Сергей Бодров, Жеңишбек Назаралиевге окшогон ар замандын өз чыгаандары тууралуу кызык баяндар бар. Бул эсселерде белгилүү алптардын коомчулукка белгисиз жактарын ачып берүүгө басым жасалган.

«Кыргыздын элдик кыймылдуу оюндары, дене тарбия көнүгүүлөрү жана азыркы учур» деген Х. Ф. Анаркуловдун эки китеби жарык көрдү.

Адабияттын, деги эле баардык тармактардын, илимдердин биринин туу чокусу – философия. Карыбек Матиевдин «Рух кубулушунун философиялык маңызы» деген китеби чыгарылган ж.б.

*Балдар китепканасына баргыла, көргүлө, таап окугула.*

Сунушуң: *Китепканалар менен байланышың, канааттанышың, сунушуң кандай?*

**Тап, оку, жаз, салыштыр:**

1. Мектеп китепканасы, шаардык китепканалар менен байланышың барбы, канааттанасыңбы? Ой-талабың кандай?

2. Ал боюнча дилбаян, реферат жазгыла. Окуу конференцияга катышкыла.

## § 3. «Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу»

**Бул темада:**

– Талыбас эмгек, арыбас мээнет, алдынкы өнөр билим аркылуу дөөлөткө жетишин.

– Мындай дөөлөткө жеткен кээ бир улуу инсандар, алардын эмгектери жөнүндө таанышасың.

**Эсиңерге түшүргүлө:**

– Окуу, билим менен дөөлөткө жетип, мурас калтырган инсандардан атагыла.

– Бүгүнкү билим аркылуу дөөлөткө жеткен, элин баккан, жаштарга үлгү болгон аталардын, энелердин ысымын эстегиле.

**ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮ:**



(1915–1950)

**Алыкул Осмонов** 1915-жылы Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында жарык дүйнөгө келген. Алыкул бир жашында апасынан, үч жашында атасынан ажырайт. Туугандары Алыкулду балдар үйүнө өткөрүп салышат. Пишпектеги балдар үйү 1920-жылга чейин гана иштегендиктен бардык тарбиялануучуларды Токмоктогу балдар үйүнө которушат. Бул жерге келгенден тарта Алыкулдун жөтөлү күчөгөн. Анын тарбиячысы Груня Савельевна Алыкулга жылуу сүт берип, өз үйүнөн таттуу-ширindиктерди алып келип, өз баласындай асырап караган. Алыкул Токмок интернатында өтө көңүл коюп, бардык сабактарынан жетишип окуган. Ал үлгүлүү пионер жана отряддын барабанчысы болгон. Бардык балдардай Алыкул да футбол ойногонду жакшы көргөн. Бош убактысында бокс менен машыккан. 1929-жылы Алыкул окууга тапшырганы Фрунзеге жөнөйт. Аны окууга Груня Савельевна узатат. Алыкулду атказып жатып Груня Савельевна көзүнө жаш алат. Алыкул бул көз жаштан биринчи жолу энелик мээримди байкаган. Ушул унутулгус мүнөттөрдү акын өзүнүн «Груня Савельевнага» деген ырында элестүү берет.

ГРУНЬЯ САВЕЛЬЕВНА

Март да кетти, апрель, май жакындап,
Көктө турна, көлдө каздар каркылдап.
Күнүң бүттү, кайтаар мезгил болду деп,
Кош ат келди үй жанына жакындап.

Мени акырын, «аман бол» – деп узаттың,
Көзүн карап өзүм минген боз аттын.
Колумду алып ылдый карай бергенде,
Мөлт, мөлт акты тоголонуп көз жашың.

Алыс кеттим, бармын өлүү эмесмин,
Мен барбасмын, сен да мага келбессин...
Жан боорумдай көңүлүмдө көз жашың,
Ата-энемден көз жаш көргөн эмесмин.

Далай таттуу даам жедим колуңдан,
Кем көрбөдүң өз бир тууган бооруңдан.
«Начар экен, бат оңолсун бала» деп,
Шашып турдуң чала уйкулуу ордуңдан, – деп Груньья Савельевнанын энелик эмгегине, мээримине ыраазычылыгын билдирген.

**Таазим:** 1968-жылы адабиятка сиңирген эмгеги эске алынып, ага Ленин комсомол сыйлыгы ыйгарылган, 1965-жылы акындын ысымындагы адабий сыйлык уюштурулган, 1997-жылы Бишкек шаарында акындын айкели тургузулган. 2003-жылы июнь айында акындын атын алып жүргөн Бишкек шаарындагы № 68 мектептин мурдакы бүтүрүүчүлөрү өз каражаттарына акынга таазим кылып, окуучуларга үлгү болуп, мектептин алдына А. Осмоновдун айкелин тургузушту. 2006-жылы бардык мектептерде, окуу жайларда акындын 90 жылдыгы белгиленди.

**Эсиңе тут:**

Өмүрүмө шарт бердим: Адамга жаман айтпаска, ушак, калп сүйлөбөскө. Жамандык кылбаска, көз артпаска, ач көз, сараң болбоско, кылдай арамдык, жамандык, кытмыр, арамза болбоско. Бечарага көзүмөн жаш көлдөтүп ыйлашка, эл үчүн жан аябаска. Заманым үчүн ак болууга.

*(Алыкулдун казынасынан)*

**Ачылыш жаса:**

1. Акындын адамдык сапаттарынын сага калтырган таасири кандай?
2. Акындын эмгектеринен жана чыгармаларынан өзүңө кандай үлгү, тарбия алуудасың?
3. Акындын калтырган мурастарын өстүрүп, өркүндөтүү боюнча сунушуң, пикириң, кошкон салымың?
4. Алыкулдун мекенчилдиги, ал өзүнүн экинчи өмүрүн жаратып, өзүнө өлбөс-өчпөс эстелик тургузуп, кийинки муунга түбөлүк мурас калтыргандыгы жөнүндө эссе, дил баяндар жазып, ачылыш жасагыла.

*Материалдар жыйнап, музейге, А. Осмоновго арналган бөлмөлөргө, класс кабинеттерге салым кошкула.*

## «АХУНБАЕВДИН ШАКИРТИ БОЛГОНУМА БАКТЫЛУУМУН!»

Иса Коноевич Ысык-Көлдүн Тору-Айгыр айылында 1908-жылы жарык дүйнөгө келген. Анын балалык чагы байдын малын багып өтсө, өзгөчө 1916-жылкы үркүндө сегиз жашында жандан өткөн суук, ачарчылык, аскалуу тоо таштарды, белдерди ашып, Кытай жергесине барып азап-тозокту көрүп кайтышы, кичинекей жанын келечекте ак ниет, чыдамкай, мээнеткеч болуп, элине кызмат кылуу, мекенин сүйүү сезимдери жан дүйнөсүндө бекемделгендей.

Ал 14 жашында калем кармап, күнүгө 20 км ден жол басып, Тору-Айгыр айылынан Балыкчы шаарына каттап билим алган.

Иса Коноевич Ахунбаев 1959-жылдын 19-майы Фрунзе шаарында Орто Азия жана Казакстан элдеринин тарыхында эң алгачкы болуп жүрөккө операция жасаган. И. К Ахунбаевдин «өмүрлүк кредосу»: *«Менин максатым жүзөгө ашты! Мен – хирургмун! Эми менин бүтүндөй жашоом менин ооруларымдын жашоосу, менин үйүм – мен иштеген оорукана»* – деп, адамдык врачтык ыйманы алдында сыр ачкан. Ал калган жашоосу ичинде шерт бергендей бекем, кристаллдай таза болгон.

Хаким Бебезов – даңазалуу хирург, профессор, Кыргыз-Россиялык Славян университетинин госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы. Өзү өмүр отун талашкан клиникада И. К. Ахунбаевдин жаркын элесине арналган музей түзүп койду. Дагы бир чоң эстелик: «Ахунбаевдин шакирти болгонума бактылуумун»,– деп сыймыктануу менен эскерет.



(1939–1992)

**Улуу актер, чыгаан сүрөтчү Сүймөнкул Чокморов** уникалдуу ой жүгүрткөн сүрөткер, актерлук эки өнөрдү аркалап, элине ак кызматын өтөгөн

инсан. СССРдин эл артисти, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү, даңазалуу киноактер. «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй» – деп, учурунда Жолон Мамытов бекеринен жазган эмес. Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаты, сүрөтчү Асан Турсункулов: «Сүймөнкул агадан жөнөкөйлүктүн бар экенин тааныгам».

**Жыйынтык:**

Бул адамдын өзүн тааныгандыгы, өзүнүн окутуучусуна баа берүү, эмгегин эскерүү, таазим кылуу адамдагы эң чоң жоопкерчилик, адилеттүү сапат, адамгерчилик.

**Ойлон, изден, тап, аткар:**

1. Кыл-калемдин чебери Сүймөнкул Чокморовдун жолун жолдогон кыргыздын атуулдарын атагыла.
2. Силердин араңарда да сүрөтчүлүктү, актерлукту каалагандар барбы?
3. Ар дайым сүрөт музейинде уюштурулган чыгармачыл инсандардын эмгектери менен таанышсыңарбы?
4. Актерлук жана сүрөтчүлүк ийримдерине катышууңар кандай? Ой-пикириңди жаз, сунушта.

## ЖЫЛДЫН АДАМЫ – ЖЕҢИШБЕК НАЗАРАЛИЕВ

«Атанын уулу болуш урмат»,
«Элдин уулу болуш кымбат».

*(Элдик нускадан)*

Америкалык библиография институтунун (АБИ) изилдөөлөрү боюнча Эл аралык кеңеши медицина тармагындагы планеталык масштабда жетишкендиги, дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн медицина илиминин доктору Ж.Назаралиевге «2002-жылдын мыкты адамы» наамын ыйгарып, «Выдающийся лидер» медалы менен сыйлаган.

2001-жылы доктор Назаралиев өкмөттүк эмес «Наркотиктерден сырткары аң-сезим» деген дүйнөлүк лиганы уюштурган. Бул глобалдуу лиганы БУУнун генералдык секретары Коффи Аннан, ЮНЕСКОнун директору Кончиро Мацууру, улуу урматтуу принц Ага Хан, Бутандын премьер-министри Леонпо Кинзанг Доржи жана башкалар колдоп чыгышты.

Женишбек Назаралиев – медицина илиминин доктору, профессор, Россиянын табигый илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, СССРде жана КМШда биринчи Медициналык-илимий наркологиялык (Бишкек шаарындагы) борбордун президенти; бангиликтен жана аракечтиктен дарылоонун жаңы ыкмасынын автору.

*Х. Сартов*

**Талда, салыштыр, жыйынтык чыгар:**

1. Тамеки тартууга, ичкилик ичүүгө болгон көз карашыңар кандай?
2. Аракчорлуктун, бангиликтин зыяндуулугу жөнүндө терең түшүнүгүңөр барбы?
3. «Атаке, ичпечи!», «Энеке, мени таштап кетпечи!» – деген чакырыктардын жашоодогу орду кандай?
4. Келечек тукумубуздун тазалыгына сенин сунушуң, пикириң, салымың.

**Эсиңе тут:**

Эмгегиңден эл билсин,
Алдыга чыгып ар иште.
Ак болоттой жаркылда,
Ошондо сени эл билет,
Эмгегиңди эскерип,
Атыңды коёт белгилеп.
*(Эсенкан Тынаев)*

**Изде, тап, оку, жаз:**

Элибизден чыккан улуу инсандардын бейнелеринен түзгүлө.

## § 4. Башка элдерден биз эмнени үйрөнүшүбүз керек?

**Бул темада:**

– Өзүбүздүн өлкөбүздө ашыкча чыгарылган товарларды тышкы өлкөлөргө чыгарууну.
– Өзүбүздө жетишпеген жок нерселерди чет мамлекеттерден алып келүүнү.
– Ар түрдүү улуттардын адамдык асыл сапаттарын өзүбүзгө кабыл алууну.
– Көп тилдүүлүккө үйрөнүүнүн зарылдыгы жөнүндө биле алабыз.

**Эстегилечи:**

– Базар экономикасынын шартына ылайык адамдарда кандай сапаттар болушу керек?

– Башка улуттарга тиешелүү болгон кандай сапаттарды билесиңер?

– Өз элибиздин кандай жагымсыз көрүнүштөрү бар?

– Көп тилдүүлүк жөнүндө эмне билесиңер?

**Билдирүү:**

Дүйнө жүзүндө эң көп мамлекеттер, эки миң түрдүү эл жашайт. Ар биринин өз мамлекеттик тили, герби, туусу, гимни, армиясы, тартипти сактап турган күчтөрү болот. Биздин Кыргызстан дагы өз алдынча өнүгүүгө ээ болгон жаш мамлекттердин катарына кирет. Бүгүнкү рынок заманына шайкеш келген сапаттарга ээ болуш үчүн башка элдердин да мыкты касиеттеринен өрнөк алуу керек. Мисалга алсак: орустардын ачыктыгын, немецтердин тактыгын, кытайлардын мээнеткечтигин, япондордун тартиптүүлүгүн, англичандардын тетиктигин, французздардын кылдаттыгын, арабдардын динге бектиги сыяктуу ар түрлүү калктардын жакшы сапаттарынан таалим алсак элибизге пайда. Пакистан элинин улуу ойчулу, өз заманынын даанышманы, өз элинин руханий жүзүн, кудуретин, үмүт-тилегин жар салган акылманы айткандай, биздин да мамлекетибиз түптөлдү, жерибиз – кооз, кенге, сууга бай, абабыз таза, жаратылыш берген байлыкты андан ары өркүндөтүп өстүрүү биздин гана өз колубузда. Башка элдер менен өсүп-өнүгүү, маданий байлыктарыбыз, руханий дөөлөттөрүбүз менен алыш-бериш, карым-катнаш жүргүзүшүбүз зарыл. 2002-жылдан бери Кыргыз Республикасынын аялдар конгрессинин төрайымы З. Акбагышованын жетекчилиги менен Польшадан үйрөнүп келишип, «Бизнес инкубатор» клубу уюштурулуп, республикабыздын көптөгөн аймактарында ийгиликтүү иштеп жатышат.

**Ой толгоо:**

Эң негизгиси «Эмгек эрезеге жеткирет» дегендей, адал эмгек кылууга, өз мекенибизди аздектеп терең сүйүп, мекенчил болууга үйрөнөлү.

**Алтын эреже:**

«Ак сөз, асыл ой, адал иш» жашоонун эрежеси. «Сен ак болсоң, мен ак болсом, коомубуз таза болот».

*(И.Раззаков)*

1. Өзүбүздөгү ашыкча нерсени башка өлкөлөргө чыгарып, жок нерселерди тыштан алууга алака түзүүгө.
2. «Көп тилдүүлүк, бул билимдүүлүк», – деп үйрөнүп жатабыз.
3. Дүйнөлүк стандарттагы байланышка чыга алдык.

## КӨП ТИЛДҮҮЛҮК

Ар бир эл, ар бир адам өзүнүн эле чөйрөсү менен чектелип, «өз казанында өзү кайнай» берсе анда прогресс, өсүү деген болбойт. Бир адам экинчи бир адамдан билим, тарбия алган сыяктуу, элдер да бири-бири менен алыш-бериш, карым-катыш жасап, биринен-бири үйрөнүп, бирине-бири үйрөтүп дегендей, жалпы адамзат түзгөн илимий, рухий дөөлөттөргө, асыл-нарктарга жетишүүгө умтулат. Кыргыз эли, Кыргызстан өткөн кылымдын 50–60-жылдары социалдык-экономикалык, билим жана маданият жактан өнүгүүдө негизинен орус тилине таянган. Кыргыз тилинин коомдук милдетин, кадыр-баркын көтөрүү, биринчиден кыргыздардын өз эркинде, колунда. Дүйнөдөгү өнүгүп-өскөн элдердин катарына кошулалы десек, анда биз эч чочулабай, тартынбай, кысынбай эле орус, англис, кытай тилдерин окуп үйрөнүп, өз турмушубузду байлабай колдоно билишибиз зарыл. Кыргыз элинин жашоосуна орус тилинин тийгизген таасири абдан чоң. Залкар жазуучубуз Ч.Айтматовдун: «Пушкинди сүйүп окуган адам, орус тилин да сүйөт»,– деп айтканы бар.

**Эреже:**

«Канча тил билсең ошончо адамсың» демекчи, «Көп тилдүү билим берүү» долбоорунун иш-аракеттери жүйөлүү. Өз эне тилинде эркин сүйлөө менен башка чет тилдеринде да өз оюн жеткире билүүдөн өткөн жыргал нерсе болбостур. Бир тараптан биздин жашап жаткан заманыбыз, өлкөбүздүн талабы тил үйрөнүүгө, маданият таанууга үндөөдө.

**Биздин милдет:**

Чет элдиктер – Корея, Кытай, Япония, Түркия, Индия, Египет, Англия, Германия, АКШдан келип, Кыргыз Улуттук Университетинен билим алуу үчүн орус, кыргыз тилин үйрөнүүгө далалат кылышат.

Ар кайсы өлкөдөн, ар кандай кулк-мүнөздү, ар кыл үрп-адатты тутунган жаштарга орус же кыргыз тилин үйрөтүү менен бирге, кыргыздын улуттук өзгөчөлүгүн бекем сактап, салт-санаасын чет элдик жаштарга жеткирүү, кыргыз жергесин ыйык тутуп, өздөрүн кыргыз атуулундай кармоону жаны-канына сиңирүү башкы милдет.

**Сунушуң, оюң, пикириң:**

1. Сен кандай тилдерди үйрөнүп жатасың?

2. Базар экономикасына болгон сенин көз карашың жана сунушуң?

3. Келечекте сенин көздөгөн кесибиң жөнүндө дилбаян жазгыла.

## § 5. Өлкөнүн ички жана тышкы биримдиги

**Бул темада:**

– «Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы» – деп, бүгүнкү цивилизацияда жалпы адамзат маданияты агымында кандай болуу.

– Бардык элге аяр мамиле жасоо.

– Ар кандай ички коркунуч жана коопсуздук себептери жөнүндө биле алабыз.

**Эстегиле:**

– Эгемендүүлүк мезгилинен бери кандай өзгөрүүлөр болуп жатат?

– Ар кандай коопсуздук, коркунучтарды, анын себептерин билесиңерби?

– Биздин өлкөнүн тышкы саясаты жөнүндө эмнени билесиңер?

**Билдирүү:**

Учурда кыргыз эли өз башынан мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөрдү өткөрүп жатат. Өлкөбүз байыркы тарыхынан

бери бүткүл дүйнөгө мынчалык даңаза болуп көргөн эмес. Көптөгөн өлкөлөрдүн калкы эгемендүүлүктүн он беш жыл ичинде кооз жерибизге суктанып, байыркы кыргыз тилин угуп, кыргыз күүлөрүнө мукамы канып, жалпы адамзат маданияты менен элибиздин, цивилизациянын тарыхына жана маданиятына салымыбызды байкап жатышат. Кыргызстанга болгон урмат соңку жылдары БУУнун колдоосу астында өткөрүлгөн «Манас» эпосунун миң жылдыгын майрамдоо, Эл аралык Тоо жылы жана Бишкектеги дүйнөлүк Тоо саммити сыяктуу эл аралык деңгээлдеги залкар окуялар бардыгыбыздын жүрөгүбүздө сакталып турат. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын өткөрүү дагы ушундай эл аралык зоболосу зор окуя болуп калды. «Элүү жылда эл жаны, жүз жылда жер жаны» дейт бабалардын накыл сөзү. Ал эми кылымдардан бери жашап келе жаткан кыргыз улуту жакынкы эле он беш жылда терең жаңыртууларды баштан өткөрдү. «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» дегендей, байыртадан бери Кошой, Бакай сыяктуу аксакалдарыбыз кыргыз урууларынын өз ара чатактарын ырбатпай, бири-бирине наараазы болтурбай, ар дайым жакшы мамиледе, ынтымакта жашоосу үчүн өмүрүнүн аягына чейин күрөшкөн. Тарыхка кайрылсак, Атаке баатыр, Кубат бий, Алымбек датка өз элинин жыргал турмушу үчүн кам көрүп, адилет бийлик жүргүзүшкөн. Бардык ишти акыл менен бүтүрүп, бардык элге чоң, кичинекей дебей аяр мамиле жасаган.

**Ички коркунуч жана коопсуздуктун себептерин билесиңби?**

1. Өзүбүздүн жаштарыбыздын башка динге өтүп кетип жатышы, ички биримдик күчтү начарлантуучу себептердин бири.

2. Сокур жердешчилик, уруучулук.

3. Жалпы коомчулуктун кызыкчылыгынан өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору коюшу.

*Биз окуучулар мындай ички коопсуздукту болтурбоо үчүн кандай салымыбызды кошо алабыз?*

**Менин сунушум:**

Биздин республикабыздай чакан өлкөлөр үчүн өз коопсуздугун камсыз кылуу – кыйла актуалдуу маселе. Биз мын-

дан ары да дүйнөдө туруктуулукту чыңдоого салым кошуп, эл аралык курч маселелерди биргелешип чечүүгө умтулган бардык өлкөлөр менен улам тыгыз кызматташа беребиз.

**Кыргызстан тышкы саясатында:** тынчтыкты, республиканын чек араларынын туруктуулугун сактоо, КМШнын жана дүйнө элдери менен ар кандай байланыштарды чыңдоо, КМШдагы улуттук кагылышууларды токтотуу, алардын Кыргызстанда болушуна жол бербөө, чет элдик инвестицияларды өлкөнүн эл чарбасына көбүрөөк тартуу, эл аралык соодага улуттук өндүрүүчүнүн продукцияларын алып чыгуу, Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка эл аралык уюмдардын иштерине активдүү катышуу, нейтралдуу абалды сактоо жана башка принциптерге таянат.

Азыркы кезде 3 млн ашык кыргыздар бар, алардын 0,5 млн ашыгы башка өлкөлөрдө жашайт. Кыргыздардын 1992-жылы август жана 2003-жылкы биринчи жана экинчи бүткүл дүйнөлүк курултайы, 24-март 2005-жылкы окуялар кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өнүгүшүндөгү орчундуу окуялардан болду.

## УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУНУН ЖАҢЫРЫШЫ

Улуу Жибек Жолу бул маданияттын жана цивилизациянын тарыхый эң маанилүү окуяларынын, фактыларынын күбөсү болуп турган жолдор. Кыргызстандын аймагы аркылуу атагы ааламга тараган дүйнөдөгү эң ири Улуу Жибек Жолу өткөн. Улуу Жибек Жолу чыгышты батыш өлкөлөрү менен байланыштырып, биздин заманга чейинки экинчи кылымда ачылган. Ошол мезгилден баштап мамлекеттер жана өлкөлөр Жибек Жолу аркылуу ар түрдүү элдердин турмушу, кесиби жөнүндө маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Улуу жолдогу соода кербени өзгөчө VIII–XII кылымдарда өнүккөн. Ушу мезгилде азыркы Кыргызстандын аймагында үйлөр, сепилдер, мунаралар, кербен сарайлар салынган. Эл жыш отурушкан жерлерде шаарлар пайда болуп, кол өнөрчүлүгү өнүгүп, соодага кызыккан адамдардын саны арбыган. Улуу жол аркылуу чыгыш мамлекетинен Борбордук Азияга сансыз көп түрдүү дүнүйө мүлктөр: кытай жибектери, кездемелери, темир буюмдары, идиш-аяктар, алтын, күмүш зергер асем жасалгалары ташылып келип турган.




Соода жолу Багдад шаарынан башталып эки тарамга бөлүнгөн, бири түштүк тарапка кетип, Фергана жолу деп аталган, түндүккө кеткени Түрк жолу деп аталган. Түштүк жолу Ферганаңы аралап Ош аркылуу Өзгөн шаарына келген. Оштон Өзгөнгө кеткен автомобиль жолу IX–X кылымдардагы кербен жолу менен туура келет. Өзгөндөн чыккан жол көк мелжиген бийик тоолор, капчыгайлар, татаал ашуулар аркылуу өтүп, Ысык-Көлгө алып келген. Барскоондон жолго чыккан кербенчилер Ат-Башыга жетип, Торугарт кербен жолуна түшүшкөн, андан ары Кытай жолуна жөнөгөн. Жолдо Ташрабат кербен сарайына түнөп, төөлөрүн, унааларын эс алдырып, узак жана катаал жолго камынышкан. ЮНЕСКОнун генералдык конференциясынын чечими менен Улуу Жибек Жолун комплекстүү изилдөө боюнча ЮНЕСКОнун долбоору кабыл алынган. Улуу Жибек Жолу жөнүндө беш бөлүктөн турган илимий-популярдуу толук метраждуу фильм тартуу; Улуу Жибек Жолу өткөн элдердин маданиятын өнүктүрүү боюнча илимий-практикалык конференция өткөрүү; ар кандай автосаякаттарды уюштуруу; туристтик маршруттарды ачуу. Биринчи ирээтте Ош – Эркечтам – Кашкар кара жолун реконструкциялоо, Жалал-Абад – Торугарт – Кашкар темир жолун куруу ойлору айтылган.

**Изде, тап, аткар.**

1. Элибиздин ички биримдигинин начарланышынын кандай себептерин билесиң?

2. Бизде жашаган көп улуттуу элдердин ортосундагы достук, ынтымактык жөнүндө сенин оюң, сунушуң?

3. Өлкөбүздүн тышкы коопсуздугун, биримдигин чыңдоонун кандай жолдорун билесиң?

4. Манас атабыздын өлкөбүздү «көздүн карегиндей сактоо» деген осуятынын жашоодогу орду жөнүндө реферат жазгыла.

## § 6. Кыргыз элинин достугу

**Бул темада:**

– Өлкөбүздө 80ден ашык улуттун достукта жашашы.

– Жакынкы, алыскы өлкөлөр менен карым катнашта жашоо жөнүндө.

– Достук үйлөрү, Эл аралык фонддор жөнүндө билесиңер.

**Эстегилечи:**

– Дос, достошуу, достук деген эмне?

– Байыркы бабалардан келе жаткан достук мурасы жана анын турмуштагы орду.

– Достук жөнүндө акын-чыгармачыл адамдардын айткандары.

– Улуттар арасындагы достук.

– Улуттук маданий борборлор жөнүндө.

**Накыл нуска сөздөрдөн:**

«Эр достугу – эгиз, эл достугу – деңиз».
«Айрылган эл – азаар, кошулган эл – озоор».

**Билдирүү:**

Улуттун, адамдын стабилдүү бакубат жашоо-тиричилигине бекем тирек болуп бере турган жогорку дөөлөт – бул достук. Достук, кызматташтык, шериктештик багытында кыргыздын элдик философиясы да бизге туура жолду көрсөтүп турат. *«Ынтымак түбү – ийгилик, тирлик түбү – бирдик»*, *«Бирдик болбой, тирдик болбойт»*, *«Эки эрдин дос-*

*тугу – бир белден ашырат», «Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт», «Бөлүнгөндү бөрү жейт»* деген сыяктуу акылман насыяттар жалгыз дарак токой болбостугун, жалгыз таруу ботко болбостугун, жалгыз аттын чаңы чыкпастыгын, чаңы чыкса да даңкы чыкпастыгын турмуш акыйкаты катары тастыктап турат.

**Кандай глобалдык коркунучтар бар экенин силер билесиңерби?**

*«Атың теппейт дебе, итим каппайт дебе»* дегендей, эл аралык терроризм, наркобизнес, диний экстремизм, потенциалдуу регионалдык жана глобалдык коркунучтар Кыргызстандын коопсуздугу үчүн опурталдуу көрүнүштөрдөн болуп саналат. Мындай коркунучтуу балээлер менен күрөшүү жалгыз республиканын, жалгыз бир өлкөнүн колунан келбестигин тажрыйба көрсөтүп жатат. Мына ошон үчүн жакынкы жана алыскы чоң, кичине калктар менен кол кармашкан достукта туруу улуттук мүдөөнүн кызыкчылыгы.

## ИЧКИ САЯСАТТАГЫ ДОСТУГУБУЗ КАНДАЙ?

Эл аралык мамилелердеги, тышкы саясаттагы достугубуз ички саясатта да чың болушу керек. «Ынтымак достордун жолун ачат, ынтымак болбосо ырысың качат», «Ырыс алды ынтымак, ыркы жокко барк конбос» деген эл макалынын мааниси дайыма эсте турганы оң. Достукка бекемдик – ыймандуулуктун белгиси. Достук – Манас атабыздын бизге калтырган улуу жети осуятынын бири. Эгемендүү Ала-Тоо достугу чың болсун!

Акындардын достук жөнүндө айткандарын эске салгыла.

Өз мезгилинде улуу төкмө акын Т.Сатылганов кыргыз-казак элинин достугун:

Салам айтып турамын,
Бир тууган казак жалпыңа.
Самтырап турсам мусаапыр,
Сагынган менен жете албай,
Санжыра кыргыз калкыма,
Улуу жүз казак туушкан,
Уккула менин муңумду:

же: Эл экенбиз башынан,
Казак-кыргыз бир тууган.
Туушкан элди бөрүлөр,
Бири-бирине кас кылган, – деп сүргүндөн качып келе жатканда ырдаганы далил.

Ак калпак кыргыз калкыбыз бар,
Атадан калган ыйык салтыбыз бар.
Бир болуп орус менен түбөлүккө,
Жашайлык тынчтык, достук бактыбызга.

**Кайырма:** Кыргызстан – Россия
Мээримдүү элдер
Пейли кенен.
Алга, алга барабыз,
Тынчтык үчүн, достук менен! – деген Мырзабек Тойбаевдин ыры.

Тапшырма: Достукту окуп-үйрөнгүлө, билдирүү жасагыла.

## § 7. «Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү»

**Бул темада:**

– Эл-журттун бүтүндүгүн сактоо үчүн көрүлгөн камкордук.
– Улут аралык биримдик, кызматташтык жөнүндө.
– Кыргыз элинин достугу, биримдиги жөнүндө биле аласың.

**Эстегиле:**

– Кыргыздардын билим түпкүрүнөн «Биримдик, ынтымак» деген ураан чакырыктарын билесинерби?
– Ата-бабалардын мындай салтынын учурдагы орду кандай?
– Улуу инсандардын биримдик, ынтымак жөнүндө айткандары.
– Биздин өлкөдөгү көп улуттуу элдердин биримдиги.

**Билдирүү:**

Эч ким бузуп ала албайт,
Бирдиктүү элдин калаасын
Ар ким жумшап кул кылат,
Бирдиксиз элдин баласын.

*(«Сейтектен»)*

«Манастын бүт аракети бүлүнгөн эл-журтту бүтөйм, үзүлгөнүн улай, чачылганын жыйнайм деген максатта болгон. Эл ичинен ырк кетип, өздөн чыккан жат күч алганда, Манастын ордосу кулаган. Ошондо кыргыздан оомат кетип, жылдызы өчкөн. Даанышман Бакай бабабыздын кылымдар түпкүрүнөн үн каткан: «Байкагыла балдарым, бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», – деген осуяты бүгүнкү күндө дал ушул биз үчүн айткандай угулат.

«Бөлүнгөндү бөрү жейт» деп келишкен ата-бабаларыбыз. Бөлүнүп-жарылуу кайгы-муңдан башка эч нерсени алып келбеси бышык. «Ырыс алды ынтымак» дешип акылман карыяларыбыз, даанышман апаларыбыз байыркы мезгилден бери ынтымактуу жашоону даңазалап, элин ынтымакка үндөп келишкен. Ата-бабаларыбыздын мындай салты азыркы учурда да өрнөк болууда.

1992-жылы Кыргызстан дагы бир дүйнөлүк кадыр-барктуу уюм ЮНЕСКОго мүчө болуп калды. Кыргызстан 40тан ашык бүткүл дүйнөлүк эл аралык уюмдардын мүчөсү.

*Улут аралык ынтымак жана кызматташтык жөнүндө эмнени билесиңер?*

«Элди кандай күч бөлүп-жарарын изилдеп баш оорутпай,
Элди кандай күч бириктирип турарын изилдеп билген оң».

*(Л. Толстой)*

Бул – «Манастагы» өзөктүү окуялардын бири. Манастын улуулугу кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип, башка калктардын ак ниет инсандарын ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бул жагынан Манас менен Алманбеттин мамилеси, достугу – биз үчүн көөнөрбөс нуска. Тагдырдын жазмышы менен жергебизди мекендеген 80ден ашык элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, аларды өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айланды-

рып, алыс-жакын мамлекеттер менен достук мамиледе болуу Манастын өрнөгүнө ылайык азыр да биз үчүн парз.

Ынтымак ыйык жана бийик, «Элибиздин бейпилдиги – эне-баланын күлкүсүндө», «Бала жакшы мезгилдин келишин күтүп турбайт», «Өлкөнүн келечеги балдарга байланыштуу болгон соң, аларга кам көрүү – келечекке кам көргөндүк».

**Ойлонгула, салыштыргыла, сунуштагыла:**

1. Мектептерде көп улуттуу балдар окуйсуңар – ортоңордогу биримдик, көз караш, мамилеңер кандай?
2. Жалаң кыргыз, өзбек ж.б. бир улуттагы, бирок ар кандай аймактан келип окуган балдардын өз ара мамилеси, жардамдашуу, колдоо жактары кандай?
3. Силер кошумча ар кандай билим, өнөр үйрөтүүчү борборлордо окуган жерлердеги балдардын мамилелери жөнүндөгү сунуш-пикирлериңер кандай?

## ЫНТЫМАК – МҮРӨК СУУСУНДАЙ

Улуттарга ынтымак керек экен,
Уруштарда биримдик жөлөк экен.
Элдин эрки болоттой курчуганда,
Эрдиктердин мезгили келет экен.
Тамырлашып, ортобуз аралашпыз,
Тынчтык тилеп Кудайдан санаалашпыз.
Топурагын кастарлап асыл жердин,
Тоо этегин байырлап талашабыз.

*(Надырбек Алымбеков)*

## ОШ ОКУЯСЫ

*(1990-жыл)*

Тоо термелет турбайбы кулаарында,
Добулду эңсейт бай терек сынаарында.
Эл кагышып көп жерде кан төгүлдү,
Эркиндиктин желпинип кумарына.
Кырсык деген көлөкө калкып өтүп,
Кыргыздарды кур койбой чарпып өтүп.

Зоодон кулап кеткендей элес калды,
Совет эли бөлөнгөн алтын бешик.
Бойго сыйбай дүркүрөп кан-жаныбыз,
Болуп өттү түштүктө жаңжалыбыз.
Жер талашып эки улут кагышышып,
Жетим калды канча бир балдарыбыз.
Таалим алып турмушта сабакташпыз,
Учур келсе баш кошуп акылдашпыз.
Түрк тилинде сүйлөшүү аздык кылаар,
Түпкү энебиз бир чыгаар, жатындашпыз.

*(«Эркин-Тоо» 30.08.2002-жыл. Н. Алымбеков)*

Бул ырдын мазмунун анализдеп, талдап, түшүнгүлө.

**? Суроолор жана тапшырмалар.**

1. Ала-Тоонун бүтүндүгү, ак калпак журттун биримдиги, адилеттүү акыйкат достукту туу тутуп, жашоодогу салымдарыбыз кандай?
2. «Эл аман, эл ичинде мен, сен, ал дагы аман болсун» деген улуу биримдикти сактоо жөнүндөгү сенин оюң, сунушуң?
3. «Элдин бактысы – эл башында» дегенди чечмелегиле.
4. Ата-Журт деген ыйык сезим ар бирибиздин көкүрөгүбүздөн түнөк таап, ынтымактуу, мээримдүү жашоого жетиштикпи же жетишпей өмүрлөр сая кетүүдөбү? Дилбаян жаз.

## § 8. Индивидуалист жана коллективист

**Бул темада:**

– Өзүмчүл инивидуализмдин табияты.
– Жалан акчага, соодага негизделген өз ара мамилелер.
– Элибизге мүнөздүү болгон коллективдүүлүк жөнүндө биле аласың.

**Эстегилечи:**

– Тарыхта «жеке адамга сыйынуу» кандай болгон?
– Анын зыяндуу жана пайдалуу жактарын айырмалай алдыңарбы?
– «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген элдик накылдын бардык доордо так, тууралыгын байкадыңарбы?

## ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮЛӨР:

Өткөн тарыхыбызга көз чаптырсак, «жеке адамдын керт башына сыйынуу» деген доор өткөн. Ошол учурда СССР деген чоң мамлекетти Сталин жетектеп турган. Бул адамдан үлгү кылып ала турган жакшы сапаттары: чечкиндүү, темирдей бекем тартиптин боло тургандыгын каалаган, өз сөзүндө бек турган ж.б. Ошол мезгилде жол башчыда мындай сапаттар болбосо, мүмкүн Улуу Ата мекендик согушта жеңилүүгө дуушар болуп калмак белек. Темирдей тартип ийгиликтердин жаралышына шарт түзөт. Бирок эл менен эсептешпей, жеке адам өз оюн, пикирин көпчүлүккө таңуулоо да туура эмес экен. Бул саясаттын бүгүнкү күнгө чейин келечек муундарды аксатып, кесепети тийгендигин тарых далилдеп жатат. Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлери сталиндик буйрукчул системанын натыйжасында «Улутчул» катары бааланып, 138 адам репрессиянын курмандыгы болушкан.



### АТА БЕЙИТ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮГҮҢӨР БАРБЫ?

Ата бейит – саясий репрессиядан курман болгон атуулдарга арналган мемориалдык комплекс. Аламүдүн районундагы Чоң-Таш айылынан орун алган. Ата бейиттин орду 1937-жылга чейин кыш чыгарган цех болгон. Ошол каргашалуу окуяны, ал жерде кароолчу менен атасына тамак алып келген 12 жаштагы кызы Бүбия көргөн. Атасы өлөрүндө: «Өлөрүмө аз калды окшойт, аларды аткан жерге 2–3 таш белги койгом. Кокус менин көзүм өтүп кетсе, армандуу кетпейин», – деп кызын ээрчитип барып көрсөткөн. Эгемендүү эл болгонубуздан кийин, ошол кыз Кадыралиева Бүбиянын билдирүүсүнүн

негизинде 2000-жылы 14-июлда эстелик тургузулган. Комплекстин архитектору К. Алымкулов. Бул мемориалдык комплексте эл душманы деп жалган жалаа менен атылган 138 адамдын сөөгү коюлган. Тарыхый чындыкты калыбына келтирүүгө кошкон салымы үчүн Кадыралиева энебиз «Эрдик» медалы менен сыйланган.

**Биздин милдет:**

Ошол «Ата бейиттеги» кыргыздын эң карлыгач инсандарынын эмгегин эскерип, аларга таазим кылып туруу ар бирибиздин парзыбыз.

## «АТА БЕЙИТ»

Элүү үч жылдан кийин,
Окулган жаназасы.
Отуздан жаны ашкан,
Жүз отуз жети кыраан.
Мезгилден алда турган,
Жүз отуз жети чыгаан.
Эл үчүн эмгектенип,
Эмгекке болгон ураан.
Адамдык чектен чыккан,
Мыкаачылык зардабынан.
Элүү үч жыл бир чункурду,
Айкашып түнөк кылган,
Дилгирдей «эл душманы»,
Элине эмне кылган!?
Бүркүттөй бүктөлбөгөн
аталардын
Жаткан жери бүгүн мазар,
Бийликтин бир кездеги
Айкындап анык жүзүн
Сөз берет «Ата бейит».
Дайынсыз жок болушкан
Отуз миңдей аталардын
Эскертет «Ата бейит!».

*(Ы. Кадыров)*

**Накыл нуска сөздөрдөн**

«Ак ийилет, бирок сынбайт».
«Азчылык көпчүлүккө баш ийет».
«Баш кесмек бар, тил кесмек жок».

«Кара кылды как жарган калыстык керек» экендигин карт тарых ар качан далилдеп жатат.

**Салыштыр, талда, өзүң жыйынтык чыгар.**

«Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген ата-бабадан келе жаткан мурастын тактыгын, тууралыгын өлкөбүздөгү 24-март 2005-жылдагы окуя да далилдеди. Ошондуктан ар бир нерсени оң, туура жактарын жана терс, жетишпеген жактарын ачык түшүнө, көрө билүү менен пайдалануу керек.

**Саякат жасагыла, көргүлө:**

*«Миң уккандан бир көргөн артык».*

– Өзүңөрдүн ой-пикир, каалоо сунуштарыңарды дилбаянга жазгыла.

## ӨРНӨКТҮҮ ЖЕТЕКЧИЛЕР

«Мен бүгүн 29 жашка толдум. Жылдар өтүп жатат. Бирок биз жылдар менен эмес, аткарган иштер менен жашайбыз».

*(Ж. Абдрахмановдун күндөлүгүнөн)*

**ТАРЫХЫЙ БИЛДИРҮҮЛӨР:**



(1904–1937)

**Ж. Абдрахманов** мамлекеттик ишмер катары беттегенин бербеген, профессионалдуу кадрларга айрыкча маани берген, милдетти туура аныктоо, эмгекке түрткү берүү, сапаттуу башкаруу, эл турмушунун деңгээлин жогорулатууга чоң маани берген адам болгон. Кадр тагдырын жең ичинен, ат үстүнөн чечүү, эмне үчүн кызматка көтөрүлүп, эмне үчүн түшүп калганын өзү тургай башкалардын да билбей калышы эң начар психологиянын жаралышына, таралышына шарт түзөт деп эсептеген. Ийгиликтерге караганда кемчиликтерге көбүрөөк көңүл бөлүп, ага өзү жоопкер экендигине катуу басым жасаган. Эмнеси болсо да, өлкө жетекчилигинен тарых өзү талап кылган деңгээлде кармоону каалаган.



(1910–1979)

**Исхак Раззаков.**

Тажиктин тузун таткансың,
Таалайдын кенчин тапкансың,
Айтылуу өзбек элине,
Акылың менен жаккансың.

*(С. Жусуев)*

И. Раззаков Өзбек жана Кыргыз ССРинин экономикасынын жана маданиятынын өркүндөп-өсүшүнө чоң салымын кошкон. Анын уюштуруучулук жөндөмү, зор энергиясы, өзгөчө Кыргызстандын эл чарбасынын, социалдык-экономикалык өсүшүнүн иш-чараларын иштөөгө жумшалган.

**И. Раззаковдун учкул сөздөрүнөн:**

– Мен эмне иштеп, эмне бүтүрдүм, ким үчүн эмгек кылдым? – Эл калыс...

– Иштен качкан адам – идирексиз адам.

– Инабаттуу өмүр сүрөм десең, иштен тажаба, иштей бил.

– Намыстуу болсоң, жеңишиң арбын болот.

– Бирөөлөрдүн күчтүүлүгүнөн коркпо, өзүңдүн чабалдыгыңан корк.

– Өлбөй калуунун жолу барбы? – Ал эмгек, эмгек гана адамды түбөлүк жашатат.

– Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом дагы таза болот.

**Султан Ибраимов.** Көрүнүктүү коомдук ишмер, бүткүл өмүрүн элдин кызыкчылыгы, эртеңки келечеги үчүн арнаган. Өзгөчө түштүк жергесинде эмгеги, кадыр-баркы айтып бүткүс. Ош облусун 10 жыл бою башкарып, 8 ирет Союздук өтмө Кызыл Тууну жеңип алган биринчи катчынын өмүрү, ишмердүүлүгү, анын адамдык жеке турмушундагы өчпөс изи, салымы чоң. Ош шаарында С. Ибраимов атындагы Кыргыз Драма театрынын жанында, элдин эсинде түбөлүккө сакталып калган залкар жетекчинин эстелиги тургузулган.



(1927–1980)

**Жыйынтык:**

Калкыңдын ойлоп жыргалын,
Кайратың жумшап тынбадың.
Ала-Тоого желпинтип,
Адилет туусун ыргадың, – деп С. Жусуев көрсөткөндөй бул үч улуу инсандардын акыйкат, көрөгөч, уюштургуч,

адилеттүү, чынчыл, ак эмгеги, эл үчүн талбай кылган кызматы, сабырдуулугу, канииеттүүлүгү, айкөлдүгү, гумандуу касиеттери ар дайым бүгүнкү жана келечектеги эл башкарган бийлик ээлерине үлгү-насаат, түбөлүк мурас экенин билели.

**Тапшырма**

Өзүңөргө кандай сапаттарды кабыл алып, жан дүйнөңөргө калыптандырууну чечтиңер?
Ал улуу инсандардын эмгек жолун, адамдык асыл сапаттарын окупүйрөнүп, үлгү алуу үчүн алардын бейнесин (образ) түзгүлө.

## § 9. «Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк»

**Бул темада:**

– Адамдын эң асыл сапаттары, анын жашоодогу орду – бата.

– Батанын маани-маңызы, таасири.

– Ак бата – улуттук рухтун улуу касиети, даанышмандыгы жөнүндө билесиң.

**Эстегилечи:**

– Адамдагы адамгерчиликтин туу чокусу – гуманизм жөнүндө эмнени айта аласыңар?

– Адамдардагы айкөлдүк, кечиримдүүлүктү байкадыңарбы? Өзүңөрдөчү?

– Байыркы бабалардан Мойт аке, Тилекмат, Садыр, Кадыр акелер жөнүндө түшүнүгүңөр барбы?

– Улуулардын батасын алууга кандай көз караштасыңар?

**Билдирүү:**

«Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы
Өзү да Манас турбайбы
Сөзү да Манас турбайбы»

*(Чубактан)*

«Манаста» көккө жеткире көкөлөтө даңазаланган өзөктүү осуяттын бири – адам жана адамгерчилик. «Манас» эпосу бул

жагынан асыресе баланы тапкан, бапестеп баккан аял-энени, анын асыл аракетин, эмгегин даңктоо, адамга бийик урмат менен кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү урпак үчүн улуу нуска. Манас – айкөлдүктүн, бири-бирин кечире билүүнүн гимни.

Адамдагы эң асыл сапаттар – айкөлдүк, улууларды урматтоо, ата-энеге кайрымдуулук, Ата мекенди сүйүү, тынчтыкка, эркиндикке умтулуу дастанын баштан аяк шөкөттөп жаркыратып турат. Мына ушул идея жер шарынын ар кайсы жеринде жашап жаткан бардык адамдар үчүн азыр да актуалдуу тарбиялык зор мааниге ээ. Женишти бирге жеңгенден, тойду бирге тойлогондон, кандаш тууган болгондон, сүйлөгөн тили, тутунган дини бир болгондон эле адам адам менен жакындашып жакшы санаалаш болуп кетпейт. Адамды пикирлеш кылган, жан күйөр шерик кылган нерсе – бул асыл касиеттүү акыл-эс, абийир-ариет, ынсап-ыйман, адамгерчилик.

**Сунуш:**

Элибизде азыркы биз жашаган мезгилге чейин «Сөз сурасаң Тилекмат акеге, бата сурасаң Мойт акеге, акыл сурасаң Сарт акеге кайрыл» деген насаатты эсибизден чыгарбашыбыз керек. Тилекмат акенин «Молдолордон – кат калат, усталардан – дат калат, ал эми сиздерге окшогон жөнөкөй адамдардан эмне калат?» – деген суроосуна, Сарт аке: «Молдолордон – кат калса, усталардан – дат калса, бизге окшогон карыялардан жеткинчектер айтып жүрө турган акыл-насаат, нуска сөз калат», – деп жооп берген экен. Мойт аке акылга дыйкан, мүнөзү токтоо, ар кимге ак тилегин арнаган батакөй адам болгон. Ал колунда бар байга да, жардыжалчыга да:

«Эгем жар болсун, элде бар болсун,
Кырсык жок болсун, курсак ток болсун.
Жерибиз чөптүү болсун, малыбыз эттүү болсун,
Үй жаңга толсун, кампа даңга толсун.
Кут калкка келсин, жут алыс кетсин,
Таарыныч тарасын, бак-таалай карасын», – деп ак батасын берчү экен. Карачы, ата-бабалар кандай гумандуу болушканын түшүнөлү.

**Элдин батасын билесиңби?**

**Элдин батасы:**

Элдин батасын алган азамат ата-энеден артылып барып, Эл уулуна айланган жан. «Баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас», «Ата-эненин эле уулу болбой, элдин уулу бол» деген алкыштын да мааниси, тилеги бул:

Бир үйдүн баласы болбо,
Мин үйдүн санаасы бол.
Бир элдин атасы болбо,
Мин элдин даанасы бол.

**Бата.** «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт».

*(Элдик нускадан)*

***Кандай бала бата ала алат?***




Кыргыз эли байыртадан бери атадан – балага, укумдан – тукумга ак тилек, алкоо батаны айтып келишкен. Ак бата – улуттук рухтун улуу касиети, даанышмандыгы, акыл оюнун мөл булагы.

Жакшы сөзүн, жакшы тилек карылар,
Балдарына каалап келет ар убак.
Ата-бабам мурас кылып калтырган,
Элибизде бата берүү салт экен.

***Жеңижоктун батасы:***

Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын.
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын.

Учу болгун кылычтын,
Учкуну болгун жылдыздын.
Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын!

*(Оомийин!)*

## ҮРӨН СЕБҮҮ

Ата-бабадан келе жаткан гумандуулук мурасын билели.

Жаз айынын келиши, аңчы, малчы, дыйкандар үчүн, деги эле адамзат баласы үчүн күн менен түндүн теңелген убактысы. Бул кезде тил каткан куштар сайрап, чээнде жаткан балык башын көтөрүп, аюуга жан кирип, жер майын жара тээп, тоң тонун чечип, жерге амал кирип, эне аалам, эне дүйнө, эне жаз болуп, эне малдын желини ийип, желин айрылып сүт чыккан, жер жарылып көк чыккан Улуу Нооруз. Бул түбөлүктүү күндө дыйкандар үрөн сээп: мына септим ууч-тап, жылуу жерден конуштап, бу жетим-жесирге, мунусу карып-мискинге, бу ач-арыкка, мунусу – алсыз-карыпка, булары курт-кумурскага, мунусу сурамчыга, а бул – тилемчиге, булары саламчыга, калгандары сизге, бизге, мага. Баба дыйкан, курт-кумурска, жан-жаныбардан калганы меники. Кудай абадан жаадыр, жерден өндүр, бала-чаканын ырыскысын өзүң жеткир. «Бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн» деп, кыргыз эли байыртадан бери атадан балага, укумдан-тукумга ак тилек, алкоо-батаны айкөлдүк, кечиримдүүлүк, гумандуулук менен айтып келишкен. Ак бата-улуттук рухтун улуу касиети, даанышмандыгы, акыл оюнун мөл булагы. Ал эми мугалимдердин айдаган жери, сепкен үрөнү балдарга берген билими, тарбиясы. Ошол үрөн өнүгүп-өсүп жетилиш үчүн терең, бекем билим берип, адептүү келечектин адамын тарбиялайлы, мээримдүү бололу. Балдарыбыз жоопкерчиликтүү, кечиримдүү, боорукер, ыймандуу болушсун.

Күнү-түнү бири-бирине теңештирип,
Кастарды досторундай кеңештирип.
Жакшы тилек, жаңы үмүттөр бардыгына,
Келечегин таалай-тагдыр жол узун.

**Жыйынтык:** Мынакей жалпы элдин жыргалчылыгына, көптүн кызыкчылыгына, башкалардын бактысына жан дүйнөсүн, мээнетин, кара башын арнаган кыргыздын улуу гуманисттик этикасы.

**Сылыштыргыла, аныктагыла, сунуштагыла:**

1. Сенин классыңдагы окуучулардын кулк-мүнөзүндө айкөлдүк, кечиримдүүлүк, адамгерчилик ж.б. асыл сапаттарын аныкта.
2. Ал сапаттарды өзүңдө өрчүтүү үчүн көргөн камкордугуң?
3. Өтүлгөн материалдардан кандай үлгү, таалим-тарбия алып, жан дүйнөңөргө калыптандырып, кандай терс сапаттардан арылдыңар? Өз бейнеңерди түзгүлө.

# ЖЕРИМДИН СУУСУ – ДАРЫ, ТАШТАРЫ – АЛТЫН

## (7 саат)

§ 1. Кыргызстандагы дарыя-суулар.
§ 2. Айлыбыз таза суу менен камсыз болгонбу?
§ 3. Дары чөптөр – биздин байлыгыбыз.
§ 4. Дары чөптөрдү пайдалануу (практикалык сабак).
§ 5. Жапайы жаныбарларга аяр мамиле.
§ 6. Аба, суу жана от жөнүндө.
§ 7. Жер.
§ 8. Мен өз айылымды кантип көрктөндүрөм (талкуу сабак)?
§ 9. Табият менен таттуу мамиледе бололу.

**Бул главадан сен эмнелерди биле аласың:**

– Суулар, минералдык булактар, алардын касиеттери.
– Чөптөрдүн дарылык касиеттери, аларды даярдоо жана пайдалануу.
– Жапайы жаныбарлар, аларга аяр мамиле жасоо.
– Жаратылыш, анын түбөлүктүүлүгү.
– Жаратылыштын баа жеткис байлыгына болгон мамилебиз.
– Жашылдандыруу жана аларды коргоо.
– «Жаратылыш менен таттуу мамиледе болуу» кандайча ишке ашырылууда?
– Биз ага кандай салым кошуп жатабыз?

## §1. Кыргызстандагы дарыя-суулар

**Бул темадан сен биле аласың:**

– Жерибиздин сууга болгон байлыгын, алардын касиеттерин.

– Кыргызстандагы эс алуучу жайлар, алардын ден соолукка тийгизген таасири.

– Ири дарыяларыбыз, көлдөрүбүздүн эл чарбасындагы, жашоодогу орду, алардын келечеги.

**Эстеп көрөлүчү:**

– Кандай эң ири дарыяларыбыз бар?

– Алардын турмуштагы аткарган милдеттери.

– Минералдык булактар, алардын дарылык касиеттерин, ал жердеги жайгашкан курорт, санаторийлерди.

– Кандай көлдөрүбүз бар? Алардын баа жеткис касиеттери.

– Алардын коомубузга кошкон салымдары кандай?

**Билдирүү:**

Ааламдын бир бурчунан орун алган кыргыз жергеси кооз жаратылышы, табигый байлыктары менен таанымал. Жерибиздин абасы таза, суусу тунук, асманы көпкөк. Өзгөчө шаркырап аккан көк-кашка суулар жерибиздин көркүн ачат. Бизде эки миңге жакын көл бар, булактар, дары суулар, өзөндөр, дарыялар эң эле көп. Атактуу Нарын дарыя менен too бермети Ысык-Көл жерибиздин сыймыгы болуп эсептелет. Дүйнөгө белгилүү акыныбыз Алыкул Осмонов:

«Көргүм келет, көргүм келет миң ирет,
Айткым келет, сүйөм көлүм, сүйөм – деп.
Элесимде көл жатпаса шарпылдап,
Ырларымда алда кандай касиет», – деген ыр саптарын көлгө арнап жазган. Биздин жергебиздеги Ысык-Ата, Жыргалаң, Жети-Өгүз, Жалал-Абад курортторундагы дары суулар адамдардын ден соолугуна чоң таасирин тийгизет. Бул дары суулар – жаратылыштын берген белеги, ыйык нерсеси жана касиети. Ата-бабадан келе жаткан «Суу кордогон кор болор, суу сыйлаган зор болор» деген насыят ар бир адам сууну коргоого тийиш дегенди билдирет. Адам үчүн суудай зарыл нерсе жок. Адамзат суусуз жашай ал-

байт. Биздин өлкөдө суулар арбын, ал эми Америка, Африка өңдүү материктерде суунун баасы алтынга барабар. Ошондой эле жергебиз түрдүү кен байлыктары менен даңктуу, бизде алтын кени мол. Элибиздин жер байлыктарын алтын деп баалашат. Алардын ичинен эң керектүүсү, негизгиси, эң баалуусу – таза суу. Ошондуктан «Жеримдин суусу – дары, таштары – алтын» деген сөз бекеринен айтылбаган.

## ЖАРАТЫЛЫШТАГЫ СУУ

Суу жер бетинин ойдуңдарын толтуруп, океандарды жана дениздерди пайда кылат. Суу зор массалардагы кар жана муз түрүндө уюлдук өлкөлөрдү жана бийик тоонун чокуларын каптап турат. Абада ар дайым анын көзгө көрүнбөгөн буулары болот. Суу өтө майда тамчыларга айланып, булутту пайда кылат, булуттардан жамгыр жаап, топуракка ным берип, агын сууларга жана дарыяларга келип куюлат. Жаратылыш суусунда ар кандай заттардын аралашмалары болот. Ошондуктан ичүүчү сууну тазалоо чоң мааниге ээ. Ичүүчү суу терең казылган кудуктан алынат, шаардагы суу тазалоочу станцияларда сууну тор аркылуу өткөрүшөт. Андан кийин сууну тундургуч бассейндерде тундуруп, кумдун катмарларынан өткөрүшөт. Бул жерде эрибей турган катуу бөлүкчөлөр кармалып калат. Сүзгүчтөн өткөрүлүп тазаланган сууга микроорганизмдерди жок кылуу үчүн аларга хлор кошуп зыянсыздандырышат. Тазаланган сууда адамга зарыл болгон эриген заттар калат. Дарыларды даярдоо үчүн аптекаларда жана химиялык лабораторияларда эриген аралашмалардан тазаланган таза суу пайдаланылат.

## СУУ

«Суу – адамдын өмүрү, суу – жердин өмүрү. Суусуз өмүр жок», – деген ата-бабаларыбыз.

Суу – ченемсиз касиеттүү зат. Суу жер үстүнүн төрттөн бир бөлүгүн ээлейт. Денеге суу тамак менен кирет, сууну ичебиз, кир жууйбуз, өсүмдүктөрдү сугарабыз, койчу, эмнеге гана пайдаланбайбыз! Дарыялар, көлдөр, шаркыратмалар, агын суулар көргөн көздү кубантып, жан дүйнөнү жашартат.

Суу организмдин бардык функцияларында пайдаланылат. Суу суусунду кандырат, дененин температурасын жөнгө

салат, суу менен ар бир клеткага тамак, азык заттар жетет, суу менен шлактар, калдыктар жуулат. Суу дененин томуктарын майлап турат, катуу тийүүдөн сактайт. Суу кандын, тамак сиңирүүчү маныздын, былжырлардын негизги курамы болуп саналат. Жадагалса сөөктүн 2 %ы дагы суудан турат. Булчундардын 25 %ы, мээнин миллиарддаган клеткалары менен бирдикте 70–80 %ы суудан турат.

**Ойлонгула, тапкыла: I.**

1. Оюп алсам орду жок,
   Кесип алсам жаны жок.

2. Суунун атасы ким?

3. Күр-шар, күр-шар,
   Киргилденген ким бар?
   Түнкү тынчтыкты бузуп,
   Тим эле боздогон нар.

**Кыргызстанда суу булактары:** «Сөз атасы – кулак, суу атасы – булак» дегендей, Миң-Булак, Тогуз-Булак, Кара-Булак, Шор-Булак, Сары-Булак, Алтын-Булак.

Адам жашоосундагы ар кандай дартка дабаа, дарылык касиетине ээ болуп, адамга өмүр, дем-күч берген Карашоро, Байтик булак суусу, Күмүш булак суусу, Жалал-Абад суусу ж.б. Жергебизде ошол минералдык сууларга негизделип, иштеп жаткан эс алуучу жана дарылоочу жайларыбыз дагы көп. Мисалы, Ысык-Ата, Жалал-Абад курорттору ж.б.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кандай баалуу дарылык касиетке ээ болгон суулардын түрлөрүн, эс алуучу жайларды билесиң?
2. Таза суу өмүр булагы деген элдик нускалардын турмуштагы орду, мааниси боюнча дилбаян түзгүлө.
3. Жеңижок атабыздын суу жөнүндөгү ырларынан жаттагыла.

## § 2. Айылыбыз таза суу менен камсыз болгонбу?

*(Бул тема өткөн сабактын уландысы, талкуу сабак)*

**Бул темадан биле алабыз:**

– Өлкөбүздү таза суу менен камсыз кылуу боюнча кандай иштер жүрүп жатканын.

– Ири дарыябыз Нарын, анын жээгинде курулуп жаткан ГЭСтер жөнүндө.
– Көлдөрүбүз жана анын мааниси жөнүндө.

**Эстеп көргүлөчү:**

– Суу жөнүндөгү улуу инсандардын насыяттары, акындарыбыздын чыгармаларынан.
– Өзүңөр жараткан суу жөнүндө учкул сөз, ырларыңар барбы?
– Табышмактар тапкыла, жаңылмачтар айткыла.
– Дүйнөлүк суулар күнүн кандай өткөрөсүңөр?
– Айылың таза суу менен камсыз болгонбу?
– Кандай сунуш, пикир, салымың бар?

**Билдирүү:**

Мөлтүр көк кашка таза суубуздун – жер астында жана жер үстүндөгү таза суунун 12–17 %ы гана пайдаланылат.

Биздин Кыргыз Республикабызда 2000-жылдан баштап таза суу менен камсыздоо департаменти түзүлгөн. Чүй, Талас областтарында – Азия өнүктүрүү банкы, калган алты областта – Бүткүл дүйнөлүк банктын жардамы менен калкты таза суу менен камсыздоо долбоору иштеп жатат. Азия өнүктүрүү банк 2006-жылы, Бүткүл дүйнөлүк банкы – 2007-жылга бардык иштерди аяктоону пландаштырган. Республикада бардыгы болуп 1700 айыл, алардан 417 айылда иш аяктап, эл таза суу менен камсыз болуп, 174 айылда иш жүргүзүлүп жатат. Бирок 1250 айыл долбоорго кирбей калышы аянычтуу. «Суу атасы – Сулайман» деп, Ош областынын Кара-Суу районунан «Сары-Колот, Кыдырша» долбооруна он эки айыл ичинен Ак-Жар, Казакул, Эшме, Садырбай айылы; Жалал-Абаддан Көк-Жангак, Көкарт, Курманбек, Достук



айылдары; Чүй областынан Тегирменти; Келинден Кара-мойнок; Нарындан Ак-Кудук ж.б. айылдары таза суу менен камсыз болушкан. Ат-Башыдан «Казыбек» долбоору, Таластан Бакай-Ата району, Чүйдөн Бешкүнгөй, Ташмойнок айылдары жыйналып, иш баштоо алдында турат.

Кыргызстандын калкын суу менен камсыздандыруу максатында республикада 1500дөн ашык жер астындагы скважиналар бар. Айылдык жана шаардык суу түтүктөрүнүн 90%ы ошолордун негизинде иштейт.

Суу бул жаратылыштын чексиз байлыгы эмес, ал чектелген жаратылыш ресурс. Республикада сууну пайдалануу жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Сууну үнөмдүү пайдалануу, өздөштүрүү, булгоодон сактоо, б.а. суу ресурстарын коргоо жана рационалдуу пайдалануу чаралары көрүлгөн. Суугa аяр мамиле керек.

*Курулган суу түтүктөрүн кантип сактайбыз?*

Таза суу системасынын ээси ким? Аны андан ары ким иштетет?

– Таза суу системасы жалпы элдин менчиги, системаны көздүн карегиндей сактоо менен коомдук бирикме иштетет.

*Дарыялар жөнүндө эмнени билесиңер?*

Кыргызстандын башкы суу артериясы – Нарын. Чоң жана кичи Нарын дарыясынын кошулушунан пайда болот (Сыр-Дарыянын оң алабы). Нарын дарыясынын Кыргызстандагы узундугу 335 км, суу чогулчу аянты 53,7 миң кв. км. Түндүк Кыргызстандын көпчүлүк бөлүгү Чүй дарыясынын суусу менен камсыз болот, узундугу 221 км. Кыргыз жери Нарын дарыясы менен байланышкан гидроресурстарга өтө бай. Нарын дарыясынын куймаларына Көкөмерен, Ат-Башы, Ала-Бука ж.б., Үч-Коргон ГЭСинен кийин Улуу Токтогулдун жерине акындын ысымы менен аталган эң ири Токтогул ГЭСи, Күрпсай, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, азыр Камбар-Ата I, II ж.б. ГЭСтери курулуп жатат. Ал жерде 17 миллиард суу сыя турган ири суу сактагыч да бар. Бул курулуштарды куруп иштетүүдө адамдардын эмгеги, кайраттуулугу баа жеткис. Суу жана жылуулук энергияларын пайдалана билүүнү эске туталы.

Топто иштөө:

**1-топ:**

– Дарыя суулары жөнүндө билдирүү жасагыла.

– Дарыя сууларынын эл чарбасында пайдаланылышы.

– Казакстан, Өзбекстанды суу менен камсыздандырууда биздин дарыялардын зор мааниси жөнүндө.

– Нарын дарыясынын боюнда электр энергиясын берүүчү Нарын, Токтогул, Күрпсай ГЭСтери жөнүндө.

– Ал ГЭСтерде иштеген адамдардын баатырдык эмгектери тууралуу.

**2-топ:**

– Кыргыз көлдөрү жөнүндө билдирүү жасагыла.

## КЫРГЫЗ КӨЛДӨРҮ

Кыргыз жергесинде эң кооз жерлер ченемсиз, ал жерлерде Ысык-Көл, Сары-Челек, Чатыр-Көл, Соң-Көл көлдөрү жайгашкан.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун,– деп

А. Осмонов айткандай, Ысык-Көл – бүтпөс ыр, кереметтүү кооз, сүйкүмдүү, дүйнөдөгү көлдөрдүн бермети. Көлдүн тайыз түзүндө январь, февраль айларында 5°С, июнь, августта жайдын толугунда температурасы 20–24°С болгондуктан, Ысык-Көл эч качан тоңбойт. Ысык-Көлдө Чолпон-Ата, Жыргалаң, Ак-Суу, Жети-Өгүз ж.б. дарылоочу, эс алуучу жайларда элдер жайкысын, кышкысын эс алып дарыланышат. Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети, ал бизди бүткүл дүйнөгө таанытып келет.

**Сары-Челек** көлү терендиги боюнча экинчи орунда (Ысык-Көлдөн кийин). Жээги көбүнчө тик жардуу, булуңбуйкалуу. Көл суунун өтө тунуктугу менен айырмаланат. Капталдарында карагай, арча, жаңгак, көк карагай өсүп, өтө кооз. 1959-жылы Сары-Челек биосфера коругу уюшулган. Туризм өнүккөн. 1979-ж. ЮНЕСКО бул жерди эл аралык корук деп чечкен.

**Соң-Көл** Нарын облусунун эң бийик тоосунун ортосунда жайгашкан. Суйкайган сулуу Соң-Көлдө кызыл китепке

киргизилген сейрек учуроочу жана жоголуп бара жаткан тоо казы, каркыра, өрдөк тумшук, чулдук ж.б. суучул куштар бар.

**Чатыр-Көл** Ички Тянь-Шандагы бийик тоо көлү. Деңиз деңгээлинен 3510,2 метр бийиктикте жатат. Көлгө 41 майда суу куят. Көл аймагынын климаты катаал. Кескин муздак шамал дайыма согуп турат. Түштүк тарабында ондогон минералдуу булактар чыгат. Ал Чатыр-Көл минералдуу суусу. Көл октябрда тоңуп, апрелдин аягында ачылат. Көлдө өрдөк, чулдук, ызгыт ж.б. куштар бар.

**Жыйынтык.**

Талда, анықта, салыштырып, I–II топтогулардын билдирүүсү боюнча дилбаян, реферат түзгүлө.

«Ичээр суусу түгөнгөн адам өлөт» деп, ата-бабадан нуска жана кыска мурас бекеринен калбаса керек.

## СУУГА БОЛГОН МАДАНИЯТЫБЫЗ КАНДАЙ?

Кыргыздыр эзелтен бери табияттын бөтөнчө түркүн сырына жакын болуп, сарамжалдуу пайдаланып, аны ыйык катары тутуп келишкен. Ушундан улам элибизден ак таңдай акындар, калеминен насыят тамган тубаса таланттуулардын айрыкча мурастарынын философиялык түпкү көрөңгөсү өтө терең жана кенен. Алар жердин, суунун сырларын, адамдарга тийгизген түркүн таасирин, экологиялык калпыстыктардын келип чыгышынын түпкү тегин ар тараптан талдап, сүрөттөп осуят калтырышкан.

**Эсенаман:** Аягы бийик ак жалтаң,
Таштан чыккан аккан суу.
Ак жалтаңдын боорунан,
Канат алган аккан суу.

**Барпы:** Жер бүткөндө жаралган,
Элден мурун аккан суу.
Элге ыракат көрсөткөн,
Сенин нуруң аккан суу.
Жаркырап жердин койнунан,
Жайнап чыккан аккан суу.
Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан аккан суу.

**Жеңижок:** Жер ааламдын баарысын,
Багын ачкан аккан суу.
Алты кабат жер астын,
Жарып чыккан аккан суу.
Адам менен Обону,
Багып чыккан аккан суу.

**Алыкул:** Ай аккан суу, аккан суу,
Өмүрдүн бөркүн ачкан суу.
Ошентсе да адамзат,
Бир тыйынга саткан суу.
Жээк жерге баарысын,
Бай кылуучу жер экен.
Ортосу көпкөк көл экен,
Суусунда миндей түр экен.

**22-март – Бүткүл дүйнөлүк суу күнү**

Накыл нуска сөздөрдөн:

«Билим элге, суу жерге».
«Суу – жердин кан тамыры».
«Суусуз – өмүр да жок, көңүл да жок, эгин да жок».
«Сөз атасы – кулак, суу атасы – булак».
«Колуңду тамчыга жууба».
«Арыктагы сууга түкүрбө».

Тапшырма:

1. Сенин айылың таза суу менен кандайча камсыз болгондугун баянда.
2. Суу менен камсыздандырууда сенин кошкон салымың.

## § 3. Дары чөптөр – элибиздин баа жеткис байлыгы

**Бул темадан биле алабыз:**

– Жерибизде өскөн дарылык касиетке ээ болгон: көкөмерен, уу коргошун, чалкан, бака жалбырак, арча, кайыңдын суусу, ит мурун, чекенди, чычырканак ж.б. чөптөр жөнүндө.
– Аларды өз убагында чогултуу, кургатуу ыкмалары.
– Аларды коргоонун зарылдыгы.
– Алардын адамдын ден соолугуна келтирген пайдасы.
– Элдик дарылоо медицинасы.

**Эсиңерге түшүргүлө:**

– Эмне үчүн дары чөптөрдү баа жеткис байлык дөөлөтүбүз дейбиз?

– Дарылык касиеттерге ээ болгон чөптөрдү атагыла.

– Ал чөптөрдүн адамдарга келтирген пайдасы жөнүндө.

– Чөптөрдү коргоо маданияты жөнүндө.

**Билдирүү:**



«Өсүмдүктөр өмүргө дары» деп, жерибиз дарылык касиетке ээ болгон чөпчарларга бай.

**Уу коргошун.** Бул өсүмдүктү «Ысык-Көлдүн тамыры» деп да аташат. Ал көп жылдык чөп өсүмдүгү. Өсүмдүк гүлдөгөн кезде жалбырактары куурап калат. Жалбырактары жыланач катуу болот, гүлүнүн өңү кызгылт-көгүш түстө. Бул өсүмдүк ар түрдүү чөптөр өскөн чабынды жерлерде, суунун жээктеринде кездешет. Ал Ысык-Көл өрөөнүндө, Кыргыз Ала-Тоосунун жантаймаларында өсүп, жергиликтүү дарыканаларды толук камсыз кыла алат.



**Бака жалбырак.** Бул өсүмдүктүн өңү кочкул-жашыл түстө. Анын түспөлү кадимки эле баканы элестетет. Ошонусу менен ал «бака жалбырак» деп аталган. Ал жолдун боюна, арыктын жээктеринде, саздак жерлерге өсөт. Жалбырагы жазы келип, тарам-тарам тарамыштары бар, июнь, июль айларында гүлдөп, гүлү күбүлгөндөн кийин урук байлайт. Бул өсүмдүктүн дарылык касиети баа жеткис. Кесип алган жерге бака жалбыракты таңып койсо, тез айыгып кетет. Курт-кумурска, жылаан чакканда анын пайдасы чоң. Аны тамак-ашка дагы пайдаланышат. Ал ичеги-карын ооруларына абдан пайдалуу.

**Арча.** Кыргыздар байыркы убактардан эле арчаны өтө баалашат. Анткени, ал абдан бекем жана чыдамдуу жыгач. Ошондуктан турмуш-тиричиликке кеңири пайдаланы-



лып келет. Арча – жыттуу, пайдалуу дарак, ал бадал түрүндө өсөт. Дайыма көк жашыл болуп, жаратылышка көрк кошуп турат. Ал миң жылга чейин жашайт. Ал аба тазартуу жана дары-дармек жасоо үчүн өстүрүлөт. Арча токою Кыргызстанда эң көп жерди ээлейт. Арчанын бизде беш түрү кенен тараган. Бадал арчалар жергебиздин бардык тоолорунда кездешет. Арчанын жаш чырпыктарында жана тоо буурчак жемиштеринде май, кант, боёмо заттар арбын.

## БӨРҮ КАРАГАТ

Тикенектүү бөрүкат, терген колду канатат.
Тармал бутак карагат, терген колду карартат.
Арасында кожогат, аны эч ким байкабайт.
Бутактарын сындырып, талкалоого жарабайт.

**Үйрөнүп ал:**

Мекенимди сулуулаган, көрктөгөн,
Талаа түстө өскөн гүлдөр көктөгөн.
Тоо кырларда, адырларда аңкыган,
Сыймыктанам миң сан дары чөп менен.
Дартка дабаа болуп келет ээлтен,
Из калтырып карт тарыхка өчпөгөн, – деп жаратылышка болгон тарбия маданияты бардык эле улуттарда бар. Мисалы, Кытайда – пион гүлү байлыктын, атак-данктын; бамбук – акылмандыктын; лотос – аруулуктун символу катары каралат:

**Ойлонгула, тапкыла: II.**

1. Үлпүлдөккө кан куюп,
Үйлөп талга байладым.

2. Жашыл ийне-кийимим,
Жайлайм тоонун бийигин.
Жаңы жылдык майрамда,
Кубаныч болом балдарга.

3. Ары тоо, бери тоо,
Ортосунда опол тоо.

4. Чылбыры бар, жүгөнү жок,
Жетелеп жүргөн адамы жок.

5. Салынган сымал чачыктуу шалы,
Салбарып не дарак төгүлгөн шагы.

6. Тоолорго барсаң аралай,
Өтпөйбүз көркүн карабай.
Чайнайбыз алып сагызды,
Ал эмине болуучу?

## БИЛГИМ КЕЛЕТ

Окуу жылы аяктап,
Каникулга тарайбыз.
Чоң атамдар жашаган,
Ат-Башыга барамын.

Гүлдүн түрүн чогултуп,
Ак кагазга чаптаймын.
Атын жазып алдына,
Аяр күтүп сактаймын.

Чөп-чар атын билүүгө,
Кичинемден куштармын.
Аттарын да билсем дейм,
Түрү түмөн гүлдөрдүн.

*(Ы. Кадыров)*

## § 4. Практикалык сабак

*(Бул сабак өткөн сабактын уландысы)*

**Бул темадан биле алабыз:**

– Жергебиздеги кээ бир дарылык касиетке ээ болгон чөптөр менен таанышабыз.

– Алардын кандай ооруларга пайда келтиришин билебиз.

– Чөптөрдүн курамында эмнелер бар экендигин үйрөнөбүз.

Окугула, изденгиле, тапкыла, жасагыла:

– Чөптөрдү чогултуу, кургатуу жолдору.
– Чөптөрдүн дарылык касиеттерин аныктоо.
– Дары жасоо рецептерин үйрөнүү.
– Аларды пайдалана, колдоно билүү.

**Билдирүү:**

Байыркы заманда элибизде Улукман деген дарыгер болгон. Ал Улукман аке тоодон чөп терип, кургатып, дары

жасап, адамдарды ар кандай оорулардан айыктыра билген. Миң сандаган чөптөрдүн ичинен дартка дабаа болгон чөптөрдү ажырата билүү кандай чоң өнөр. Окумуштуулар Кыргызстанда эки жүздөн ашык дары чөптөр бар дешет. Адамдар дары чөптү таза жерден терип, өз убагында көлөкөгө кургатып даярдашат. Ар бир дарылык касиети бар чөптүн терүү убактысын билип тербесе, анын дарылык касиети жоголот.

**Сарымсак** – бардык убакта дары. Тиш ооруганда, тиштин курт жеген жерине майдалап талкаланган сарымсакты салып койсоң 4–5 мүнөттө басылат. Кыш, жаз айларында туздуу сууга чыланган сарымсактан тамактануу алдында жеп турса, мээ кабыгынын сезгенүүсүн алдын алат.

**Кызыл гүл** – мээ, жүрөк, боор, өпкө, ашказан, ичегилерди кубаттантып, температураны төмөндөтөт. Ысытмасы жогорулаган адам бир кочуш кызыл гүлдү 1,5 литр сууда кайнатып ичсе, ысытманы басып, жүрөктү калыбына келтирет.

**Көк чай чөп** – жыпар жыттуу, көп жылдык чөп. Гүлдөрү менен жалбырактарынын курамында эфир майы, фитоциддер, глюкозиддер, ачуу заттар, С витамини бар.

**Сары чай чөп** – курамында никотин кислотасы, эфир майлары, глюкозиддер, (PP, C, P) витаминдери бар.

**Чай** – суусундук, чай дары ысыкта да, суукта да, чарчаганда жана бейтап болуп турганда да, же суусундук катары да чай жагымдуу ичимдик. Чай – үшүсөң жылытат, ысысаң суусунуңду кандырат, капа болуп турсаң көңүл ачат.

Кыргызстанда ПРООНдун, ГЭФтин грантынын негизинде дары-дармек даярдоочу «Бургансуу», «Чагалдак» деген мамлекеттик эмес уюмдар (МЭУ) уюшулган.

**Кара куурай** – өзгөчө биздин кыргыз жергебизде айдаган аштыктай болуп тоолуу жерлерде эле эмес, үйдөгү чарбактарда, көчө бойлорунда да жайнаган кара куурай өсөт.

Негизинен май берүүчү жана текстилдик кара куурай кендирин алып, андан шалча, таарларды согуп, ар кандай айыл чарбасына, үй тиричилигине пайдалануучу жиптерди, аркандарды жасап пайдаланууга болот. Ал негизинен июнь, июль айларында гүлдөйт. Бирок анын пайдасынан зыяндуу жагы көп экендигин билишибиз зарыл.

Биз ошол кара куурайдын баңгилик зат экенин, андан нашаанын ар кандай (дозада) өлчөмдөгү түрлөрү жасаларын, анын адамга тийгизген зыяндуу таасирин билгичтик, зиректик менен эске алып, аны өсүп жаткан жеринен жок кылууга, аны пайдаланууга каршы күрөшүүгө өз салымыбызды кошуубуз керек.



Нашаа деген ой-санааны бүт арбап,
Бир күкүмүн сороор элек кастарлап.
Азыр болсо колу-бутум калтырайт,
Элдер качат келаткансып ач-арбак.
Жаштык кезим көз алдыма тартылат,
Аны эстесем муунум бошойт калтырап.
Күндөн-күнгө күчөп барат кеселим,
Ажал тооруйт менде өчү барчылап,–

деп жазган Догдурбек Юсуповдун ыр саптарын эстен чыгарбайлы.

●● Топто иштөө:

| Чөптөрдүн аттары | Ден соолукка пайдалуулугу | Зыяндуу жактары | Жыйноо, кургатуу убагы |
|---|---|---|---|
| | | | |

Дептерибизге ой-пикир, сунуштарыбызды жазалы.

Тапшырма:

– Келерки сабакка чогулткан, жыйнаган, кургаткан чөптөрүңөр болсо алып келгиле.
– Алар жөнүндө билдирүүңөрдү даярдап келгиле.

## § 5. Жапайы жаныбарлар

**Бул темадан биле алабыз:**

– Кыргызстан жапайы жаныбарларга бай экендиги, алардын түрлөрү.

– Жаныбарлардын терилеринин баалуулугу, турмушта пайдаланылышы.

– Жаныбаларды коргоо жана өстүрүүнүн зарылдыгы жөнүндө билесиңер.

– Элибиздин байыртадан бири-бирине боорукерлик, теңчилик мамилеси.

**Эсиңерге түшүргүлө:**

– Жапайы жаныбарлардын түрлөрүн атагыла.
– Аларга аяр мамиле жасоону эстегиле.
– Мергенчилик, аңчылык жасоо мезгилин билесиңерби?
– Эмне үчүн «Кожожаш жана Карагул ботом билгендерге чоң сабак» деген сөз калган.

Байыркы кыргыз эли Ай чагылган ак мөңгүлүү улуу тоолорду байырлап, коюндаша жашап келген аска таш, ак муздун катаал шарттарына, кышкы чилде, жай саратанынын ызгаар-ысыгына бышып, кылымдарды багынткан. Кызыл жебедей сызылып, кылым кыйырынан кылдай суурулуп, XXI кылымга эгемен мамлекет болуп, Айдай жаркын аман-эсен келген. Кыргызстан ар кандай жапайы жаныбарларга бай.

**Жапайы жаныбарлардын кандай түрлөрүн билесиңер?**

**Тыйын чычкан.** Тыйын чычкан Кыргызстандын бардык токойлорунда жашайт. Анын териси баалуу. Ал кемирүүчүлөргө кирет. Анын негизги тамагы карагайдын ашы, козу карындар, бадалдын мөмөлөрү. Тыйын чычкандын бутактан-бутакка секиргенин карасаң, өзүнчө эле бир укмуш. Куйруктун жардамында парашют менен секиргендей болушат. Адамды көргөндө таңыркап, бакырайып карап калат. Татынакай, жүнү кооз тыйын чычкандар парктарда дайыма эле жолугушат. Алардын бир топ душмандары бар. Мисалы, кузгундар, сагызгандар алардын балдарын көтөрө качышат. Көбөйүшүнө чоң зыян келтиришет.



**Илбирс.** Мышык сымал, жүнү саргыч, кара темгилдүү жаныбар – илбирс. Ал өтө күчтүү жана шамдагай. Кулагы кичине, тырмагы курч, буту кыска, сымбаттуу жырткыч. Ал Кыргызстандын бийик тоолорунда жашайт. Ак карлуу

зоокаларда, тоолордун корум таштуу беттеринде кыялап жүрөт. Кар калың түшкөндө ылдыйлап, тоо этегине чейин келет. Илбирстер азыгын түн жамынып издешет. Тоо эчки, аркар-кулжа, элик, кээде үй жаныбарлары менен тамакта-нышат. Ошондой эле улар, кекилик, тоодак же суур, кашкулактарга да анчылык кылат. Алардын жолун тосуп, аңдып же жашырынып барып, мышыкча секирип баса калат. Илбирстер өтө азайып кеткендиктен зоопарктар үчүн гана тирүү кармалат. Илбирс Кызыл китепке түшүрүлгөн.

**Топоз.** Тоолорду кыргыз топоз менен жеңди. Мурунтугун тарта аска тоого минип, жүн-терисин кийип, сүтүн ичип жан шерик кылды. Кылымдарды бирге карытты. Кайберендей тоо чокулаган топоздор ээсин тарткан эркин мал. Өзүн өзү коргойт, өз жанын өзү багат. Биримдиги менен илбирс, карышкыр сындуу азуулууларга алдырбайт. Мамалагын коргосо топоздон артык күйүмдүү жан жок. Сүтүнүн, жүнүнүн дарылыгын айт! Бийик жерден чөп жеген жаныбардын өзү да таза, эти да дары. Мүйүзү чакча, окчонтой, ашыгы жок баары пайда.

**Мензбир суусу.** Мензбир суусу 2000–3500 м бийиктикте жашап, Кыргызстанда жашаган башка суурлардан бир канча эсе кичине. Анын узундугу 0,5 м ге, куйругу 10 см ге гана жетет. Салмагы уктоого кирээрде 5 кг га жетсе, ийинден чыкканда 2–3 килограммга жетет. Суурдун майы жогору бааланып, элдин арасында кеңири колдонулат. Ошол кооз кичинекей дарылык касиетке ээ, жок болуп бара жаткан Мензбир суурун коргоо үчүн 1979-жылы 29-мартта Бешарал мамлекеттик коругу (БАМК) уюшулган. Бүгүнкү күндө коруктун аймагында өсүмдүктөрдүн 1500дөн ашык түрү, жаныбарлардын 220, анын ичинен 46 сүт эмүүчү, 96 канаттуу, балыктын 4 түрү бар. Булардан илбирс, Мензбир суусу, сүлөөсүн, күрөң аюу ж.б. Кызыл китепке киргизилген.



**Бал аарысы.** Балды жакшы көрбөгөн адам жок, бал челектерге балды бал аарысы жыйнайт. Гүлдүн 1 килограмм бал болуучу ширесин жыйноо үчүн бал аары 300 миң километр ара-



лыкты учуп, 19 миллион жолу гүлгө конушу керек. Жумушчу аары болгону 30–35 күн гана жашайт. Бал аарысынын эмгекчилдиги өтө зор. Бир бал аарысы саатына 5–6 км ылдамдык менен учуп, бир күн ичинде 7000 жолу гүлгө конот. Бал аары укмуштай дарыгер. Бал адамга азык болуу менен бирге, кээ бир зыяндуу микробдорду өлтүрөт. Балда адамга керектүү витаминдер бар. Аарынын сүтү жүрөктүн иштешин жакшыртат. Бал аарынын уусун туура пайдалансак, ал көп оорулардан айыктырат.

Аары тынбай бал чогултат гүлдөрдөн,
Ак эмгектин даамын балдар татсын деп.
Иштегенди бармактайдан үйрөнгүн,
Барлык балдар эмгекчил бол аарыдай.

*(Ы. Кадыров)*

**Анализде:**

Бал аарынын кандай мээнет, эмгек менен бизге бал берерин билгиле. Жайкы каникулда, дегеле кызыккандар болсо бал аарычылыкты кошумча кесип, өнөр катары үйрөнсөңөр болот.

## Канаттууларды билгиңер келеби?

**«Туйгун – куштун төрөсү»**. Ал кооздугу, келбети өзгөчө. Туйгун көзүнө көрүнгөндү ала бербейт. Чоң илбээсиндерди мүнүшкөрү жарашса, кыраандары алат.

**Шумкар** кооздугу менен айырмаланат. Өңү ар түрдүү ак, кара, көк шумкарлар, күйкө шумкар.

**Бүркүт** кыраандарын мүнүшкөрлөр үч түргө бөлөт. Баатыр чегир – жүндөрү кыска, жылмакай, жылтырак, сулуу. Ал томогосун тартканда көзүнө эмне көрүнсө, мейли, каман, аюу, жолборс, алы жетпесе да жулуна берет. Бай чегир – анын жүнү узун, үрпөк баш келет. Туурда, колдо тынч олтурат. Куу чегир – бүркүттүн өтө кыраанын. Аны мүнүшкөрлөрдүн мыктысы салат. Кокус ала турганын ала албай жазып калса, кайра келип өзүнүн ээсине кол салат.

## Куштарды коргоонун зарылдыгы барбы?

Республикада сейрек учуроочу жана жоголуп бара жаткан жаныбарлардын түрлөрүн сактап калуу үчүн мамлекеттик коруктар жана улуттук парктар түзүү каралган. Беш-таш коругунда кездешкен канаттуулардын төмөндөгү түрлөрүн атоого болот.

**Жырткычтардан:** кара жору, күйкө, турумтай, бүркүт.

**Карга сымалдуулардан:** кара карга, кузгун, алп чөкө таан, сагызган.

**Тоок сымалдуулардан:** улар, кекилик, чил.

**Көгүчкөн сымалдуулардан:** көк көгүчкөн, бактек, ак куйрук – аска көгүчкөнү, алагүү.

**Тарпылдак сымалдуулардан:** боз кара, чаар таш, көк таш тарпылдактары, сай сагызган.

**Чулдуктардан:** боз чулдук.

**Каздардан:** тоо казы, аңыр.

**Таранчылардан:** тоо, талаа, үй таранчылары, кара таш торгой, кызыл куйрук, ала дуңга.

## Куштар кантип уя салышат?

Ар бир куш уясын ар түрдүү салат, кээ бири жерге, даракка, жар бооруна, аскага, адамдардын үйлөрүнө салышат. Уя салуу жагынан куркулдай кушуна эч бир куш жетпейт. Бекеринен элибизде жакшы салынган үйдү куркулдайдын уясындай деп айтышпаган. Торгой жерди казып уя салат, көп учурда ит-кушка жем болот. Ал эми бүркүттөр адам жеткис аскага уялайт. Чабалекейлер уясын жарга же үйлөргө салышат. Уя салып убара болбогон куштардын бири – күкүк. Күкүктүн сайраганын уккандырсыңар, күкүк менен зейнеп издешет. Биздин милдет – канаттууларды көбөйтүү, аларды коргоо, аяр мамиле жасоо.

## Канаттуулар күнүн белгилегенди унутпагыла!

*1-апрель – Канаттуулардын эл аралык күнү.*

Кызыл китепке киргизилген канаттуулардын 32-40тан ашык түрү бар. Алар жаратылышка көрк берет, зыяндуу курт-кумурска, чымын-чиркейлерден тазалайт.

**Буларды билүү керек:**

«Куш төрөсү – Буудайык,
Ит төрөсү – Кумайык».

«Аттын баары тулпар болбойт,
Куштун баары шумкар болбойт».

«Жаман атты жакшы бакса, тулпар болот,
Жаман кушту жакшы бакса, шумкар болот».

**Суроо береличи:**

– Кумурска, сен эмнеликтен күчтүүсүң?
– Мен кумурска, бышканмын жумушка,
Алты баштык таруууну актап берем.
Жети баштык таруууну желпип берем,
Менин күчтүү болгонум – ак эмгектен, ак эмгектен жаралган!

**Табышмакты тапкыла:** III

1. Көкөлөп бийик чарк ура,
Көк желе сымал тар-талаа.
Саптарын бузбай учушкан,
Канаттуунун кайсысы?

2. Кээси ак, кээси көгүштөн,
Жергеме мээрин төгүшкөн.
Тынчтыктын болгон символу,
Билесиңби кайсы куш?

3. Узун куйрук, кызгылт жүн,
Шек алдырбай жойлогон.
Айбан туруп өтө куу,
Ал эмине ойлогон.

4. Меңсиз ак, кулагы сак.
Суудан коркпос, эки кара күрөгү бар.

5. Актыгы карадай, каралыгы – көөдөй,
Олтурганы – бектей, учканы – октой.

6. Чапан кийип таштан, араң жылып баскан.
Эмне деген жандык, тийсе башын каткан?

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргызстанда Кызыл китепке кирген кандай жапайы жаныбарлардан билесиң?
2. Канаттуу куштардын түрлөрү, аларды коргоо үчүн сенин кошкон салымың кандай?
3. Жапайы жаныбарларга болгон мамиленин элдик идеалы жөнүндө дилбаян жаз.

## § 6. Аба, суу жана от жөнүндө

**Бул темадан сен эмнени биле аласың:**

– Булардын түбөлүктүү жашоонун булагы экенин.
– Алар жөнүндө улуу инсандардын айткандары.
– Аларга сарамжал, камкор мамиле керектиги.

**Эсиңерге түшүргүлө:**

– Түбөлүк жашоонун булагы кайсылар?
– Күн, суу, от жөнүндө акындардын айткандары.
– Буларга кандайча аяр мимиле керектиги.
– Мурас болуп бизге калган табынуу.

**Билдирүү:** Кыргыз эли жаратылыш-табиятты баарыдан мурда, рухий баалуулук катары карашкан. Адам – табияттын бир бөлүгү, адамдан жолу улук деп эсептөөнүн өзү, жандуу жаратылышка сыйынуусу, табиятка шайкеш салтын калыптандырган.

«Балбан болсоң жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң суудай бол,
Баарын жууп кетирген.
Ысык болсоң оттой бол,
Жашообузга дем берген.
Арыбас болсоң абадай,
Адамга өмүр, дем берген», – деп Т.Сатылганов атабыз булардын түбөлүктүүлүгүн, улуулугун, аларга сарамжал, камкор мамиле талап кылынаарын, адамдын жашоо турмушу, анын нарк-нускасы, жаратылыш аалам түзүлүшүндөй адамдын жашоосунда телегейи төп сулуу деп тилек кылабыз деген.

### КИМ СУЛУУ?

Жандуу, жансыз баарына,
Жарыгын чачкан күн сулуу.
Бакырга жолдош болуучу,
Ай караңгы түн сулуу.
Балдары ойноп, чаң салып,
Бапырап турган үй сулуу.
Бардыгын чыдап көтөргөн,
Баарынан ыйык Жер сулуу.

*(Ы. Кадыров)*

**Табынууну эске сакта.**

Улуу күндүн урпагы, көөнө кыргыз журтунун, колдогону Күнтеңир, жөлөгөнү – Айтеңир. Ай ааламдын атасы – Жараткан Эгем бир теңир.

Улустун умай энеси – очоктон оттун эгеси. Аалам музун эриткен – жылуулуктун энеси. Адам кылган адамды, сулуулуктун энеси.

Аалам күзгү учтаган, Айтеңири даанышман. Жер энени күзөтүп, чоор тарткан алыстан, күн күйгүзүп ийет деп, наар берген өмүргө, Ай – мүрөгүн тамызып, наар берген өмүргө.

Жаралгандан жандарга, койнун ачкан Жер эне. Адам, айбан дебестен мээрин чачкан Жер эне. Сыноосуна теңирдин, солк этпеген Жер эне. Тозогуна пенденин, селт этпеген Жер эне. Баарын чыдап көтөргөн, сенден башка ким эне?!

*(М. Болот)*

Эл Ай менен Күнду сулуулуктун, адилеттүүлүктүн символу катары кабыл алышкан.

«Ай десең Айда жок, күн десең Күндө жок» деп энелердин, кыздардын сулуулугун, айкөлдүгүн сүрөттөшкөн.

Ай менен Күн жер жүзүндөгү жашоо-тиричиликтин өмүр азыгы деп, аларга сыйынуу, урмат кылуу салты калыптанган. Айга бата менен жүгүнүү:

«Айдан аман, жылдан эсен бололу,
Келерки ушул күнгө чейин, өсүп, өнүп тололу», –

деп тилек кылабыз.

**Күнгө табынуу** – «Күндүн пири Күнтеңир,
Суу менен бирге нур берсин.
Күн күркүрөп, жамгыр жаап,
Колдор апта колдосун».

Элибизде: «Күн чыкканча турбасаң, ырыскыдан куру каласың»,– деп эрте туруп тегеректи тазалап, күндүн чыгышын тазалык менен күтүшөт.

Күн таажысы боорукер,
Жылуулугун аябайт.
Сен да туруп эртелеп,
Аткан таңга салам айт.

**Билип ал:** «Күндүн нуру белгилүү,
Күчтүү оттон жаралган.

Күндүн нуру жеткенден,
Өсүмдүктөр жан алган.
От – өмүрдүн гүл азыгы,
Тиричиликке жан берген.
Суу – өмүрдүн булагы,
Тамчысы чөлгө кан берген.
От – өмүрдүн булагы,
Жалыны тийсе эриген.

**Ойлонгула, тапкыла: IV**

1. «Күн кылтылдайт түшүп күндүзүн,
Ай калкыйт сүзүп түнкүсүн.
Асман менен тиктешип,
Бетиме кармап күзгүсүн».

2. Сал-сал, сал килем,
Сала албадым бир килем.

3. Таш үстүнө таруу жайдым,
Таң атпай жыйып алдым.

4. Үйүмө кирет,
Жиниме тийет;
Урайын десем,
Таягым тийбейт.

5. Жайыты өлчөнбөгөн,
Кою саналбаган,
Койчусу мүйүзчөн.

6. Жеңил, бирок көзгө көрүнбөйт,
Жара чапсаң бөлүнбөйт.

7. Ак сандыгым ачылды,
Ичинен жибек чачылды.

8. Кызыл жоолук дирилдейт,
Эскиргени билинбейт.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Жер, суу, от, аба жөнүндөгү улуу инсандардын насыяттары.
2. Жаратылышка сарамжал, камкор мамиле жасоонун зарылдыгын эске алып, «Жаратылыш – түбөлүк жашоонун булагы» деген темада реферат жазгыла.

## § 7. Жер

**Бул темадан биле алабыз:**

– Жер эненин баалуулугу, күчү жөнүндө.

– Жер жалгыз адамзаттын эмес, жалпы жан-жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн планетасы экендигин, дегеле, жер иштетүү тууралуу.

– Жерге болгон мамиле жасоо маданиятыбыз кандай?

**Эсиңерге түшүргүлө:**

– Жер жөнүндөгү акын-жазуучулардын, улуу муундун айткан-калтырган мурастарынан.

– Ааламдын чексиздиги, планетабыз бирөө экенин, анда эки календардык күн кайсылар?

– Жерибиздин кооздугун, аскалуу Ала-Тоолорду.

**Билдирүү:**

– Жер – эне деп, улуулуктун, мээрмандуулуктун, жоомарттыктын символу катары карашкан. Манаста:

«Асман менен жериндин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүндүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй», – деп салыштырышкан. Мындай маани-маңызы терең, ата-бабадан мурас калган таалим-тарбияны өзүбүзгө кабыл алып, калыптандыруу ыйык милдет.

Ата-бабалардан ушундай керемет жерди биздей урпактарга таштаган. Чынында эле Сары-Челек, Арсланбап, Нарын, Ысык-Көлгө сөз жетеби? Жазсам калем түтөбү, ырдасам үнүм жетеби. Кыргыздын касиеттүү жерин көздүн карегиндей сактоо – ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

Жер болбосо калайык, жандуу-жансыз болобу?
Топтолуп учкан паренде, топон сууга конобу?
Аба, жамгыр, шоола, түн, адилет жердин коногу.

*(Барпы)*

**Жер күнүн белгилөөнү унутпагыла!**

**«Жаратылыш – өнөркана, адам андагы уста»**

*2-апрель – Жер күнү*

Жазында бак-дарактар бүрдөп, карайган жерлер көгөрүп, ажайып түргө келет. Үйлөрдүн тегерегинде бакча бадалдар бой керип, айлана-чөйрөдө, эс алуу багында гүлдөр жайнап чыгат. Биздин планетабызда эки календардык күн өзгөчө белгиленет: Жер күнү жана Айлана-чөйрөнү коргоо күнү. Экологиялык маселе дүйнөнүн бардык элдеринде бирдей. Жер планетасынын ар бир жашоочусу, ар бир мамлекет азыркы жана келечектеги муун үчүн жаратылышты коргоого жана сактоого милдеттүү.

## ЭКОЛОГИЯЛЫК ЫЙМАН

Жер – адамдардын эле планетасы эмес, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн да планетасы.

Сынган бак-дарактар, тебеленген гүлдөр, өлтүрүлгөн бака, чачылган таштанды, булганган аба, кир болгон суу, акыркы 30–40 жыл ичинде жер жүзүндө көптөгөн өсүмдүктөр жана жаныбарлардын көп түрлөрүнүн жок болуусуна алып келди. Бизди зыяндуу нурлардан коргогон озон катмарлары тешилип, экологиялык бузулуштан пайда болгон түркүн дарт далай өсүмдүктөрдү жоготууда. Дүйнө табышмактуу жана татаал. Окумуштуу А. И. Герцен: «Адам жаратылышты коргой албаса, жаратылыш адамды коргой албайт», – деп айткан.

Ата-бабадан айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоо
тарбиясы берилген.
«Калган журтун, конгон журтундан таза болсун» деген.
Экологиялык баалуулук ата-бабадан калган мурас.
«Көйнөктүн кири жууса кетет, көңүлдүн кири
кантсе кетет».

Ой – акылдын, мамиленин чын ыкластуулугу, туура ак ниеттүүлүгү ар дайым кыргыз элинде биринчи орунда турган белги.

Ар бир иште ыймандуулук, жаратылышты коргоо, адамдын абийири. Элибизде: «Булактын суусун булгаба, булактын көзүн ачып кой, булак ыйык», – деп айтылат.

Элибизде: «Билгендерге Кожожаш мерген менен Карагул ботом чоң сабак», – деп бекеринен калбаган.

«Эчкисин аттым эгизден, серкесин аттым сегизден.
Жолукканын жөн атпай, жонун бастым семизден.
Кайберенге кастыгып, кастарым тигип не аттым?
Каргышы ката болбогон, каралдым жалгыз сени аттым», – деп ырдалган Карагул ботомдо. Бардык иште каниеттүүлүк, ысаптуулук керек экенин унутпагыла. Элибизде жуманын ар бир күнүндө да эң чоң ыймандык, адептик тарбия камтылган.

**Уламыш** – Кудай адамды жаратып, жасап бүткөндөн кийин кичине топурак калат. Адам: «Мен муну эмне кылам?», – деп Кудайдан сураганда: «Бул сенин тагдырың. Өз

колуң менен жасап ал» деген экен. Демек, бардык социалдык, экономикалык шартты түзүү, жакшы жашаш өзүбүздүн колубузда.

**Экологиялык билим берүү кандай? Билип койгула.**

Биздин эң негизги жетишкендигибиз – экологиялык билим берүү максатында 10 жогорку окуу жайында экология кафедрасы ачылган. 2002-жылдан баштап Бишкектеги 80 мектепте, 10 орто мектеп-гимназиясында «Экологиялык билим берүү негизи» окутулат.

Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде экология боюнча окутуучуларды даярдоо курстардан окутуп, даярдап чыгарууда.

**Нуска сөздөн:**

Күн – ааламдын даремети,
Жер – ааламдын кереметі.
Өлбөс өмүр берекети,
Күндүн, Жердин аракети.

**? Суроолор жана тапшырма.**

1. Жашаган жериңдин экологиялык жагдайы кандай? Аны жакшыртууга кошкон салымың барбы?
2. Республикада жүрүп жаткан экологиялык конкурстарга катышып, өз ой-пикир, сунуштарыңды билдирип, ачылыштар жасаганга аракеттен.

## § 8. Мен өз айылымды кантип көрктөндүрөм?

***(Практикалык саат)***
***(Талкуу сабагы)***

Бул сабакта силер:

– Өз айылымды кантип көрктөндүрө алам? – деп план түзүүгө үйрөнөсүң.

– «Эртең кыямат-кайым болот десе да, бүгүн чырпык сайып кой» деген насыятты кандайча аткарабыз.

– Мектеп участкасына чыгып иштөө жөнүндө биле аласыңар.

**Билдирүү:**

**Мектепти жашылдандырып көрктөндүрөбүз:**

№ 68 мектеп-гимназиясы жаңыдан ачылган мезгилден баштап, окуучулардын, мугалимдердин күчү менен мектептин айланасына кара топурак төгүлүп, ар кандай көчөттөр отургузулуп, гүлдөр тигилген. Өзгөчө мектеп оранжереясына отургузулган гүлдөрдүн, жемиштердин түрлөрүнүн көптүгү.

Бүгүн ошол көчөттөр бой тиреп, өсүп, жашыл паркка айланып, мектептин көркүнө көрк кошуп ыргалышат. Мектепте гүл өстүрүүчүлөр ийрими иштейт. Баарынан дагы оранжереяда көп жылдык гүлдөрдүн асман тиреп турганы керемет. Кызыл, жашыл, ар кандай өңдө гүлдөшү, күзүндө кара өрүк, алчалардын мөлтүрөп бышып, лимондордун мөмө берип турушу, балдардын айлана-чөйрөнү жашылдандыруу маселесине жакшы көңүл бургандыгынын далили демекчимин. Мындай ийгиликте № 68 мектеп-гимназиясынын гүл өстүрүүчү ийриминин мүчөлөрүнүн, бүгүнкү жетекчиси Азиза эженин эмгеги зор.

## МЕКЕН – МЕН ЖАШАГАН ҮЙДӨН БАШТАЛАТ

Менин көз карашым боюнча мекен – мен жашаган үйдөн, көчөдөн, мектебимден, шаарымдан, айылымдан башталат. Мен өз күчүмдү, мүмкүнчүлүгүмдү элимдин жыргалчылыгы үчүн арнагым келет. Мен жасап жаткан иштер аз да болсо мекениме кошкон салымым деп ойлойм. Жаз башталганда эле кошуна кыздар, балдар «эң кооз, таза, үлгүлүү үй» деген конкурс уюштурганбыз. Кыркылган теректердин ордуна жаңы көчөттөрдү тиктик, гүлдөрдүн жаңы сортторун отургуздук. Күнүнө үйдүн короосун, тегерегин шыпырып, тазалап турабыз. Биздин кошуна кыздардын, балдардын максаты – таза, маданияттуу жашоо.

*(7 «а» кл. Калмурат уулу Тилек)*

## «АЛАРЧА»

Жыл сайын жаратылыш Аларча паркында жазгы-жайкы мезгилге карата туристтик маршруттарды, рекреациялык участкаларды, павильондорду жана аттракциондорду

даярдоо иштери жүргүзүлөт. Паркка келип эс алуучулардын саны жыл санап өсүүдө. Кыргыз мамлекеттик Аларча жаратылыш паркы ишкердик чөйрөдөгү жогорку сапаты үчүн Эл аралык фонддун алтын медалына татыктуу болгон.

**Талда, салыштыр, жыйынтык чыгар:**

1. Жашылдандыруу маселесин жолго коюу үчүн окуучулар арасында кандай ийримдер уюштурулат?

2. Силер ошондой ийримдердин мүчөсүсүнөрбү? Бул ийримди уюштуруу үчүн мектепте кайсы кесиптин ээси болгон окутуучу жетектеш керек деп ойлойсунар?

3. Силердин мектебиңерде жашылдандыруу боюнча иш кандай уюштурулган?

4. Өз көчөңдү, айылыңды, мектебиңди жашылдандыруу, көрктөндүрүүдө кошкон салымың барбы?

**Тапшырма:**

Жаратылыштагы бардык жандуу-жансыздарды коргойлу деген темада карта, схема сызып, дилбаяндар жазгыла.

## § 9. «Табият менен таттуу мамиледе болуу»

**Бул темада:**

– «Табият менен таттуу мамиледе болуу» осуятын элибизде кандай ишке ашырып жатканыбыз жөнүндө.

– Келечек үчүн өзүңөрдүн максатыңарды белгилөө, аны ишке ашыруу чарасын көрүү жөнүндө биле аласыңар.

**Эстегилечи:**

– Ата-бабалардан мурас болуп келе жаткан жаратылыштын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү нуска, насыяттардан билесиңерби?

– Бүгүнкү күндө бул осуяттын орду кандай?

– Осуят, парзды аткарууда силер кандай салым кошуп жатасыңар?

**Билдирүү:**

«Төбөсү бийик көк урсун
Төшү түктүү жер урсун!»

*(«Манастан»)*

Адам баласы бала өстүрүп, тарбиялаган сыяктуу, бак тигип өстүрүү парз, ар бир адам өзү жашаган айлана-чөйрөнү жакшыртышы, жашылдандырышы керек.

Элибизде «жакшыдан бак калат», «эртең кыямат кайым болсо да, бүгүн бир түп бутак сайып кой»,– деген насыяттар жашап жана ишке ашырылып келет.

Ар бир адам өзү жашаган айлана-чөйрөнү жакшыртуусу, жашылдандыруусу керек. Мен өз айылымды, көчөмдү, короо-жайымды, үйүмдүн тегерегин кантип көрктөндүрө алам? – деген суроону чечсем, жашоодо кошкон чоң салымым болот.

## ЖАШЫЛ САНИТАР

Бак-дарактар жапжашыл, заңкайган шагы менен адамды суктандырып, абаны тазалоого жардам берет. Жалбырактар абаны тазалоо менен чаңды тосуп калат.

Бак-дарактар атмосфераны булгануудан сактоочу ишенимдүү коргогуч болуп кызмат аткарат.

Терек – эң мыкты санитар, абаны көмүр кычкыл газынан, чаң менен ыштан тазалоодо бак-дарактардын ичинен биринчи орунду ээлейт.

Ал абаны эң жакшы тазартат. Ар бир эле дарак көзгө көрүнбөгөн фонтан сымал ысыкта жалбырактары сууну өтө көп санда – суткасына бир нече чака буулантып чыгарат, алар адамдын ден соолугуна пайдалуу жана өзүндөгү жыттуу эфир майлары аркылуу абаны озондоштурат.

Ошентип, бак-дарактар, өсүмдүктөр адамдарды бир топ кубанычка бөлөйт.

Куйкалаган күндүн ысыгында көлөкөлүү көчөлөрдө (жайларда) бассаң, эс алып жыргай түшөсүң. Бак-дарактарды жердин өпкөсү десек болот. Алар канчалык көп болсо, аба ошончолук таза болуп, адам жеңил, жакшы дем алат.

Анда эмесе айлана-чөйрөбүздү, өз айылыбызды, шаарларыбызды бак-дарактар менен көрктөндүрөлү, аларды коргойлу жана сактайлы.

## ЭСИМДЕ ЭСКИ КӨЧӨЛӨР

Эсимде, жаңы эле элет жеринен келген секелек кызга мекенибиздин борбору Фрунзе шаары бир укмуш дүйнө көрүнгөн. Фрунзенин көчөлөрү кенен, жолдун бети муз тепчүдөй жылма, түз көрүнчү эле. Шаар жашылга бөлөнүп

турчу. Кечкисин Фрунзенин көчөлөрүндө, аллеяларында баскым келчү, анткени жолдун жээгинде атайын кыркылган кара жыгач жайы-кышы менен жолдун көркүн чыгарып турчу. Ал эми Дзержинский, Жаш гвардия бульвары, парктары кызыл-тазыл түркүн гүлдөргө бөлөнүп, шаардын тазалыгы, тыкандыгы көркүнө көрк кошуп, ажайып атыр жытланып, аңкып турчу эле.

Шаардын ичин качан тазалап коёт деп таң калчумун. Көрсө, эл тура электе эле жолдорду жуучу машиналар жууп, аллея, тротуарды тазалап коюшчу экен. Анан калса дегеле шаардын андагы жашоочулары маданияттуу беле, айтор көчөдөн семичке чакканын же балмуздак жеп, кагаздарын ыргытып, же көчөдөн бирөөнүн чылым чеккенин, жолго таштагандарын көрчү эмесмин. Анан калса жапа тырмак, кары-жашы дебей ишембиликке чыгып, шаарды тазалап, көчөттөрдү отургузуп, ар бир мекеме, окуу жайлары тегеректерин тазалап коюшчу.

Мурунку Фрунзе шаары (азыркы Бишкек шаары) таанылгыс болуп өзгөрдү. Көчөлөрдөгү аллея, тротуардагы бактарды алып салып, анын ордуна сатуучу жайлар көбөйдү. Азыр кашкайып карап туруп, уялбастан чылым чегип, ыплас сөздөр менен сүйлөшүп, отургучка жөн отурбастан ар кандай сөздөрдү жазып чиймелеп, парктын ичиндеги, аянтдамадагы отургучтарды сындырып, жакшынакай кебетесин кетирип жатышат. Демек аларды көрүп көңүлүң ооруйт. Буларды жөнгө салуу үчүн улуу-кичүү, бардыгыбыз камкордук көрөлү.

## БОРБОРДУН «ЖАШЫЛ ШААР» АТЫН ӨЧҮРБӨЙЛҮ!

Элибиз эгемендүүлүккө жеткени көп жаңылыктар, өзгөчөлүктөр болуп, базар экономикасынын шартында жашоого үйрөнө баштадык. Жашыл дарактуу шаарыбызда 2–3 кабаттуу бышкан кыштан салынган, бийик дубалдан үйлөр көбөйдү. Алар адамдардын жакшы, жетиштүү турмушунан кабар берет. Бирок шаарыбызда көп жылдан бери өсүп жетилген арча, бак-дарактарды жулуп, кесип, скверлерди талкалап бузбай, бош жерлерге салса эң жакшы болор беле? Шаарыбыздын борбордук чоң көчөлөрүндө пайда болуп жаткан дүкөн, кафе, бизнес клубдар үчүн кошумча куру-

луштар, тротуарлар ортосундагы жашыл газондордун ордун ээлөөдө. Шаарыбызды көрктөндүрүп, «Жашыл шаар» атын өчүрбөй сактап калууга чара көрөлү.

**Сенин милдетиң:**

Илим-билимге каныгып, жеримдин байлыгын өздөштүрүү менин милдетим.

«Колдо бар алтындын баркы жок» – деп, кыргыз элинде айтылгандай, өлкөбүздүн жаратылышы абдан кооз. Бирок жылдан-жылга жаратылыш жабыркап жатат, ал эми тоолордогу ачыла элек кендерчи, тоодон-тоого урунуп аккан көк кашка сууларчы, ак калпактуу тоолорчу, анын арасындагы миң түркүн гүлдөр, кубулжуган куштар, керилген маралдар, аркарлар, дагы канча табияттын ачыла элек сырлары, табышмактуу көрүнүштөрү көргөндүн көз жоосун алат. Ошондуктан чет мамлекеттен келгендер дем алып, таза абага каныгып, бейиштин төрүндөй көрүшөт. Аба ырайынын кескин өзгөрүшү, күндүн өтө катуу ысышы миң жылдык тоңдорду эритип, натыйжада суу ташкындары пайда болуп, айрым айылдардын айыл чарбасына зыян келтирүүдө. «Жаратылыш менен таттуу мамиледе бололу», – деп улуу Манас атабыз айткандай, биздин да ойлоно турган мезгилибиз келип жетти. Мына быйыл мен 7-класста окуп жатам. Жеримдин байлыгын өздөштүрүү менин милдетимдин бири деп ойлойм. Аз да болсо өз салымымды кошом деген үмүттөмүн. Өзүмдүн жолдошторума айтаарым: бейиштин төрүндөй болгон куттуу жерибиздин байлыктарын сактайлы, жашылдандыралы демекчимин.

*Бишкек шаары, №68 гимназия-мектебинин*
*7«а» классынын окуучусу Калыбек кызы Асел*

**Менин сунушум:**

Ар бирибиз мураскер, намыскөй, мекенчил болуп, ата-бабанын бизге калтырган, жеткирген маданий бай, руханий, материалдык дөөлөттөрүн жана технолгиялык табылгаларын сактоочу, өстүрүп өнүктүрүүчү бололу демекчимин.

*Жалпы окуучулардын атынан Асел*

## Табышмактардын жооптору

*II глава*

I. 1. Оймочу
2. Саймачы
3. Чырмакчы
4. Калпак

II. 1. Зергер
2. Үзөңгү
3. Ат
4. Аттын туягы

III. 1. Туз
2. Жумуртка
3. Пияз

IV. 1. Бүркүт
2. Калп
3. Жаан, жер, өсүмдүк
4. Сабаа

*IV глава*

I. 1. Суу
2. Булак

II. 1. Карагат
2. Балаты
3. Чий
4. Коон
5. Мажрүм тал
6. Каркыра

III. 1. Карагай
2. Көгүчкөн
3. Түлкү
4. Ак куу
5. Сагызган
6. Ташбака

IV. 1. Дениз
2. Асман, Жер
3. Жылдыз
4. Шамал
5. Асман, жылдыз, Ай
6. Аба
7. Күн нуру
8. От


*Окуу китеби*

Назаралиева Шапы Жумаевна

АДЕП

мектептердин 7-классы үчүн окуу китеби

редактору *М. Аманов,*
корректору *Д. Ороскожоева,*
техн. редактору *В. Крутякова,*
сүрөт редактору *И. Васильев,*
компьютердик калыпка салган *Ж. Керимбаева*

Терүүгө 27.12.08. берилди. Басууга 15.03.10. кол коюлду.
Офсет кагазы №1. Форматы 60x84 1/16. «Мектеп» арибы.
Көлөмү 8,0 физ. басма табак.
Нускасы 69 000. Заказ № К 0906025.

«Инсанат» полиграфиялык-басма борбору
Бишкек ш., Н.Исанов көчөсү, 87

«Continent Print» ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1
тел.: (0312) 65 55 56
e-mail: postmaster@continent.kg